**Объекты и методы исследования.** В данном случае солнечная электрическая станция целесообразно, особенно в март-август месяцах года, когда солнечная инсоляция достигнуть своего максимума, что могут быть гарантированным источникам энергии. Для обеспечения автономную работу 1 жилища требуются солнечные батареи общей суммарной мощностью 3-8 кВт, в зависимости от потребляемой мощности домов. Монтаж солнечных панелей можно установить на южней части крыше домов или определенных удобных местах на территории жилых домов при условии, что угол наклона должна быть 30-60 градусов к горизонту (рис.1).

При монтаже необходимо учесть циркуляции воздуха, чтобы панели были охлаждены естественным образом. Кроме панелов необходимо для комплектации систему аккумуляторы и многофункциональные преобразователи.



Рис.1. Солнечные панели.

В данном случае уровень солнечной радиации повышает эффективности фотоэлектрической системы при котором основные составляющие этой систем являются модули. В солнечных установках необходимо знать коэффициент полезного действия фотоэлемента, потому что от основного составляющего элемента зависит величина коэффициент полезного действия. Например: коэффициент полезного действия фотоэлементы из монокристаллического кремния составляет до -17%, аналогично из поликристаллического кремния до -15% и из аморфного кремния до -9%. Для определения мощности солнечных установок необходимо определить количества модулей, емкости аккумуляторных батарей, мощности выбираемого инвертора и контроллера заряда-разряда аккумуляторных батарей.

**Результаты исследования.** Солнечная установка работает по принципу, что на солнечных панелях происходить генерирование электрического тока и соответственно при помощью контроллера получает заряд аккумуляторные батареи. Роль инвертора это преобразование постоянную низкую напряжению на переменную, т.е. на 220В и вся эта операция контролируется автоматически на панелях управления.

Таблица 1

Приведём примерное электропотребления и мощности бытовых потребителей 1 жилого дома.

| № | Наименование потребителя | P (Вт) | Кол-во. (шт.) | Часы работы ,ч | Суточная мощность (Вт/час) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Освещение | 20 | 5 | 5 | 500 |
| 2. | Телевизор | 300 | 1 | 2 | 600 |
| 3. | Холодильник | 250 | 1 | 10 | 2500 |
| 4. | Электрический утюг | 500 | 1 | 10мин | 50 |
| 5. | Компьютер | 200 | 1 | 1 | 200 |
| 6. | Электрочайник | 500 | 1 | 10мин | 50 |
| 7. | Электронасос | 500 | 1 | 30мин | 250 |
| 8. | Пылесос | 700 | 1 | 10мин | 120 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 9. | Другие прочие потребители. | 200 | 1 | 1 | 200 |
| | Всего в сутки: | | | | 4470 |

На основании из расчета суточных нагрузок потребителя нужно необходимо определить количество энергии необходимое для получения от аккумуляторной батареи. С учетом технических характеристик необходимо выбрать аккумуляторные батареи, чтобы было обеспечено электроснабжения данного жилого дома. Расчет ведется с ежесуточным потреблением электроэнергии 4470 Вт/ч. Емкость аккумуляторной батареи определяется по формуле:

$$Еаб = \frac{Э\Sigma * N}{П * Гр * Uп}$$

где, $Э\Sigma$ –суммарная суточная потребления электроэнергии, $N$ – количество дней, $П$-коэфф.учитываю.внутрен.потери, $Гр$-коэф.глуб.разряда, $Uп$-ном.напряжения АБ.

$$Еаб = \frac{4470 \cdot 1}{0,85 * 0,8 * 12} = 547,8 \text{ А*ч}$$

Тогда количества аккумуляторов

$$N = \frac{547,8}{90} = 6 \text{ шт.}$$

Соответственно выбираем емкость литий-ионных АБ Е=90 А*ч в количестве 6 шт. После этого выбираем мощность и тип инвертора.

**Выводы:** Учитывая, что из всех источниками энергии самым чистым по экологическим вопросам является энергия солнца, изучен вопрос продолжительности солнечного сияния на поверхности земли в Кыргызстане. Произведён расчёт солнечной электростанции для электроснабжения 1 жилища.

**Литература:**


1.Безруких П.П. Возобновляемая энергетика: стратегии, ресурсы, технологии. [Текст] / Д. С. Стребков // М.: ГНУ ВИЭСХ, 2005. 264 с.

2. Попель О.С. Атлас ресурсов солнечной энергии на территории России. [Текст] / С. Е.Фрид, Ю. Г.Коломиец, С. В.Киселёва, Е. Н. Терехова // М.: ОИВТ РАН, 2010. 86 с.

3. Стребков Д.С. Концентраторы солнечного излучения. [Текст] / Э. В. Тверьянович // М.: ГНУ ВИЭСХ, 2007. С. 115-118.

4. Javier Diz-Bugarinl. Design and construction of a low cost offset parabolic solar concentrator for solar cooking in rural areas // ISES Solar World Congress 2011, 28 Aug. 2 Sept., Kassel, Germany

5. Обозов А.Дж. Преобразование солнечной энергии. [Текст] / А. А. Тагайматова // Бишкек, 2007.


---

УДК 697.94


Мойдунов Тайрь Толонович, т.и.д., профессор,
ORCID 0009-0007-3312-6354
Шарапов Кубанычбек, магистрант,
Ош технологиялык университети
E-mail: tayr.moydunov@mail.ru


## ОБЪЕКТИЛЕРДИ АРАЛЫКТАН БАШКАРУУ ҮЧҮН GSM КОНТРОЛЛЕР


*Макалада изилдөөнүн объектиси болуп электромагниттик же электромеханикалык кулпуларды ачуу жана жабуу, гараждын автоматтык эшигин же тосмолоду башкаруу сыяктуу жөнөкөй кыймылдаткычтарды аралыктан башкарууну жүзөгө ашырган GSM контроллеринин функцияларын көбөйтүү болуп*

*саналат.*

*Негизги сөздөр: АТMega 8 контроллер, тактылык генератор, GSM модем, блок питания модема, SIM карта, GSM диапазонундагы антенна.*

Мойдунов Тайрь Толонович, д.т.н., профессор,
Шарапов Кубанычбек, магистрант,
Ошский технологический университет

## GSM-КОНТРОЛЛЕР ДЛЯ ДИСТАНЦИОННОГО УПРАВЛЕНИЯ ОБЪЕКТАМИ

*Объектом исследования в статье является расширение функциональных возможностей GSM-контроллера, осуществляющего дистанционное управление простыми исполнительными устройствами, такими как открытие и закрытие электромагнитных или электромеханических замков, управление автоматическими гаражными воротами или шлагбаумом.*

*Ключевые слова: контроллер АТMega 8, тактовый генератор, GSM-модем, блок питания модема, SIM-карта, антенна диапазона GSM.*

Moidunov Tayr Tolonovich,
doctor of technical sciences, professor,
Sharapov Kubanychbek, Master's student,
Osh Technological University

## GSM CONTROLLER FOR REMOTE CONTROL OF OBJECTS

*The object of the study in the article is to increase the functions of the GSM controller, which performs remote control of simple actuators, such as opening and closing electromagnetic or electromechanical locks, controlling an automatic garage door or barrier.*

*Key words: ATMega 8 controller, clock generator, GSM modem, modem power supply, SIM card, GSM range antenna.*

**Киришүү.** Технологиянын өнүгүү мейкининде адамдардын жашоо тиричилигин жөнөкөйлөтүү, аларды ойдогудай жасоого убакыт келгендигин, баары эле түшүнүшүп, ошого жетүүгө аракеттенишүүдө. Түрдүү объектилерге эшигин ачып кирүү үчүн, ар кандай жолдор менен, алардын иштөө алгоритмин өзүбүз каалагандай кылып ишке ашырууга болот. Макаланын негизги манызы ар кандай объектилерге кирүү *түзүлүшүштөрүнүн структуралык схемаларын иштеп чыгуу маселеси каралган.*

*Актуалдуулугу.* Механикалык кулпусу бар эшик же кароолчу механикалык турникет кирүүнү башкаруунун эң жөнөкөй системалары болуп саналат, бирок ар бир эшикке кароол коюу мүмкүн эмес. Бул жерде, биринчи кезекте, жайларга жана корголуучу аймактарга уруксат берилген кирүүнү камсыз кылуу үчүн иштелип чыккан кирүүнү башкаруу системалары жардамга келет. Каалаган башкаруу системасы автоматтык түрдө, колдонуучунун идентификаторунун негизинде болжолдонгондорго уруксат берүү жана тыюу салынгандарга жол бербөө үчүн иштелип чыккан. Бул системанын функцияларын көбөйтүү дагы эле *актуалдуу* маселе экендиги талашсыз.

*Изилдөөнүн максаты* - GSM-контроллер *түзүлүшүн* колдонуу менен кирүү *түзүлүштөрдү* жаратуу.

**Изилдөөнүн материалдары жана ыкмалары.** Салыштырмалуу талдоо үчүн

объектилерге кирүү системаларын өнүктүрүү боюнча материалдар изилденген. GSM контроллерди колдонуу менен объектилерди аралыктан башкаруу үчүн *салыштыруу, эксперимент,* өлчөө ыкмалары колдонулган.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Түзүлүштүн структуралык схемасын иштеп чыгуу. Кандайдыр бир ишканаларга, завод-фабрикаларга, окуу жайларга кирүүгө, баардык адамдарга боло бербейт. Анткени кирүү белгилүү бир тобу үчүн гана чектелиши керек. Мындай объекттер: кайтарууга алынган аймактар, белгилүү жайлар, гараждык кооперативдер же жеке менчик объектилер болушу мүмкүн. Түрдүү системаларда кирүү маселеси, ар кандай түзүлөштөгү каражаттарды колдонуу менен уюштурулат. Мындай түзүлөштөргө пластикалык карталар, магниттик ачкычтар, дистанттык башкарылуучу пульттар ж.б.у.с. болушу мүмкүн. Ойлонуп иш жүзүнө аырылган системада кирүү каражаты болуп, кадимки эле уюлдук телефон болуп саналат. Технологинын өнүккөн азыркы учурда, ар бир адамдын уюлдук телефонду колдонуусуна шек жок, ошондуктан телефонду кошумча иштерге колдонуу мүмкүнчүлүгү психологиялык жактан жагымдуу жана экономикалык жактан негиздүү экендиги талашсыз.

Изделүүчү система аппараттык-программалык комплекс болуп саналат. Аппараттык бөлүк - бул каалаган уюлдук оператордун SIM картасы орнотулган контроллер түзүлүшү болуп саналат. Ал эми системанын программалык бөлүгү колдонуучуларды кошуу/алып салуу, ошондой эле релелик иштөө режиминин өзгөртүү функцияларын аткарат [1].

Берилген объектиге кирүүгө мүмкүнчүлүгү бар колдонуучулардын номерлери, телефондун эс тутум блогунда, ошондой эле системаны тейлөөчү техниктин номери да сакталган. Мастердин телефонунан, эгерде бул үчүн компьютерди туташтыруу мүмкүнчүлгү болбосо, колдонуучуларды SMS аркылуу аралыктан кошуп, же болбосо өчүрүп койуга болот. Күтүү режиминде иштеп жатканда МК дайыма GSM модемине кирген чалууларды же SMSти сурайт. Чалууга келгенде микроконтроллер чалуучунун номерин аныктап, же болбосо бул номерди EEPROM маалымат базасынын ичинен издейт. Эгерде базада мындай номер бар болгон болсо, анда система кыймылдаткычтын башкаруу блогуна авторизациялоо сигналын жөнөтүү менен чалуучуга объектке кирүү мүмкүнчүлүгүн берет. Ошол эле учурда, системада өтүү мезгилинин узактыгы үчүн көрсөткүч бирдигинде жашыл LED диоддук лампасын күйгүзөт. Болбосо чалууга көңүл бурулбайт [2].

Изилденүүчү *түзүлүштүн* функционалдык схемасын тетиктери. GSM кирүү контроллери ATMega 8 микроконтроллерине негизделген, ал төмөнкү мүнөздөмөлөргө ээ:

- 8 КБ тутумдагы өз алдынча программалануучу флэш эстутум;
- 1000 өчүрүү/жазуу циклин камсыз кылат;
- Окуу-жазуу режими каралган;
- 512 байт EEPROM;
- 100 000 өчүрүү/жазуу циклин камсыз кылат;
- 1 Кбайт өзүнө орнотулган SRAM.

1-сүрөттө көрсөтүлгөн бул - GSM кирүү контроллеринин структуралык схемасы.

ATMega 8 микроконтроллери 2-сүрөттө көрсөтүлгөн.




1-сүрөт. GSM кирүү контроллеринин структуралык схемасы

Микроконтроллердин PD6 линиясы жүктү башкаруу үчүн колдонулат, бул линия чыарууга багытталган линия, ал амалды аткаруу үчүн DDRD регистрине тиешелүү болгон "1" битин орнотуу керек. Чыгуучу релени жандыруу үчүн жогорку деңгээлге туура келген порттун линиясына дал келген «log1» тиешелүү чыналууну берсе, транзистор ачылып, катушканын релесине чыңалуу берилип итей баштайт. Чыгуучу релени өчүрүү үчүн, тиешелүү порт линиясына "log0" чыналуусун жөнөтүү керек. Реле - аткаруучу түзүлүштүн күчтүү чынжыры менен микроконтроллердин (ток жана чыңалуу) деңгээлдерин салыштыруу үчүн колдонулат жана ошондой эле гальваникалык изоляциялоо үчүн кызмат кылат.




2-сүрөт – ATMega 8 микроконтроллери.

GSM модемдин аткарган кызматы, уюлдук тармак аркылуу байланышып, SMS билдирүүлөрдү берүү үчүн иштелип чыккан, ал UART микроконтроллердин TXD (өткөрүү) жана RXD (кабыл алуу) линияларына туташтырылган [3].

PB1 порт линиясы GSM модулунун ишке киришин көзөмөлдөйт. Модуль кеминде 1 сек терс импульс менен башталат.

Импульсту берүү үчүн өндүрүүчүнүн сунуш кылган схемасы колдонулат.[4].

Стандарттуу SIM карта идентификациялоо жана уюлдук тармакка туташуу үчүн иштелип чыккан, каалаган GSM уюлдук операторун колдонсо болот.

RS-232 драйвери деңгээлдерди өзгөртүү үчүн жана RS-232 интерфейсине дал келтирүү үчүн колдонулат.

Ток булагы - схеманын бардык элементтерин электр ток булагы менен камсыздоо үчүн кызмат кылат.

Кварц резонатору – микроконтроллердин бардык ички процесстерин тактылоо үчүн колдонулат.

Микроконтроллердин программалоо туташтыргычы – микроконтроллердин FLASH эс тутумуна программаны тигүү үчүн кызмат кылат (микроконтроллерди түзүлүштөн чыгарбастан – система ичиндеги программалоо)[5].

**Тактылоо генератору.** Микропроцессорлорду тактылоо үчүн (2-сүрөттү караңыз), талап кылынган техникалык документтерге ылайык, 16 МГц жыштыктагы BQ1 кварц резонатору колдонулат, ага эки 15 пФ сыйымдуулуктаы конденсатор туташтыруу керек:




2- сүрөт. Кварц резонаторунун микроконтроллерге туташтыруу схемасы.

Кварц генератору үчүн BQ1 маркасын алабыз. Андыктан HC-49/SM-16 МГц тандайбыз. C6, C7 1206-50V-15pF.

*GSM модемин туташтыруу.* Иштелип, түзүлүштө уюлдук оператор менен өз ара иштеше алган GSM модем түзүлүшүн колдонобуз. Алар маалыматтарды контроллерден телефонго жана телефондон контроллерге бере алышат

Үч тилкелүү GSM/GPRS модулдары SIM300 (SIM300C) GPRS каналы аркылуу жогорку ылдамдыктагы маалыматтарды берүү менен байланышкан тиркемелерде иштөө үчүн иштелип чыккан: алыстан башкаруу жана мониторинг системаларында кыска үн, (SMS) жана факс билдирүүлөрүн берүү үчүн, өлчөө системаларында жана телеметрияда, коопсуздук жана кабарлоо системаларында колдонулат. GSM модулунун туташтырылуучу схемасы 3-сүрөттө көрсөтүлгөн.




3-сүрөт. SIM300 GSM модулунун колдонулган туташтырылуучу схемасы

**Корутунду.** Бул макалада ATMega 8 микроконтроллерин пайдалануу менен ар кандай объектке аралыктан башкаруу системалары үчүн GSM контроллерин куруугa байланышкан маселелер каралды. Азыркы маалымат тенологиялар өнүккөн мезгилде, ар кандай кирүү системалары анализденип, алардын артыкчылыктары жана кемчиликтери берилген. Структуралык, функционалдык жана негизги схемалар иштелип чыккан. Элементтик базаны тандоо жана эсептөөлөр жүргүзүлгөн. Тандалган микроконтроллерди программалоо үчүн иштөө алгоритми иштелип чыгып, башкаруу программасы жазылган.

**Адабияттар:**

1. Валов А. В. Микропроцессоры и их применение в системах управления: [Текст] / А.В. Валов // Учебное пособие/ – Челябинск: Изд-ий центр ЮУрГУ,2012 –Ч.2 – 81 с.
2. GSM контроллер CCU825 [Электронный ресурс]. Режим доступа: http://www.dozorsb.ru/Products/dirid_44/tek_5988/ свободный. Дата обращения 04.03.24.
3. Контроллеры "Lite-1000/2000", [Электронный ресурс]. Режим доступа: http://www.esguard.spb.ru/index.php?id=86&option=com_content&view=article, свободный. Дата обращения 04.03.24.
4. Руководство по работе с GSM/GPRS модемом SIM300 [Электронный ресурс]. Режим доступа: jelezka.ucoz.ru›SIM300_AN_V1.2RUS.pdf, свободный. Дата обращения 06.03.24.
5. Moidunov T. T. Construction of a television broadcasting network in the DVB-T2 standard and calculation of costs for its modernisation in Naryn region of the Kyrgyz Republic. [Text] / A. A. Sarimsako, M. P. Tokoev, I. Ormonova // Scopus: Journal of the Balkan tribological association, Trakya univ Balkan yerlesesi enstituler binasi, Trakya universitesi rektorlugu balkanyerleskesi, 22030. Content of issue 6, Volume 29, -2023. - с. 1118-1142

УДК 621.31

Андаева Замира Туратовна, к.т.н., доцент,
ORCID 0000-0003-1497-8141,
Абдразакова Сырга Бекиевна, окутуучу,
SPIN-код: 5083-4212, AuthorID: 1282407
Орозов Усон Каланбекович, магистрант,
Ошский технологический университет
E-mail: zandaeva77@mail.ru

# МЕРОПРИЯТИЯ ПО СНИЖЕНИЮ ПОТЕРЬ ЭЛЕКТРОЭНЕРГИИ И ОЦЕНКА ИХ ЭФФЕКТИВНОСТИ

*В статье рассмотрены основные мероприятия по снижению потерь электроэнергии в электрических сетях и на промышленных предприятиях. Приведены методы оценки эффективности данных мероприятий. Рассматриваются как технические, так и организационные способы минимизации потерь. На основе анализа данных предлагаются рекомендации по повышению энергетической эффективности.*

*Ключевые слова: потери электроэнергии, энергоэффективность, электрические сети, снижение потерь, оценка эффективности.*

Андаева Замира Туратовна, т.и.к., доцент,
Абдыразакова Сырга Бекиевна, окутуучу,
Орозов Үсөн Каланбекович, магистрант,
Ош технологиялык университети

# ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫНЫН ЖОГОТУУЛАРЫН АЗАЙТУУ БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАР ЖАНА АЛАРДЫН НАТЫЙЖАЛУУЛУГУН БААЛОО

*Макалада электр тармактарында жана өнөр жай ишканаларында электр энергиясынын жоготууларын азайтуу боюнча негизги чаралар талкууланат. Бул иш-чаралардын натыйжалуулугун баалоо ыкмалары келтирилген. Коромжуларды азайтуунун техникалык жана уюштуруу ыкмалары да каралат. Маалыматтарды талдоонун негизинде энергиянын натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча сунуштар сунушталат.*

*Негизги сөздөр: электр энергиясын жоготуулар, энергиянын натыйжалуулугу, электр тармактары, жоготууларды азайтуу, эффективдүүлүктү баалоо.*

Andaeva Zamira Turatovna,
Candidate of technical sciences, associate professor,
Abdyrazakova Syrga Bekievna, lecturer,
Orozov Uson Kalanbekovich, graduate student,
Osh Technological University

# MEASURES TO REDUCE POWER LOSSES AND EVALUATION OF THEIR EFFICIENCY

*The article considers the main measures to reduce electricity losses in power grids and at industrial enterprises. The methods of estimating the efficiency of these measures are*

*given. Both technical and organizational ways of losses minimization are considered. On the basis of data analysis, recommendations for improving energy efficiency are offered.*

*Key words: electricity losses, energy efficiency, electrical networks, loss reduction, efficiency assessment.*

**Введение.** В современных реалиях энергетической области вопросы энергосбережения и повышения энергоэффективности становятся особенно актуальными, в связи с тем, что высокие показатели потерь электроэнергии в электрических сетях ведут к росту ее себестоимости и снижению прибыльности энергоснабжающих компаний. Применение эффективных технологий для снижения этих затрат способствует повышению экономической эффективности работы электросетевых комплексов и промышленных предприятий, а также обеспечивает снижение нагрузки на энергосистему в целом[1,2].

Электроэнергетика является фундаментальной экономической основой развития любого государства, включающей в себя работу промышленных предприятий, транспортной системы и жилищного сектора. Однако, на различных этапах транспортировки и потребления выработанной электроэнергии, существенная доля ее приходится на потери, которые, согласно данным электроэнергетических компаний, только в распределительных сетях в среднем составляют от 8 до 15%, а в отдельных случаях могут значительно превышать эти значения [2,3].

Потери выработанной электроэнергии можно условно разделить на две основные группы:[4,5].

- технические, обусловленные физическими процессами, протекающими непосредственно в самих элементах энергосистемы (сопротивление проводников, потери в трансформаторах и электродвигателях);
- коммерческие, связанные с несанкционированным потреблением электроэнергии, погрешностями ее учета и ошибками в предварительных электротехнических расчетах.

Решение вопроса по максимальному снижению потерь электроэнергии в электрических сетях является ключевым направлением при решении проблемы повышения энергоэффективности, позволяющее энергетическим компаниям снизить затраты и уменьшить нагрузку на генерирующие мощности, что играет особенно важную роль в современных условиях резкого роста потребления электроэнергии.

Таблица 1.

Мероприятия по снижению электроэнергии

| № | Мероприятие | Ожидаемый эффект |
|---|---|---|
| 1. | Замена освещения на энергосберегающие | Снижение потребления на 30-80% |
| 2. | Использование альтернативных источников энергии | Снижение потребления из сети |
| 3. | Повышение энергоэффективности | Снижение расходов на отопление и конденционирование |
| 4. | Оптимизация нагрузки электросети | Снижение перегрузок за реактивную мощность |
| 5. | Использование энергоэффективного оборудования | Снижение потребления на 20-50% |

В связи с этим, возрастает роль современных технологий, таких как интеллектуальные системы учета и автоматизированные системы управления, дающие реальную возможность значительно снизить потери и повысить и обеспечить стабильность и надежность энергоснабжения в целом.

Цель данного исследования заключается в анализе существующих мероприятий, направленных на снижение потерь электроэнергии, а также в разработке методики по оценке их эффективности.

**Методы и материалы исследования.** В исследовании проведен анализ информации и данных, изложенных в научных публикациях, нормативных актах и отчетах электроэнергетических организаций и компаний. В данной работе исследованы основные методы снижения потерь, которые показаны на рисунке 1.




Рис. 1. Методы снижения потерьэлектроэнергии.

**Результаты исследования.** Анализ основных методов снижения потерь электроэнергии показал, что наиболее эффективно снизить потери электроэнергии позволяет комплексное использование следующих технических и организационных мероприятий.

1. Замена проводов воздушных линий электропередачи на провода с более низким сопротивлением уменьшает потери на 8–12%.
2. Применение автоматизированного управления электроснабжением и оптимизация распределения нагрузки сокращает потери на 5–7%
3. Замена старых и установка новых современных силовых трансформаторов с более низкими показателями потерь холостого хода снизила потери на 3–5%.
4. Контроль и предотвращение несанкционированного использования электроэнергии позволяют дополнительно сократить потери на 2-4%.

Реализация комплекса технических и организационных мероприятий позволило уменьшить потери электроэнергии на 15–25%.

**Выводы:**

1. Уменьшение потерь электроэнергии играет ключевую роль в повышении энергоэффективности энергопредприятий и электроэнергетических систем.
2. Наилучший результат по уменьшению потерь электроэнергии достигается при комплексном подходе, включающем как технические, так и организационные мероприятия.
3. Внедрение современных технологий, таких как автоматизированное управление энергопотреблением, обновление и замена устаревшего оборудования, обеспечивает значительное сокращение потерь электроэнергии.
4. Для достижения положительных результатов по сокращению потерь электроэнергии необходимо регулярно проводить их анализ и мониторинг.

**Литература:**

1. Ефремов В. В. «Энергосбережение» и «энергоэффективность»: уточнение понятий, система сбалансированных показателей «энергоэффективности» [Текст] / Г. З. Маркман // Известия Томского политехнического университета, 2007.
2. Ушаков В. Я. Энергосбережение и повышение энергетической эффективности: социально-экономические, организационные и правовые аспекты: учебное пособие / В.Я. Ушаков; Томский политехнический университет. [Текст] // – Томск: Изд-во Томского политехнического университета, 2011.
3. Андрижиевский А. А. Энергосбережение и энергетический менеджмент. [Текст] / В. И. Володин // - Мн.: Выш. шк., 2005.
4. Воротницкий В. Э. Снижение потерь электроэнергии в электрических сетях / Динамика, структура, методы анализа и мероприятия [Текст] / В. Э. Воротницкий, М. А. Калинкина, Е. В. Комкова, В. И. Пятигор. // Энергосбережение.-2005. № 2.
5. Железко Ю. С. Выбор мероприятий по снижению потерь электроэнергии в электрических сетях: / Руководство для практических расчетов [Текст] // Ю. С. Железко // - М.: Энергоатомиздат, 1989.
6. Андаева З. Т. Пути снижения технических потерь электроэнергии в распределительных сетях [Текст] / З. Т. Андаева // Известия ОшТУ. – Ош, 2018. – №1, Часть 2 https://elibrary.ru/item.asp?id=50784694

---

УДК 004.8

Эркинова Нурайым, магистрант,
Бакыт Шаршембаев, к.ф.н., доцент,
Исмаилова Рита, к.т.н., доцент,
Кыргыз-Түрк Манас университети
E-mail: 2351Y01002@manas.edu.kg

## CHATGPTНИ КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ ТЬЮРИНГ ТЕСТИНЕН ӨТКӨРҮҮ

*Бул изилдөөдө ChatGPTнин кыргыз тилинде Тьюринг тестинен өтүү жөндөмү бааланган. Адамдардын жарраоана жасалма интеллекттин жооптору салыштырылып, алардын айырмачылыктары жана окшоштуктары анализденди. Изилдөөнүн жыйынтыгында, катышуучулардын 56%ы ChatGPTнин жоопторун адамдык жооптордон айырмалай алышса, калган 44%ы аларды адамдын жооптору деп кабыл алышкан. Бул көрсөткүчтөр ChatGPT кээ бир учурларда адамга окшош жооп бере аларын көрсөткөнү менен, толук Тьюринг тестинен өтпөгөнүн далилдейт.Статистикалык анализдер ChatGPT фактылык жана когнитивдик суроолорго жакшыраак жооп бергенин, бирок психологиялык жана жеке каалоолорго байланыштуу суроолордо адамдык интуициядан айырмаланарын көрсөттү. Изилдөөнүн жыйынтыгы жасалма интеллектти кыргыз тилине ыңгайлаштыруу боюнча мындан аркы иштердин маанилүүлүгүн баса белгилейт.*

*Ачкыч сөздөр: Кыргыз тили, Тьюринг тести, ChatGPT, NLP, жасалма интеллект.*

Эркинова Нурайым, магистрант,
Бакыт Шаршембаев, ф.и.к., доцент,
Исмаилова Рита, т.и.к., доцент,
Кыргызко-Турецкий университет Манас

# ПРОВЕРКА CHATGPT НА ПРОХОЖДЕНИЕ ТЕСТА ТЬЮРИНГА НА КЫРГЫЗСКОМ ЯЗЫКЕ

*В данном исследовании оценивалась способность ChatGPT пройти тест Тьюринга на кыргызском языке путем сравнения ответов человека и искусственного интеллекта. Как показали результаты исследования, 56 % участников смогли отличить ответы ChatGPT от человеческих, а остальные 44 % восприняли их как ответы человека. Эти данные свидетельствуют о том, что, хотя ChatGPT иногда может генерировать ответы, схожие с человеческими, он не полностью соответствует критериям прохождения теста Тьюринга. Статистический анализ показал, что ChatGPT демонстрирует более высокую точность в фактических и когнитивных вопросах, но проявляет расхождение с человеческой интуицией в ответах на психологические вопросы и вопросы о личных предпочтениях. Результаты исследования подчеркивают важность дальнейшей адаптации искусственного интеллекта для кыргызского языка.*

*Ключевые слова: Кыргызский язык, тест Тьюринга, ChatGPT, NLP, Искусственный интеллект.*

Erkinova Nurayim, graduate student,
Bakyt Sharshebaev, candidate of philologycal sciences, associate professor,
Rita Ismailova, candidate of technical sciences, associate professor,
Kyrgyz-Turkish Manas University

# EVALUATING CHATGPT'S ABILITY TO PASS THE TURING TEST IN KYRGYZ LANGUAGE

*This study evaluated ChatGPT's capacity to pass the Turing test in the Kyrgyz language by comparing the responses of humans and artificial intelligence. As findings revealed, 56% of the participants could distinguish ChatGPT's responses from human responses, while the remaining 44% perceived them as human-like. These findings suggest that while ChatGPT can occasionally generate responses that bear a resemblance to human-like answers, it does not fully meet the criteria for passing the Turing test.Statistical analyses revealed that ChatGPT demonstrated higher performance in factual and cognitive questions but exhibited a divergence from human intuition in answering psychological and personal preference-related questions.The study's results underscore the necessity for further adaptation of artificial intelligence to the Kyrgyz language.*

*Key words : Kyrgyz language , Turing Test , ChatGPT, NLP, Artificial Intelligence .*

**Киришүү.** Акыркы жылдары жасалма интеллект (ЖИ) көптөгөн тармактарда чоң өзгөрүүлөрдү жаратууда [1]. Тагыраак айтканда, билим берүү [2], саламаттыкты сактоо [3] [4], транспорт жана экономика сыяктуу жааттарда ЖИ колдонулушу көбөйүүдө. Мисалы, жасалма интеллект билим берүү тармагында окуучуларга индивидуалдуу жардам көрсөтүп, билим берүү ыкмаларын жакшыртуу учун пайдаланылууда [5]. Ал эми саламаттыкты сактоо тармагында, ЖИ ооруларды алдын алуу жана диагноз коюу [6] процессинде колдонулуп, медициналык изилдөөлөрдү жүргүзүүдө да маанилүү ролду ээлөөдө. Бирок жасалма интеллекттин адамдардын жашоосуна терең аралашуусу жашообузду женилдетип гана калбастан, жаңы этикалык, укуктук жана социалдык маселелерди да пайда кылууда. Анткени жасалма интеллекттин суроолорго адамдай жооп жазышы “жасалма интеллекттин адам сыяктуу ойлоно алабы?” суроосуна

түртпөй койбойт. Мисал катары, күнүмдүк турмушубузда эн көп колдонгон ChatGPT тил моделин алсак, ал бир чат-бот катары, күн сайын берилген суроолорго адамдын жоопторуна аябай жакын жооп берген учуру да кездешпей койбойт. Ал эми жасалма интеллектти адамга окшоштугун текшерип баалоо үчүн көптөгөн тесттер бар. Мисалы, Льюис Карролл [7] жана Шеннон тесттери жасалма интеллекттин логикалык ойлонуусун жана тилдик өнүүгүшүн о.э ЖИнин чыгармачылыгын баало үчүн колдонулат. Ошондой эле жасалма интеллекттин башка жөндөмдөрүн да текшериш үчүн "Марты тестин" Роберт Франс сунуштаган [24]. Бул тест бир объекттин адам сыяктуу ойлонуп ойлонбосун текшерүү эмес, анын белгилүү бир жүрүм-туруму же жөндөмүн текшерет. Мисалы, машинанын учуу жөндөмдүүлүгү Марты тестинин негизинде ийгиликке жетсе, бул анын ой жүгүртүү же аң-сезимдүүлүккө ээ экендигин билдирбейт. Ал эми кенири колдонулган Тьюринг тести[---] болсо жасалма интеллекттин адам сыяктуу ойлонуу жөндөмдүүлүгүн текшерүүгө багытталса, Марты тести чектелген шарттын негизинде иш-аракеттерди гана баалап, жасалма интеллекттин ой жүгүртүүсүн же аң-сезимдүүлүгүн карабайт. Бирок көпчүлүк учурда, жасалма интеллекти тесттен өткөрүү учурунда, жыйынтыгы ал жасалган NLP [8] китепканаларынан да көз каранды болот. Тагыраак айтканда, маалымат көп таралган тилдерде жасалма интеллект жооп бериши женил жана адамга окшош жооп берүү жөндөмдүлүгү жогору болот. Ошол эле учурда башка маалымат аз болгон тилдерде болсо жасалма интеллекттин жооптору адамдын жоопторуна окшошпостон, "машинадай" жооп беришин да көрсөк болот. Мисалы, англис тилиндеги ЖИ системалары жалпыга маалым болгон жана кеңири колдонулган тил моделдери болгондуктан, берилген суроолорго ЖИнин жооптору адам жооп бергендей көрүнөт. Анткени англис тилинин лексика жана грамматикасынын негизинде ЖИ моделдери үчүн атайын тил моделдери түзүлгөн [9]. Жыйынтыгында, ЖИнин англис тилиндеги ЖИтин адамга окшоштук тестинен өткөн жыйынтыктары, анын адам сыяктуу ойлонуу жана жооп берүү жөндөмдүүлүгү жогорку деңгээлди көрсөтүүдө. Бирок, башка тилдерде, өзгөчө тилдеги грамматикалык структуралар жана морфологиялык өзгөчөлүктөрү англис тилинен айырмаланган тилдерде, ЖИнин жооптору көбүнчө адамдан бир топ айырмалуу жоопторду бериши мүмкүн [10]. Мындан тышкары, кээ бир тилдерде лексикасы аз жана сүйлөмдүн курулушунун чектелүү болушу да ЖИнин жоопторуна түздөн-түз терс таасирин тийгизет. Андан тышкары, ЖИ системалары адамдай жооп бере алышы үчүн ошол суроо берилген тилдин өзүнө тиешелүү өзгөчөлүктөрүн жакшы денгээлде түшүнүүсү керек. Ал эми кыргыз тилин карай турган болсок, бүгүнкү күнгө чейин кыргыз тилиндеги генеративдик ЖИ үчүн изилдөө жүргүзүлгөн эмес. Мындан келип чыгып, кыргыз тили үчүн ЖИ системаларын баалоодо жаңы изилдөөлөрдү жүргүзүү зарылдыгын көрсөтөт.

Бул изилдөөнүн негизги максатты - ChatGPT системасын кыргыз вариантынын адамга окшош жооп берүүсү текшерилген. Изилдөөдө Тьюринг тестинин негизги принциптерине ылайык тестирлөө жана кыргыз тилинде канчалык деңгээлде адам сыяктуу жооп берүү мүмкүнчүлүктөрүн жана чектөөлөрүн тереңирээк изилдөө. Бул изилдөөнүн жаңылыгы, бүгүнкү күнгө чейин изилдөөлөрдүн ичинен кыргыз тили боюнча жасалма интеллекти тестирлөө боюнча изилдөөлөр жок болгондуктан, ортого чыккан боштукту толтуруу да максатка алынды. Муну менен бир катар, тестирлөөдө ЖИнин жооптору менен адамдын жоопторун кандай түрдөгү суроолор боюнча айырмалоого болоорун изилдөө талабы да коюлду. Жыйынтыгында, кыргыз тилинде жасалма интеллекттин иштеши тууралуу жаңы маалыматтарды жана түшүнүктөрдү камсыз кылууга багытталды.

**Изилдөө материалдары.** 1950 -жылы Алан Тьюринг тарабынан жазылган *"Computing Machinery and Intelligence"* макаласынан тапсак болот [11]. Алан Тьюринг өзүнүн изилдөөсүндө "Тьюринг тестин" өткөрүүнү сунуштап, машинанын акыл-эсинин

баалоонун илимий негиздерин изилдеген. Тесттин жүрүшүндө 3 катышуучу болот: суроо берүүчү адам суроолорду берет, ошол суроолорго бир машина (компьютер) жана бир адам жооп беришет. Калыс жооптордун негизинде кимиси адам, кимиси машина экенин аныктоого аракет көрөт. Тьюрингдин пикиринде, эгерде машина суроолорго адамдан айырмаланбай тургандай жооп бере алса, анда машинаны "адамдай ойлоно алат" деп эсептейт [12]. Ал эми Джон Сёрлдун “Кытай бөлмөсү” [13] изилдөөсүндө бул ойго карама-каршы ойду колдойт. Эксперименттин жүрүшүндө кытай тилин билбеген адамды бир бөлмөгө киргизип ага сырттан кытай тилинде суроолор узатылат. Бөлмөнүн ичиндеги адам атайын конструкциянын жардамы менен суроолорго жооп берип турат. Бирок ал өзүнүн берген жоопторунун маанисин түшүнбөйт, болгону символдорду механикалык түрдө айкалыштырып кытай тилин билген адамдын элесин калтырат. Бул эксперимент менен Серл жасалма интеллекттин канчалык туура жооп беришине карабастан, ал өзүнүн жоопторун түшүнбөшү мүмкүн деп эсептейт [13]. Ошого карабастан, бүгүнкү күндө жасалма интеллекттин суроолорго адамдай жооп берүү жөндөмдүүлүгү тез өнүгүүдө. Мисал катары, күнүмдүк турмушубузда эн көп колдонгон ChatGPT тил моделин алсак болот. ChatGPT, бир чат-бот катары, күн сайын берилген суроолорго адамдын жоопторуна аябай жакын жооп берген учуру да кездешет. Бул өнүгүү чоң мүмкүнчүлүктөрдү түзүп гана калбастан, келечекте чон коркунучтарды алып келүүсү кооптондурбай койбойт. Мисалы, ChatGPT сыяктуу тил моделдери адаштыруучу маалыматтарды жаратуу менен адамдарга жалган маалыматтарды берүүсү да мүмкүн. Алынган маалыматтар коомдук пикирге терс таасир тийгизип, чындык менен жалгандын аралашып кетишине алып келиши толук ыктымал. Ошондуктан, мындай тил моделдер менен иштөөдө, алынган маалыматты сөзсүз анализдеп жана этикалык ченемдерди эске алуу менен көзөмөл механизмдерин сактоо керектелет. Бул изилдөөнүн максаты - ChatGPTни Тьюринг тестинин негизги принциптерин колдонуп тестен өткөрүү жана жоопторунун канчалык деңгээлде адам сыяктуу жооп берүү жөндөмдүлүгүн изилдөө жана жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрү менен чектөөлөрүн тереңирээк түшүнүү. Изилдөөнүн жүрүшүндө, алгач атайын суроолор даярдалып, бул суроолорго жооптор ChatGPTден жана адамдардан алынат. Андан кийин алынган жооптор көзкарандысыз үчүнчү тарапка сунушталып, жоопторудун кайсынысы ChatGPTден экенин аныктоо талабы коюлат. Бул ыкма ЖИнин адам сыяктуу ой жүгүртүү жана жооп берүү мүмкүнчүлүктөрүн тереңирээк баалоого көмөктөшөт. Ошондой эле, изилдөө жасалма интеллекттин мүмкүнчүлүктөрүн жана чектөөлөрүн түшүнүүдө маанилүү инструмент катары кызмат кылуусу максат кылынууда. [14]

***Тьюринг тесттин колдонулушу.*** Тьюринг тестинин алгачкы практикалык колдонулушу ELIZA [16] жана PARRY чат-боттор аркылуу башталган. Бул чат-боттор шаблондук негизде гана суроолорго жооп берип, тексттик баарлашуу өткөрө алышкан. Бирок, алар логикалык жана контексттик суроолорго жооп берүү учурунда чектүү түрдө гана иштешкен. Тьюринг тестинин популярдуу болуп кетишине “Лёбнер Сыйлыгы” сыяктуу сынактар да өз таасирин тийгизишип, жасалма интеллект системаларынын мүмкүнчүлүктөрүн баалоо үчүн шарт түзүшкөн. Тилекке каршы, чат боттор 2020-жылга чейин Тьюринг тестинен толук өтө алышкан эмес . Бүгүнкү күнгө чейинки жүргүзүлгөн изилдөөлөргө карасак, жасалма интеллекттик системаларынын өнүгүшүнүн аркасында, учурдагы чат боттор жогорку деңгээлде тексттик баарлашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп гана калбастан Тьюринг тесттинде жогорку жыйынтыктарды көргөзүүдө.

Ал эми бүгүнкү күндө ChatGPT сыяктуу заманбап тил моделдеринин аркасында жасалма интеллект адамга окшош жооп берүү деңгээлин бир топ өнүктүргөндүгүн көрсөттү [24]. Мисалы, акыркы өткөрүлгөн Тьюринг тесттинде GPT-4 версиясы адамга окшош жооп берүү жөндөмүнүн деңгээлин 54% деп көрсөтсө, GPT-3.5 - 40%, ал эми

ELIZA болгону 22% деңгээлин көрсөтүштү. Муну менен GPT-4 моделинин текст талдап, жооп берүү жөндөмүнүн жогору экендигин билдирет. Бирок, жасалма интеллекттин өнүгүшү менен бир катар этикалык маселелер да ортого чыгууда. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде, жасалма интеллект өнүккөн сайын, туура эмес маалыматтарды таратуу жана адаштыруу коркунучуна ээ экени да белгилүү. Ошол себептен да, алынган маалыматтарды кылдат анализдөө зарылчылыгы пайда болууда. Чанг жана Берген сыяктуу изилдөөчүлөр ЖИ моделдеринин натыйжалуулугун талкуулап, бул маселеге өзгөчө көңүл бурууну сунушташкан. Ошондой эле ChatGPTнин философиялык суроолорго жооп берүү жөндөмүн текшерүү үчүн Роберт Ханна тарабынан жүргүзгөн изилдөөгө кайрылсак, ал берилген бардык суроолорго так жана сылык жооп берип, өзүнүн жасалма интеллект экенин жана маалыматтардын негизинде гана жооп бере ала турганын ачыктаган. Бул эксперименттин жыйынтыгында ChatGPT Тьюринг тестинен өтө албастыгын көрсөткөн.

Өткөзүлгөн тарыхый изилдөөлөргө кайрылсак, 1989-жылы Марк Хамфрис тарабынан жүргүзүлгөн эксперимент жасалма интеллект тарыхындагы маанилүү учурлардын бири болуп калууда. Ал ELIZA чат ботко окшош өзүнүн чат боттун иштеп чыгып, ал чат боттун негезинде адамдар менен маектешүү өткөрөт. Ал чат бот маектешүү учурунда агрессия жана провокация кошулган сөздөрдү кошуп жооп бергендиктен, баарлашкан интернет колдонуучулар чат-ботту чыныгы адам менен маектешип жатам деп ойлошкон. Бул эксперимент жасалма интеллекттин жөндөмдөрүн изилдөөгө чон салымын кошо алган. Ал эми Тьюриг тестинен өткөрүү процессинде, адамдар кандай таасирлерден улам чатботторду адам катары кабыл ала турганын, “Адамдар Тьюринг тестинде кандай чечим чыгарышат?” изилдөөсүнөн тапсак болот . Бул изилдөөдө чат бот маектешүү учурунда грамматикалык каталар көп кетиргендиктен же контекстке жараша туура жооп бере алгандыктан жана суроолорго эмоция кошуп жооп беришинен улам чат ботту маектешүү учурундан адам катары кабыл кылышкан.Бул макаладагы суроолор менен башка макаланын суроолорун салыштырып көрсөк, маектешүү форматында берилген суроолор көпчүлүк учурда эмоционалдык суроолордон куралып, анын ичинен дагы когнитивдик, проективдик, жеке каалолорго деп да бөлүнүп кете турганын көрсөк болот. Ошондой эле башка изилдөөлөрдө суроолорду өз ара салыштырып, ChatGPTнин күчтүү жактарын жана алсыз жактарын өзүнчө бөлүп, изилденген эмес.

**Изилдөө ыкмалары.** Жалпы түзүлгөн суроолордун негизинде жасалма интеллекттин жооптору адамдын ой жүгүртүүсүнө канчалык жакын жана контекстке жараша реакциясын баалоо үчүн тандалды. Алынган жоопторду салыштыруу учурунда 3 суроо жараксыз деп табылып, жыйынтыгында 15 суроодон турган анкета түзүлдү:

1. Кайсы мышык түрүн жактырасыз?
2. Сиз жыландарды жакшы көрөсүзбү? Эмнеге?
3. Эгер сиз үй курсаңыз, үйүңүздүн кандай болушун каалайт элеңиз?
4. Азиз Санжарды билесизби?
5. Адам үчүн эң жакшы жаш курак кайсы?
6. Сиздин оюңузча, роботтор Wall-E тасмасындагыдай өз эрки менен адамзаттын каалоолору үчүн иштей алат деп ойлойсузбу?
7. Көз айнек тагууну тандайсызбы же линзаныбы?
8. Сиз тиш доктурга баруудан коркосузбу?
9. Сиз адамдарга жардам бергенди жакшы көрөсүзбү?
10. Компьютерлер жөнүндө эмне билесиз?
11. Сүйүктүү шоколадыңыз кайсы?
12. Адам кыялдарына жетүү үчүн эмне кылышы керек?
13. Алгоритм деген эмне?
14. Маанайыңыз жаман болгондо эмне кылганды жактырасыз?

15. Жасалма интеллект коркунучтуубу?

Бул изилдөөнүн негизги максаты ChatGPT нин жоопторун адамдын жоопторуна канчалык окшош экенин изилдөөгө негизделди. Изилдөөнүн жүрүшүндө, Тьюринг тесттинин негизги принциптерин колдонуп, тестирлөө анкета аркылуу жүргүзүлдү. Изилдөө 3 баскычтан турат.




1-сүрөт. Изилдөөнүн баскычтары.

*1-Этап: Тьюринг тестине даярдык.* Бул этапта Тьюринг тестин өткөрүү үчүн даярдыктар жүргүзүлүп, изилдөөнүн максаты жана ишке ашыруу процесси пландалды. Мунун негизинде, 18 суроо даярдалып, алгач ChatGPTге берилип, андан кийин 5 адамдан жооптор алынды. Анкетадагы суроолор ар түрдүү кесип ээлеринен алынгандыктан, 4 багытты өзүнө камтыды. Алгачкылардан психологиялык суроолорго токтолсок, бул түрдөгү суроолор жасалма интеллекттин адамдын эмоцияларын түшүнүп, ошондой эле эмоцияларды окшоштура алуу жөндөмүн текшерүүгө багытталды. Ал эми когнитивдик суроолор жасалма интеллекттин логикалык ой жүгүртө алуу жөндөмүн текшерүү үчүн колдонулду. Проективдик суроолор аркылуу социалдык баалуулуктарга жана моралдык ой жүгүртүү жөндөмүн изилдөө үчүн тандалып алынды. Жеке каалоолор суроолор аркылуу жасалма интеллекттин адамдын субъективдүү каалоолоруна жооп кайтара алуу мүмкүнчүлүгүн текшерүү максатында берилди.

*2-Этап: Сурамжылоо.* Тьюринг тесттин өткөрүү анкета форматында Google Forms аркылуу жүргүзүлдү. Анкетаны толтуруу үчүн тестирлөөгө жалпы 200 адам катышты. Катышуучулар кесиптик адистиктерине жараша эки топко бөлүндү: Биринчи топ - компьютердик инженерияда билим алган же IT тармагында иштеген катышуучулар - 110 адамды түзсө, экинчи топ -компьютердик инженерия менен

түздөн-түз байланышы жок - 90 адам катышты. Катышуучуларга берилген жооптордун ичинен ChatGPTнин жообун табуу тапшырмасы коюлду. Алынган жооптор Google Forms аркылуу Excel форматында чогултулуп, статистикалык анализ жүргүзүү үчүн даярдалды.

*3-Этап: Статистикалык анализ.* Бул баскычта жалпы чогултулган маалыматтардын негизинде R программалоо тили менен 2 түрдөгү статистикалык анализ аткарылды. Алгач катышуучуларды топтор аралык салыштыруу максатында *Independent Sample T-Test* анализ түрү менен "компьютердик тармакта адистештирилген" жана "башка багытта билим алган" катышуучулардын ортосундагы айырма салыштырылды. Себеби, компьютердик тармакта билим алган студент ChatGPTни көп колдонгондуктан, ChatGPTнин жооп берүү денгээлин жакшы өздөштүрөт деп болжолдонду. А бирок, адамдар менен социалдык байланыштарда активдүү эместигине байланыштуу, компьютердик билимден алыс багыттагы студенттер салыштыруу менен билим алган тармактын тесттин жыйынтыгына таасир кылып кылбашын аныкталды. Ал эми компьютердик билимден алыс багыттагы студенттер адамдар менен активдүү коммуникация кылгандыктан, адамдардын жоопторун түшүнүүсү женил болот деп болжолдонуп, эки башка группаны эки башка жөндөмдөрүнүн негизинде салыштыруу пландалды. Экинчи болуп Paired Sample T-Test анализ аркылуу суроо түрлөрүнө карата (психологиялык, когнитивдик, проективдик, жана жеке каалоо) ChatGPTнин жооп берүү мүмкүнчүлүктөрү салыштырылды. Бул изилдөөдө суроолорду салыштыруу аркылуу ChatGPTнин суроолордун типтерине карата, кайсы суроо тибине жакшыраак жооп бере аларын жана кайсы суроолорго жооп берүүдө кыйынчылыктар болорун изилдөө менен ChatGPTнин алсыз жана күчтүү жактарын көрүү пландалды. Эгерде суроолорго бирдей денгээлде жооп берсе, анда ChatGPTни ар тараптуу деп эсептесек болот. Ал эми кандайдыр бир суроо тибине жооп берүүдө кыйынчылыктар пайда болсо, анда кайсы тараптан жакшыртууну талап кыларын аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлөт. О.Э суроолорду салыштыруунун негизинде алынган жыйынтыктар келечекте илимий изилдөөлөрдүн сапатын жогорулашына көмөктөшөт.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Тестирлөөнүн жүрүшүндө, катышуучулар анкетада берилген жооптордун ичинен ChatGPTнин жоопторун 56% так аныктай алышса, ChatGPTнин жоопторунун 44% ы адамдын жооптору деп, катышуучулар таба алышкан жок. Тьюринг тестинин негизги принциптерине таянсак, эгерде катышуучулар жооптордун 50%дан азын табышса, анда ChatGPT тесттен өттү деп эсептелмек. Бирок, бул изилдөөнүн жыйынтыгында, катышуучулаар ChatGPTнин жоопторунун 56%ын аныктагандыктан, ChatGPT Тьюринг тестинен өтө албаганын көрсөтсө, ChatGPTнин 44% дык көрсөткүчү белгилүү өлчөмдө адамга окшош жооп берүү жөндөмү бар экенин көрсөтүп турат. Изилдөөнүн жыйынтыгы келечекте кыргыз тилиндеги жасалма интеллектти өркүндөтүү жана о.э бул сыяктуу изилдөөлөрдү көбөйтүү керектигин көрсөтүп турат. Бирок, тесттен эмне себептен өтпөй калгандыгын теренирээк изилдөө үчүн статитикалык анализдер жүргүзүлдү. ChatGPTнин суроолорго жооп берүү мүмкүнчүлүкторун изилдөө үчүн суроолордун типтерине карата салыштыруу жүргүзүлсө, ал эми катышуучалардын машинаны адамдан айырмалоо үчүн топторду өз ара салыштыруу үчүн статистикалык анализдер жүргүзүлдү. Изилдөөнүн катышуучулары 2 топко таандык болгондуктан өз ара салыштыруу үчүн төмөнкүдөй гиотезалар түзүлдү.

- H1 - Компьютердик тармакта адистештирилген жана башка багытта билим алган топторунун ортосунда статистикалык жактан маанилүү айырма бар.

Бул гипотезаны текшерүү үчүн статистикалык анализден independent sample t-test анализ түрү жүргүзүлдү. Анализдин жыйынтыгында, компьютердик тармакта адистештирилген бөлөмү менен башка бөлүмдүн (Компьютердик тармакта

адистештирилген) жана байланышпаган (башка багытта билим алган) бөлүмдүн ортосунда алган баллдарынын статистикалык жактан маанилүү айырма жок экендиги аныкталды. Анализдин жыйынтыгында, p-мааниси: 0.171 болуп, H1 гипотеза кабыл кылынбайт. Тагыраак айтканда, билимде жана Башка багытта билим алган топторунун ортосунда олуттуу айырма жок жана инженердик билимдин болуп болбошу катышуучулардын жоопторуна таасир этпейт. Алдыда Chat GPTнин суроолордун түрлөрүнө карата, жооп берүү денгээлин изилдөө үчүн алты гипотеза түзүлдү:

- H2-Суроолордун ичинен келинде бир жуп боюнча ChatGPTнин жооп берүүсүндө статистикалык жактан маанилүү айырма бар:

- Когнитивдик суроолор - проективдик суроолор
- Когнитивдик суроолор - эмоционалдык суроолор
- Когнитивдик суроолор - жеке каалоолор сурооолор
- Проективдик суроолор - эмоционалдык суроолор
- Проективдик суроолор - жеке каалоолор сурооолор
- Эмоционалдык суроолор - жеке каалоолор суроолор

Жүргүзүлгөн Paired Sample T -Test статистикалык анализинин жыйынтыгында**,** суроонун түрлөрү боюнча ChatGPTнин жооп берүүсүндо айырмачылыктар бар экинин көрсөттү. Психологиялык жана когнитивдик суроолорду салыштырууда, жүргүзүлгөн статистикалык анализдин жыйынтыгында t-Статистикасы: 2.63 жана p-мааниси **:** 0.009 жыйынтыгын кайтаргандыктан, p маанисин салыштырууда, 0.009 < 0.05 болгондуктан, нөлдүк гипотеза четке кагылып, жыйынтыгында ChatGPT үчүн когнитивдик суроолорго жооп берүү психологиялык суроолорго караганда жеңил экенидигин корсотот. Ал эми психологиялык жана проективдик суроолорду салыштырууда, алынган жыйынтыктарга карай турган болсок, t-мааниси: 3.32 p-мааниси: 0.001 маанилерин берди. Демек, 0.001<0.05 болгондуктан, ChatGPTнин психологиялык суроолорго салыштырмалуу проективдик суроолорго жооп берүүсү жеңил болгонун көрсөтөт. Психологиялык жана жеке каалоолорго байланыштуу суроолор салыштырууда, t-мааниси: 5.98, p-мааниси: <0.001 болуп, текшерүүдө 0.001<0.05 болгондуктан, психологиялык суроолордон жеке каалоолорго байланыштуу суроолорго жооп берүү жеңил болгонун көрсөтөт. Ошондой эле, когнитивдик жана проективдик суроолорду салыштырууда, t-мааниси**:** 0.99, p-мааниси: 0.323 болуп, анализдин жыйынтыгында когнитивдик жана проективдик суроолорго жооп берүү chatGPT үчүн деңгээли бири-бирине жакын экенин көрсөтүп турат. Когнитивдик жана жеке каалоолорго байланыштуу суроолордо болсо, t-статистикасы: 3.56, p-мааниси:p >0.001 анализдин жыйынтыгында, когнитивдик суроолорго салыштырмалуу жеке каалоолорго байланыштуу суроолорго жооп берүү жеңил боло турганын көрсөтөт. Акыркы салыштыруудан, проективдик жана жеке каалоолорго байланыштуу суроолорду салыштыруунун жыйынтыгында, t-мааниси: 2.11, p-мааниси: 0.036 болуп, жыйынтыгында, жеке каалоолорго байланыштуу суроолор проективдик суроолорго салыштырмалуу жеңил болгонун көрсөттү. Жалпы жыйынтыктап айтканда, жеке каалоолорго байланыштуу суроолор ChatGPT үчүн эң жеңил, ал эми психологиялык суроолор эң татаал категория болду. Статистикалык анализдин жыйынтыктары төмөнкү 1-жадыбалда көрсөтөлдү**.**

1-таблица

Статистикалык анализдин жыйынтыктары.

| Суроолор | Орточо маани (Mean) | Орточо айырма | p-value | t-статистика | Degrees of Freedom | Гипотеза-лар |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Психологиялык VS Когнитивдик | Психологиялык: 3.45. Когнитивдик: 3.39 | 0.06 | 0.009263 | 2.6278 | 199 | Кабыл кылынат. |
| Психологиялык VS Проективдик | Психологиялык: 3.45. Проективдик: 3.36 | 0.09 | 0.001056 | 3.324 | 199 | Кабыл кылынат. |
| Психологиялык VS Жеке каалоо | Психологиялык: 3.45. Жеке каалоо: 3.59 | -0.14 | 1.03e-08 | 5.9778 | 199 | Кабыл кылынат. |
| Когнитивдик VS Проективдик | Когнитивдик: 3.39 Проективдик: 3.36 | 0.03 | 0.3231 | 0.99052 | 199 | Четке кагылат. |
| Когнитивдик VS Жеке каалоо | Когнитивдик: 3.39 Жеке каалоо: 3.59 | -0.20 | 0.0004664 | 3.5584 | 199 | Кабыл кылынат. |

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Бул изилдөө ChatGPTнин кыргыз тилинде Тьюринг тестинен өтүү жөндөмүн баалоого багытталды. Тьюринг тестинин өткөрүлүшү бир нече түргө бөлүнөт: оригиналдуу Тьюринг тести (TT), эксперттик Тьюринг тести (ETT/ATT), чектелген Тьюринг тести (RTT/LTT) жана толук Тьюринг тести (TTT) [31]. Бул изилдөөдө адамдарга жана ChatGPTге бирдей суроолор берилип, жооптор салыштырылгандыктан, негизги басым оригиналдуу жана эксперттик Тьюринг тесттерине жасалды. Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, катышуучулардын 56%ы ChatGPTнин жоопторун адамдык жооптордон айырмалай алышкан, ал эми калган 44%ы болсо жасалма интеллекттин жоопторун адамдык деп кабыл алышкан. Бул көрсөткүчтөр ChatGPT нин толук Тьюринг тестинен өтпөгөнүн көрсөтөт. Өткөрүлгөн статистикалык анализдердин негизинде, психологиялык жана жеке каалоолорго байланыштуу суроолорго жооп берүүдө моделдин натыйжалары статистикалык жактан айырмаланган. Ал эми фактылык жана когнитивдик суроолорго жооп берүүдө жасалма интеллект кыйла жакшы көрсөткүчтөрдү көрсөттү. Бул ChatGPT логикалык маалыматтарды иштетүүдө күчтүү экенин, бирок моралдык жана эмоционалдык суроолорго жооп берүүдө чектөөлөр бар экенин далилдеди.

Башка изилдөөдө берилген суроолордун ичинде "Сиз ChatGPTсизби?", "Сиз жалгыз ChatGPTсизби же көп ChatGPTлер барбы?", "Бактылуулук деген эмне?" сыяктуу суроолор камтылган. Изилдөөнүн жыйынтыгында, ChatGPT өзүнүн жасалма интеллект экенин ачык айтып, бул сыноодон өтпөй калып, негизги суралган суроолор когнитивдик, проективдик жана жеке каалоолорго байланышкан суроолор колдонулду . Бирок, бул изилдөөдө суроолор өз ара категорияларга бөлүнгөн эмес[10] .

Мындан тышкары, башка изилдөөлөрдө ChatGPTнин вербалдык IQ көрсөткүчү адамдардын 99,9%ынан жогору болгону аныкталган. Бирок, интеллектуалдык жөндөмү канчалык жогору болбосун, Тьюринг тестинин 10 тестинин ичинен 9унда сурамжылоочулар ChatGPT-4 менен адамды так айырмалай алышкан. Ошондой эле, башка бир изилдөөдө, 2014-жылы өткөрүлгөн эксперимент менен салыштырганда, Юджин Густман аттуу чатбот 13 жаштагы украиналык бала катары өзүн тааныштырып, англис тили анын экинчи тили экенин белгилеген. Мунун натыйжасында, ал тесттен эң жогорку рейтингге жеткен жана катышуучулардын 33%ын анын жасалма интеллект

экенине ишендире алган. Жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде, жасалма интеллекттин Тьюринг тестинен өтүшү боюнча талаштуу пикирлер бар. Кээ бир изилдөөчүлөр ChatGPT ар түрдүү тармактар боюнча жооп бере алганы менен аң-сезимге ээ эмес болгондуктан, аны адамдар менен салыштыруу мүмкүн эмес деп эсептешет. Башкалары болсо ChatGPT-4 адамга караганда логикалык жактан туура жана адашпай жооп бергендиктен, аны оңой таанууга мүмкүн экенин белгилешет[11] . Айрым учурларда, тесттин жүрүшүндө адамдар машинаны эмес, тескерисинче, адамды машина деп кабыл алган учурлар да кездешкен. Мисалы, калыстар эркек катышуучуларды көбүрөөк машина катары эсептешкен, ал эми аял калыстар болсо аял катышуучуларды эки ирет "машина" деп ойлошкон. Ал эми философиялык көз караштын негизинде, Тьюринг тестинин негизги чектөөсү – анын адамдын ой жүгүртүүсүн жана аң-сезимин толук өлчөөгө жөндөмсүз деп эсептешет. Машина адам сыяктуу жооп берип, тесттен ийгиликтүү өткөн күндө да, бул анын чыныгы аң-сезимге ээ экенин билдирбейт, себеби, акыл-эс жөн гана логикалык жооптордон эмес, субъективдүү ойлордон, сезимдерден жана ички тажрыйбадан куралат [12] .

Бул изилдөөнүн негизги чектөөлөрүнүн бири – кыргыз тилиндеги NLP ресурстарынын жетишсиздиги болду. Учурда кыргыз тилинин морфологиялык түзүлүшү толук кандуу моделдерде окутула электиги, жооптордун сапатына терс таасирин тийгизгени байкалды. Мисалы, түрк, немис, корей тилдери үчүн атайын жасалма интеллект долбоорлору иштелип чыккандыктан, ChatGPT менен баарлашууда маалыматтардын көлөмү кыйла көп. Кыргыз тилиндеги F1-score көрсөткүчү 30-45% деңгээлинде болсо, түрк тилинде бул көрсөткүч 85-90%га жетет [13].

Жыйынтыктап айтканда, келечектеги изилдөөлөр үчүн катышуучулардын санын көбөйтүү, суроолордун деңгээлин жакшыртуу жана тестирлөө процессин өнүктүрүү сунушталат. Ошондой эле, кыргыз тили үчүн маалымат базаларын кеңейтүү, локалдык тил моделдерин түзүү жана мамлекеттик колдоону камсыз кылуу зарыл. Эгерде кыргыз тили санариптик жашоодо өнүкпөсө, жасалма интеллект чөйрөсүндө артта калып кетүү коркунучу бар. Тесттердин сапатын жогорулатуу үчүн так баалоо критерийлерин иштеп чыгуу, моделдин эмпатиясын жана адам сыяктуу жооп берүү жөндөмүн баалоо да маанилүү. Кыргыз тилинде жасалма интеллект технологияларын өнүктүрүү үчүн атайын токенизаторлорду иштеп чыгуу жана маалымат базаларын түзүү зарыл. Келечекте AkylAI менен ChatGPTни салыштырып тестирлөө да маанилүү боло алат.

**Корутунду.** Бул изилдөөдө максатка жетүү үчүн коюлган гипотезалардын алкагында изилдөө жүргүзүлүп, учурдагы популярдуу болуп жаткан жасалма интеллект- ChatGPT Тьюринг тестинен өтүү процесси ийгиликсиз деп табылып, кыргыз тилинде жооп берүүдө логикалык катачылыктар кете тургандыгы байкалды. Мунун себептеринин бир нечеси, кыргыз тилинин морфологиясы жана синтаксиси уникалдуу болгондуктан о.э маалымат базасы чектелгендиктен кыргыз тилиндеги моделдердин жыйынтыктары чектелгенин көрсөтүп турат. Жүргүзүлгөн изилдөө жасалма интеллектти кыргыз тилине ыңгайлаштыруу боюнча мындан аркы иштердин маанилүүлүгүн баса белгилейт. Учурдагы чектөөлөргө карабастан, Тьюринг тест адамга окшош баарлашуу жөндөмүн баалоо үчүн универсалдуу инструмент болуп, актуалдуу бойдон калууда [14]. ChatGPT кыргыз тилинде Тьюринг тестинен ийгиликтүү өтө элек болсо да, жаңы технологиялар жана маалыматтардын жардамы менен келечекте бул жакшы жыйынтыктар берери күтүлүүдө.

**Адабияттар:**


1. Анатольевич К. М. 'Критика аргумента китайской комнаты Дж. Сёрла [Текст] // Вестник Московского Университета Серия 7 Философия, no. 3, Art. no. 3, 2020.
2. Развитие искусственного интеллекта. Accessed: Jan. 30, 2025. [Online]. Available: https://cyberleninka.ru/article/n/razvitie-iskusstvennogo-intellekta/viewer
3. N. Selwyn, 'The future of AI and education: Some cautionary notes', Eur. J. Educ., vol.

57, no. 4, pp. 620–631, 2022, doi: 10.1111/ejed.12532.
4. H. Keleş, ‘Tipta Yapay Zeka Uygulamalari’, J. Kırıkkale Univ. Fac. Med., vol. 24, no. 3, Art. no. 3, Dec. 2022, doi: 10.24938/kutfd.1214512.
5. J. He, S. L. Baxter, J. Xu, J. Xu, X. Zhou, and K. Zhang, ‘The practical implementation of artificial intelligence technologies in medicine’, Nat. Med., vol. 25, no. 1, pp. 30–36, Jan. 2019, doi: 10.1038/s41591-018-0307-0.
6. B. İşler and M. Kılıç, ‘Eğitimde Yapay Zekâ Kullanimi Ve Gelişimi’, Yeni Medya Elektron. Derg., vol. 5, no. 1, Art. no. 1, Jan. 2021.
7. T. S. Jalolov, Создание диагностических систем на основе искусственного интеллекта в системе здравоохранения, Methods Appl. Innov. Digit. Technol. Educ. Syst., vol. 1, no. 2, Art. no. 2, Dec. 2024.
8. D. Black, ‘Lewis Carroll and the Theory of Games’, Am. Econ. Rev., vol. 59, no. 2, pp. 206–210, 1969.
9. R. Mihalcea, H. Liu, and H. Lieberman, ‘NLP (Natural Language Processing) for NLP (Natural Language Programming)’, in Computational Linguistics and Intelligent Text Processing, A. Gelbukh, Ed., Berlin, Heidelberg: Springer, 2006, pp. 319–330. doi: 10.1007/11671299_34.
10. V. Altintas and M. Kilinc, ‘Automated Categorization of Turkish E-commerce Product Reviews Using BERTurk’, in 2024 8th International Artificial Intelligence and Data Processing Symposium (IDAP), Sep. 2024, pp. 1–6. doi: 10.1109/IDAP64064.2024.10710859.
11. S. K. Dam, C. S. Hong, Y. Qiao, and C. Zhang, ‘A Complete Survey on LLM-based AI Chatbots’, Nov. 18, 2024, arXiv: arXiv:2406.16937. doi: 10.48550/arXiv.2406.16937.
12. A. Pinar Saygin, I. Cicekli, and V. Akman, ‘Turing Test: 50 Years Later’, Minds Mach., vol. 10, no. 4, pp. 463–518, Nov. 2000, doi: 10.1023/A:1011288000451.
13. A. Hodges, ‘Alan Turing and the Turing Test’, in Parsing the Turing Test: Philosophical and Methodological Issues in the Quest for the Thinking Computer, R. Epstein, G. Roberts, and G. Beber, Eds., Dordrecht: Springer Netherlands, 2009, pp. 13–22. doi: 10.1007/978-1-4020-6710-5_2.
14. J. Paschen, ‘Investigating the emotional appeal of fake news using artificial intelligence and human contributions’, J. Prod. Amp Brand Manag., vol. 29, no. 2, pp. 223–233, May 2019, doi: 10.1108/JPBM-12-2018-2179.

---

УДК. 372.87

Камилжан кызы Кандалат, окутуучу,
ORCID 0009-0001-2948-6775
Муса Арзиев, т.и.к., доцент,
ORCID 0009-0002-6759-2154
Кокоева Эркеайым Эргешбаевна, окутуучу,
ORCID 0009-0003-4529-2668
Ош технологиялык университети
E-mail: kamilzhan92@bk.ru

## ТУРНА КУРАКТЫ ТИГҮҮНҮН ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ПРОЦЕССИН ИШТЕП ЧЫГУУ

*Макалада кыргыз элинин улуттук көркөм курак буюмдарын тигүүнүн технологиясы изилденип, курак тигүүнүн технологиясы иштелип чыкты. Турна куракты тигүү процессинин технологиялык ирээти түзүлдү. Курактын түрлөрү жана түзүлүштөрү аркылуу курак буюмдарга мазмундуулукту берүү мүмкүнчүлүгү көрсөтүлдү.*

*Ачкыч сөздөр: курак, уз-чебер, костюм, өнөр, буюм, технология, тигүү, бычым, турна курак, көшөгө,*

Камилжан кызы Кандалат, преподаватель,
Муса Арзиев, к.т.н., доцент,
Кокоева Эркеайым Эргешбаевна, преподаватель,
Ош технологического университет

## РАЗРАБОТКА ТЕХНОЛОГИЧЕСКОГО ПРОЦЕССА ИЗГОТОВЛЕНИЯ КУРАКА “ТУРНА”

*В статье исследована технология изготовления национальных художественных лоскутных изделий кыргызского народа, разработана технология изготовления “курака”. Создана технологическая последовательность процесса изготовления курака “турна”. Продемонстрирована возможность предоставления смысла лоскутным изделиям с помощью видов курака и их строения.*

*Ключевые слова: курак, мастерица, костюм, искусство, изделия, технология, шитье, крой, курак “турна”, занавес.*

Kamilzhan kyzy Kandalat, lecturer,
Musa Arsiyev, candidate of technical sciences, associate professor,
Kokoeva Erkeayim Ergeshbayevna, lecturer,
Osh Technological University

## DEVELOPMENT OF A MANUFACTURING PROCESS KURAKA “TURNA”

*The article examines the technology of making national artistic patchwork products of the Kyrgyz people, and the technology of making “kurak" has been developed. The technological sequence of the production process of kurak “turna" has been created. The possibility of providing meaning to patchwork products with the help of types of dried apricots and their structure is demonstrated.*

*Key words: kurak, mester, costume, art, things, costume, technology, sewing, kurak “turna” curtain.*

**Киришүү.** Курак тигүү кыргыз элинин улуттук көркөм чыгармачылык өнөрлөрүнүн бири. Элдик уз-чеберлер илгертен бери буюмдарды жана кийимдерди жасалгалоо үчүн колдонуп келген кproperties курактын түрлөрү көп. Уз-чеберлер көркөм чыгармачылык дараметине жана чеберчилик деңээлине байланыштуу ар бир курактын түрүн ар башка түзүлүштө жана курактын башка түрлөрү менен бирге композиция түзүп, курак буюмдарын тигишкен жана кийимдерди жасалгалашкан [1,2,].

*Актуалдуулугу.* Кыргыз эли өз мамлекеттүүлүгүнө ээ болгондон баштап улуттук өнөрлөргө анын ичинде курак өнөрүнө чоң көңүл бурула баштады. Курак менен тигилген буюмдардын ассортименти көбөйдү. Курак менен жасалгаланган костюмдарды шоу жылдыздары сахнага, жөнөкөй адамдар күнүмдүк, салтанаттуу кечелерге, жаштар азыркы замандын мода багыттарына төп келген курак менен жасалгаланган улуттук колориттүү костюмдарды мода катары кийип жүрүшөт. Бул курак менен жасалган буюмдар, костюмдар, аксессуарлар чет өлкөлөргө кеңири таралууда. Бул буюмдарды тигүүчү иш каналардын саны да көбөйүүдө [2,3,4].

Өткөн замандарда уз-чеберлер, курактын ар бир түрүн өз ыкмалары менен тигишкен. Аны жасалгалап тиккен буюмдарынан көрүүгө болот. Азыркы учурда кол өнөрчүлөрдүн курак тигүү ыкмалары интернет желесинде өздөрү уюштурган чеберчилик класстарда көргөзүлүүдө. Бирок курак тигүүнүн иштелип чыккан технологиясы азыркы күнгө чейин жок. Курак буюмдарын сапаттуу тигүү үчүн курак буюмдарды тигүүчү ишканаларды, курак тигүүнүн технологиясы менен камсыздоого курак тигүүнүн технологиясын иштеп чыгуу актуалдуу.

*Жумуштун максаты*. Курак тигүүнүн технологиясын иштеп чыгуу. Курак менен буюмдарды тигүүчү ишканаларга курак тигүүнүн технологиясын жайылтуу.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Изилдөөнүн негизги материалдары:

- муундан-муунга өтүп көп жылдардан бери сакталып келе жаткан курак буюмдар;
- курак буюмдарды тигүүчү иш каналарда иштеген чеберлердин тиккен курак буюмдары;
- интернет желесиндеги курак тигүү боюнча болгон маалыматтар;
- курак буюмдарын тигүүчү чеберлер менен болгон маектер.

Изилдөөгө билүүнүн эмпирикалык жана теориялык деңгээлиндеги усулдар колдонулду. Эмпирикалык байкоо, сүрөттөө, салыштыруу усулдары. Теориялык изилдөөнүн анализ, синтез, жалпылоо, окшоштук усулдары. Изилдөөнүн жыйынтыктары логикалык закон ченемдүүлүктөргө таянып чагылдырылды [7,8,9].

*Турна курак.* Турна курак буюмдарды тигүүдө жана костюмдарды жасалгалоодо көп колдонулган түрү. Курак менен тигилген же жасалганган үй тиричилик буюмдарында сөзсүз турна курак кездешет. Кыздарды турмушка берүүдө алдына- ала камданып сеп даярдайт. Септеги көрпө төшөктөр, жаздыктар, көшөгө жана башка буюмдар турна курак аралашкан куракtar менен жасалганат [4,6,7,8].



1-сүрөт. Ишканаларда турна куракты кошуп тиккен курак буюмдар.

Сепке берилүүчү курак буюмдар курактардын түрлөрүнөн турган бөлүктөрдөн куралат. Курактын ар бир бөлүгү илгертен бери сакталып келген ыйык белги. Бул белгилер айтылган ыйык каалоолор же берилген ыйык бата болуп эсептелет. Курак буюмдардагы ыйык белгилер сепке берилүүчү көшөгө куракта сөзсүз түрдө болот. Ар бир уз-чебер өзү тиккен көшөгө курактын философиясын өтө терең айтып бере алат. Булардын баардыгын билген уз-чеберлер курак буюмдарга, курактын түрлөрү же алардын түзүлүштөрү менен ыйык маанилерди беришет.



2-сүрөт. Курак көшөгө (туштук)

Ар бир курактын ыйык маанисин билген адам 2-сүрөттөгү курактан жасалган көшөгөнүн ыйык мазмунун төмөнкүдөй түшүндүрүлөт.

Көшөгөгө куралган кездемелердин бычымдары: тумар, жылдызча, буудай ал эми турна курактарды тигүүдө кездеменин кеиндилеринен куралып жана саймалар менен коолдолот. Тумар курак ар кандай күтүлбөгөн кырсыктан жана жаман көздөрдөн, жаман сөздөрдөн жалпы эле күтүлбөгөн жамандыктардан сактоо деген ыйык белги. Бул ыйык белгинин сеп менен кызга берилүүчү көшөгөдө болушу, алдына-ала жаштарды ар кандай жаман нерселерден,кырсыктан алыс болуусун сурануу. Көшөгөдө жылдызча тумардын болушу, жаштарга жылдыздай бийик акыл-эс, сабырдуулук, маданияттуулук, ыймандуулук, бири-бирин урматтоо жана башка жакшылыктардын жылдыздай көп болушун каалоо. Буудай курак жаштарга берекени, тынчтык, жашоо-турмуштун бейпил болушун сураган ыйык белги. Көшөгөнүн түзүлүшүнө төрт бурчтук түрүндө чексиз уланган эки турна курак кошулган. Турна курактын башы аягы жок чексиз болуп куралгандыгы жана андагы ыйык мааниде тигилген курактар жаш үй бүлөлөргө айтылган каалоолордо алардын куралып кетүүсүн билдирет. Курактагы төрт бурчтуу кездемелердин кесиндилеринен куралган курактын дагы мааниси чоң. Андагы төрт бурчтуу болуп
тигилген курактын түзүлүшүндө, жаңы курулган үй-бүлөдө дайым токчулук, ырыскы, береке мол болушушун билдирет. Көшөгөдөгү курактын ортосундагы төрт бурчтук сайманын өзүнчө философиясы бар ал өзүнчө чечмеленет. Кыргыз эли илгертен бери эле улуттук кийимдерди, баш кийимдерди жана костюмдарды курак менен жасалгалашып келген. Эл билген белгилүү уз- чеберлер курак костюмдарды мааниси

менен тиккен. Кыздарды турмушка берүүдө, курак менен жасалгаланган костюм кийишсе, курак жасалганын сөзсүз мазмундуу философиясы болгон. Азыркы учурда кийимдерди жана костюмдарды курак менен жасалгалоо, кийимге жана костюмга улуттук колорит берүү үчүн колдонулууда.





2-сүрөт. Курак костюмдар

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Турна курак жана курак тигүү боюнча топтолгон маалыматтарды эмпирикалык жана теориялык изилдөөнүн анализ, салыштыруу, жалпылоо жана логикалык усулдарын колдонуп изилдөөнүн негизинде, курак тигүүнүн этаптары жана ар бир этапта аткарылуучу жумуштар аныкталды. Курак тигүү: даярдоо, кездеме кесүү, тигүү жана жасалгалоо этаптарынан турат. Даярдоо этабында төмөнкү жумуштар аткарылат:

▪ курак буюмдун композициясын (дизайнын) иштеп чыгуу;

▪ өлчөмдүк масштабды сактоо менен буюмдагы куректын эскизин түстүү тартуу;

▪ эскиздин негизинде курактын схемасын чийүү, схемада курактын ар бир бөлүктөрүнүн ордун билүү үчүн номерленет;

▪ куракты тигүүгө керектүү кездеме кесиндилерин, жип, желим материал жана башкаларды даярдоо.

Кыркуу этабында төмөнкү жумуштар аткарылат:

▪ курактын схемасы боюнча курактын бөлүктөрүнүн спецификациясын иштеп чыгуу (түзүү);

▪ формасын сактай албаган кездемелерди жана кесиндилерди желим кездемеге жабыштыруу;

▪ кездемелерден жана кесиндилерден курактын бөлүктөрүн кесүү;

▪ бөлүктөрдү номерлери боюнча топтоштуруу.

Кыркуу этабы курактан тигилүүчү буюмдун түрүнө жана анын санына байланыштуу өз алдынча аткарылат.

Тигүү этабында төмөнкү жумуштар аткарылат:

▪ куракты тигүүнүн технологиялык ирээтин иштеп чыгуу;

▪ иштелип чыккан технологиялык ирээти боюнча куракты тигүү.

Курак тигүүнүн жасалгалоо этабында куракка же курак буюмга товардык көрүнүш берилет.

*Жасалгалоо этаптары.* Курактан тигилген буюмду жасалгалоо, тигилген буюм кандай жасалгаланса ошондой технологиялык ирээтте жасалгаланат.

Ар түрдүү буюмдарды тигүүдө турна курак, өз жана башка куракатар менен бирге көп колдонулат. Ошондуктан курак тигүүнүн технологиялык ирээти турна курак үчүн иштелип чыкты. Турна куракты тигүү боюнча топтолгон маалыматтар, бул куракты уз-чеберлер ар башка, өз ыкмалары менен тиккендиги белгилүү болду. Уз- чеберлердин турна куракты тигүү ыкмаларын анализдөөнүн негизинде, өндүрүштө колдонууга оңой турна куракты тигүүнүн технологиялык ирээти иштелип чыкты.

*Турна куракты тигүүнүн технологиялык процесси.* Турна куракты тигүүдө курактын түстүү сүрөтүн тартуу жана сүрөттүн схемасын чийүүдөн башталат. Схемада курактын ар бир бөлүгү номерленет.

Турна курактын сүрөтү



Турна курактын схмасы




2– сүрөт. Курактын сүрөтү жана схемасы:
1- негизги бычым, 2- борбордук бычым, 3-ортонку үч бурчтук,
4-каптал үч бурчтук, 5- бир канаты.

Түзүлгөн схемасы боюнча турна курактын ар бир кыркылган бөлүгүнүн спецификациясы түзүлөт.

1-таблица.

Турна курактын бөлүктөрүнүн спецификациясы

| № | Курактын бөлүктөрнүн аталышы жана чиймеси | | Саны |
|---|---|---|---|
| 1 | Ортонку үч бурчтуктардын бычымы |  | 2 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 2 | Каптал үч бурчтуктардын бычымы |  | 4 |
| 3 | Борбордук бычым. |  | 1 |
| 4 | Ортонку үч бурчтук. |  | 16 |
| 5 | Каптал үч бурчтук. |  | 32 |
| 6 | Канаттарына бириктирилип тигилүүчү үч бурчтук. |  | 4 |

*Турна куракты тигүүнүн технологиялык ирээти.* Куракты бөлүктөрүнүн спецификациясы түзүлүп бүткөндөн кийин куракты тигүүнүн технологиялык ирээти иштелип чыгат.

3-таблица

Турна куракты тигүүнүн технологиялык этаптарга бөлүнгөн ирээти

| № | Кездеме кесүү (бычым) этабы | |
|---|---|---|
| | Аткарылышы | Көрүнүшү |
| 1 | Борбордук бычымды кесип алуу. |  |
| 2 | Ортонку үч бурчтуктардын бычымын кесип алуу. |  |
| 3 | Ортонку үч бурчтуктарды даярдоо үчүн сызыктарды жүргүзүү. |  |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Жүргүзүлгөн сызыктар боюнча ортонку үч бурчтуктарды кесүү. |  |
| 5 | Каптал үч бурчтуктардын бычымын кесип алуу. |  |
| 6 | Бычымдан каптал үч бурчтуктарды даярдоо үчүн сызыктарды жүргүзүү. |  |
| 7 | Жүргүзүлгөн сызыктар боюнча капатал үч бурчтуктарды кесүү. |  |
| | Ортонку үч бурчтукка каптал үч бурчтуктарды тигүү. | |
| 1 | Ортонку үч бурчтуктун сол каптал четинин ортосуна, каптал үч бурчтуктун ортосун дал келтирип тигүү. |  |
| 2 | Ортонку үч бурчтуктун сол капталына тигилген каптал үч бурчтуктун тигишин үтүктөө. |  |
| 3 | Ортонку үч бурчтуктун он каптал четинин ортосуна, каптал үч бурчтуктун ортосун дал келтирип тигүү. |  |
| 4 | Ортонку үч бурчтуктун он капталына тигилген каптал үч бурчтуктун тигишин үтүктөө. |  |
| | Курактын экинчи катарын тигүү | |
| 5 | Ортонку үч бурчтуктун учтуу чекитенен, төмөн карай 0,6 мм белгилөө. |   |
| 6 | Экинчи катардагы ортонку үч бурчтукту бүктөп ортосун белгилөө. |  |

| | | |
|---|---|---|
| 7 | Ортонку үч бурчтуктун учтуу чекитенен төмөн карай 0,6 мм белгиленген чекитке, экинчи катардагы ортонку үч бурчтуктун ортосун дал келтирип тигүү. |  |
| 8 | Экинчи катардагы ортонку үч бурчтуктун тигишин үтүктөө. |  |
| 9 | Үчүнчү катардагы ортонку үч бурчтуктун сол каптал четинин ортосуна каптал үч бурчтуктун негизинин ортосун дал келтирип тигүү. |  |
| 10 | Үчүнчү катардагы сол каптал үч бурчтуктун тигишин үтүктөө. |  |
| 11 | Үчүнчү катардагы ортонку үч бурчтуктун он каптал четинин ортосуна, каптал үч бурчтуктун ортосун дал келтирип тигүү. |  |
| 12 | Үчүнчү катардагы ортонку үч бурчтуктун он капталына тигилген каптал үч бурчтуктун тигишин үтүктөө. |  |
| 13 | Турна курактын бир канатынын даяр көрүнүшү.<br>Калган үч канаты дагы жогорудагыдай ирээтте тигилет. |  |
| | Курактын бир канатынын он жана сол капталына негизги бычымдагы үч бурчтуктарды тигүү | |

| | | |
|---|---|---|
| 1 | Турна куратын бир канатынын сол капталына тигилүүчү үч бурчтукту тигүү. |  |
| 2 | Турна куратын бир канатынын сол капталына тигилген үч бурчтукту үтүктөө. |  |
| 3 | Турна куратын бир канатынын он капталына тигилүүчү үч бурчтукту тигүү. |  |
| 4 | Турна куратын бир канатынын он капталына тигилген үч бурчтукту үтүктөө. |  |
| | Курактын бир канатын борбордук бычымга бириктирүү | |
| 1 | Тигилген курактын бир канатын борбордук бычымга бириктирип тигүү. |  |
| 2 | Тигилген курактын бир канатын борбордук бычымга бириктирилген тигишти үтүктөө. |  |
| 3 | Курактын экинчи канатын борбордук бычымга ушундай ирээтте уланып тигилип үтүктөлөт. |  |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Борбордук бычымга уланып тигилген канаттарына негизги үч бурчтуктар тигилген канатын улап тигүү. |  |
| 5 | Борбордук бычымга уланып тигилген канаттарына, негизги үч бурчтуктар тигилген канатын үтүктөө. Кийинки капталы ушундай эле ирээтте тигилип үтүктөлөт. |  |
| 6 | Бурчтарына жыйынтыктоочу үч бурчтуктарды тигүү. |  |
| 7 | Бурчтарына тигилген жыйынтыктоочу үч бурчтуктарды үтүктөө. Кийинки жыйынтыктоочу үч бурчтуктар ушундай эле ирээтте тигилет. |  |
| 8 | Ушул ирээтте экинчи канатына уланып тигилген уч бурчтуктар тигилет. |  |

Иштелип чыккан курак тигүүнүн технологиясы, турна куракты тигүүнүн ирээтин иштеп чыгууга толук колдонулду. Башкача айтканда иштелип чыккан курак буюмдарды тигүүнүн технологиясын өндүрүштө курак буюмдарды тигүүгө толук колдонууга мүмкүн экендиги далилденди. Элдик уз-чеберлер курак буюмдарына айрыкча сеп буюмдарга эстетикалык сапаттарды берүү менен бирге, курактын түрлөрү жана түзүлүштөрү аркылуу ыйыктык касиеттерди кошушкан. Курак буюмду тигүүчү ишканалар уз-чеберлердин бул чыгармачыл өзгөчөлүктөрүн сөзсүз кабыл алышы керек. Ар кандай курак буюм сапаты, кооздугу, колориттүүлүгү менен гана бааланбастан мазмундуулугу менен дагы бааланышы керек.

**Корутунду:**

1. Иштелип чыккан курак буюмдарды тигүүнүн технологиясы жана турна куракты тигүүнүн ирээти, курак буюмдарды тигүүчү иш каналарга колдонуу үчүн сунушталат.
2. Курак буюмдардын композициясын түзүүдө, буюмдун утилитардык жана эстетикалык касиеттери менен бирге, ага курактын ыйыктык касиеттерин киргизүү буюмдун баалуулугун жогорулатат.

**Адабияттар:**

1. Абрамзон С.М. Кыргыздар. [Текст] // – Фурунзе: С.М. Абрамзон – Фурунзе: / Кыргызстан,1989.- 213с.
2. Акматалиев А. А. Жасалма өнөр чеберлери: Элдик өнөр жөнундө очерк.-Ф.: Киргизия, 1982,-152 б.
3. Арзиев М. Развитие ассортимента вальялно-войлочных изделий [Текст] / Ж. А. Сыдыкова // Известия ОшТУ. 2014 №2 С.75-84
4. Бабаев Д. Б. Илме дос саймасынын технологиясы жана аны окутуунун методикасы. [Текст] / Камилжан кызы К. // Известия ОшКУУ. НОТ.2021 №2, С.92-97.
5. Камилжан кызы К. Методика и технология изготовления «курака». [Текст] / М. А. Арзиев, Н. С. Абдыкалыкова // Издательский центр «Наука и практика», 2024 Нижневартовск, Россия.
6. Молдосанова Н. Д. Курак техникасын «Мурас» айымдар аксессуар жыйнагына колдонуу. [Текст] / А. А. Усенбаева // Исхак Раззаков атындагы КМТУ "Буюмдарды көркөм долборлоо" кафедрасы
7. Курак куроону уйронуу. https://www.youtube.com/watch?v=3A7b_5XdlPk.
8. Абдан кооз курак бат уйрөнүп алыныз. https://www.youtube.com/watch?v=E15qLZ_0PLw.
9. https://www.youtube.com/watch?v=EQq7YXZkP9M. Турна Курак.

---

УДК 687.016

Арзиев Муса, т.и.к. доцент,
ORCID 0009-0002-6759-2154
Ош технологиялык университети,
Молдошева Аида Буркановна, ага окутуучу,
ORCID 0009-0003-1382-0251
Ош технологиялык университети
E-mail: moldosovaaida1@gmail.com

## АССОЦИАЦИЯ УСУЛУН КОСТЮМГА МОДЕЛЬ ИШТЕП ЧЫГУУГА КОЛДОНУЛУШУН ИЗИЛДӨӨ

*Макалада ассоциация усулунун ыкмаларын, костюмга модель иштеп чыгууга колдонулушу изилденди. Ар бир ыкма боюнча изилдөөнүн жыйынтыгы болгон костюмдун жаңы моделдери көрсөтүлдү жана мүнөздөлдү.*

*Негизги сөздөр: ассоциация, усул, ыкма, костюм, модель, алдыңкы технология, образ, силуэт, гипербола, орнамент, стиль, эмпатия, аналогия, неология, мода, бионика.*

Арзиев Муса, к.т.н. доцент,
Ошский технологический университет,
Молдошова Аида Буркановна, ст. преподаватель,
Ошский технологический университет

## ИССЛЕДОВАНИЕ ПРИМЕНЕНИЯ МЕТОДА АССОЦИАЦИИ ПРИ РАЗРАБОТКЕ МОДЕЛИ КОСТЮМА

*В статье исследуются методы ассоциации и их применение при разработке моделей костюмов. Для каждого метода представлены результаты исследования, в которых показаны и охарактеризованы новые модели костюмов.*

*Ключевые слова: ассоциация, метод, прием, костюм, модель, передовые технологии, образ, силуэт, гипербола, орнамент, стиль, эмпатия, аналогия, неология, мода, бионика.*

Arziev Musa, candidate of technical sciences,
associate professor,
Moldoshova Aida Burkanovna, senior lector,
Osh Technological University

## STUDY OF THE APPLICATION OF THE ASSOCIATION METHOD IN COSTUME DESIGN ABSTRACT

*This article explores the methods of association and their application in costume design. For each method, the research results are presented, showing and describing new costume models.*

*Key words: association, method, technique, costume, model, advanced technologies, image, silhouette, hyperbole, ornament, style, empathy, analogy, neology, fashion, bionics.*

**Киришүү.** Костюмга жаңы модель иштеп чыгууга дизайнерлер- модельерлер колдонгон усулдар бир нече [1, 2]. Ар бир дизайнер өзүнүн чыгармачылык даражаметине, көркөм долбоорлоо тажырыйбасына жана башка шарттарга байланыштуу жаңы моделдерди иштеп чыгууга усулду тандап алат.

Жаш дизайнер-модельерлер жана өндүрүштө ишин жаңы баштаган адистер үчүн усул тандоо түйшүктүү болот. Себеби алар көркөм долбоорлоонун ар бир усулун терең өздөштүрө элек болушу мүмкүн.

Макалада костюмдун жаңы моделдерин долбоорлоодо көп колдонулган усулдар боюнча, кыскача маалыматтар берилди жана ассоциация усулунун ыкмалары изилденип колдонулушу көрсөтүлдү.

*Актуалдуулугу.* Кыз-келиндердин көпчүлүгү, жылдын ар бир жаңы сезонуна жаңы, өзгөчө, башкаларга окшош болбогон моделдеги кийимди кийүүнү каалашат. Алардын ар бирин жаңы моделдеги костюм менен камсыздоо үчүн канчалаган моделдерди иштеп чыгуу талап кылынаарын эсептөө да кыйын. Учурдун бул талаптарын орундатуу үчүн кийим дизайнерлерин, айрыкча жаш дизайнерлерди, жаңы моделдерди долбоорлоонун эффективтүү усулдардын колдонууга багыттоо жана аларды үйрөтүү зарыл [ 5 ].

*Жумуштун максаты* - Жаш дизайнерлерди жана ишин жаңы баштаган дизайнер-модельерлерди, көркөм чыгармачылык долбоорлоонун усулдары жана ыкмалары менен тааныштыруу. Ассоциация усулун изилдөө аркылуу бул усулдун ыкмаларын колдонууну жаштарга терең билдирүү болуп саналат.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Жаратылыштагы ар кандай предметтер, фауна, флора, кубулуштар, илимдеги, техникадагы жана технологиядагы жаңылыктар; дүйнөгө белгилүү жана улуттук мода үйлөрүнүн, дүйнөгө атагы чыккан дизайнерлердин моделдери жана коллекциялары; субъективтүү элестетүү-лөр изилдөөнүн материалы же предмети болду. Тандалган предметке эмпирикалык изилдөөнүн усулдары колдонулуп, табылган идеяларга моделдин эскиздери иштелип

чыкты. Иштелип чыккан ар бир эскизге изилдөөнүн анализ, салыштыруу, жалпылоо, дедукция, логикалык усулдары колдонулуп, костюмга моделдер тандалды.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Костюмга жаңы моделдерди иштеп чыгууда ассоциация усулунун ыкмаларынын колдонулушу практика жүзүндө көргөзүлдү. Кыз-келиндер үчүн костюмдун жаңы моделдери иштелип чыкты.

Кийимге жаңы моделдерди долбоорлоодо, өткөн кылымдарда жана азыркы учурда дагы колдонулуп келе жаткан негизги усулдардын бири, чыгармачылык булактан болгон шыктануу жана эргүү эмоцияны жаңы идеяларды табууга колдонуу усулу.

Чыгармачылык булак усулун колдонуу жаштар үчүн татаал, себеби көркөм чыгармачылык долбоорлоодо көп жылдык тажрыйбаны талап кылган усул. Белгилүү жана тажрыйбалуу дизайнерлер бул усулду өтө чыгармачылык менен колдонушат. Алардын моделинде чыгармачылык булак эч качан ачык чагылдырылбай, бирок ансыз эле чыгармачылык булак, жумулган көзгө көрүнүп, музыка болуп кулакка угулуп, аромат жыты менен аңкып турат. Ошондуктан жаштар үчүн чыгармачылык булак усулун колдонуу кыйынчылыктуу.

Өткөн жана азыркы учурда колдонулуп келе жаткан усулдардын дагы бири, белгилүү дизайнер-моделерлердин жана Мода үйлөрүнүн усулдары. Белгилүү дизайнер модельерлер, окуучу үйрөнчүктөр менен чогуу иштешип, аларга өздөрүнүн дизайнерлик ыкмаларын жана чеберчилигин үйрөтүшкөн. Ал эми белгилүү Мода үйлөрүнүн алдында тандалып алынган таланттуу жаштарга, дизайн эрежелери окутулган. Ошондуктан белгилүү дизайнерлер жана Мода үйлөрү колдонгон өздүк усулдар, муундан-муунга өтүп азыркы күнгө чейин сакталып келе жатат. Жаш дизайнер-модельерлер белгилүү дизайнерлерге (Коко Шанель, Кристиан Диор жана башкалар) окшош болуу каалоосу менен болушу мүмкүн, бул усулдар жаштар тарабынан көп колдонулат [6, 7].

Атайын көркөм-чыгармачылык долбоорлоо үчүн иштелип чыккан жетелеме усулдардын (эвристикалык усулдар), түрлөрү көп [3,4]. Бул усулдардын бир багыты болгон, ассоциация усулун изилдөө, ассоциация усулунун идея табууга мейкиндиги эбегейсиз чоң экендигин көрсөттү. Ассоциация усулунун бул ыкмасы: илимдеги, техникадагы, технологиядагы жана материалдагы жаңы ачылууларды идея табууга же жаңы моделдерди иштеп чыгууга колдонуу. Алдыңкы технология деп аталган бул ыкманын колдонулушун изилдөө үчүн техникадагы структурасын өзгөртүүчү механизмдер; технологиядагы диод аркылуу түс өзгөртүү жана хамелион материалдар тандалып алынды. Структурасын өзгөртүүчү механизмдер боюнча костюмга жаңы модель иштеп чыгууга идея табууга мүмкүн болгон багыттар изилденди жана мындай багыттар көп экендиги аныкталды. Ар бир багыт боюнча идеяларга көптөгөн эскиздер иштелип чыкты. Диод аркылуу түс өзгөртүү жана хамелион материалдар боюнча дагы, жаңы модель иштеп чыгуу үчүн идея табууга мүмкүн болгон багыттар изилденди жана андай багыттар аныкталды. Ар бир багыт боюнча идеяларга көптөгөн эскиздер иштелип чыкты. Иштелип чыккан моделдердин арасынан, неон хамелион кристалл материалы колдонулуп, кыз-келиндер үчүн иштелип чыккан моделдер, 1-сүрөттө көрсөтүлдү.

*Модель А.* Түстөрүн өзгөртүп туруучу неон хамелион кристалл материалдар жана жарык берүүчү эффектеги майда тесьмалар колдонулган суу периси чагылдырылган модель.

*Модель Б.* Түстөрүн өзгөртүп туруучу неон хамелион кристалл материалдар жана жарык берүүчү эффектеги майда тесьмалар колдонулган сахна костюмунун модели.

*Модель В*. Түстөрүн өзгөртүп туруучу неон хамелион кристалл материалдар жана жарык берүүчү эффектеги майда тесьмалар колдонулган сахнага кийилүүчү кийимдин модели.



А Б В

1-сүрөт. Ассоциация усулунун алдыңкы технология ыкмасын колдонуу.

Бул моделдер, жаңы ачылыштын бир түрү боюнча эле, жаңы идеяларды табууга ар түрдүү багыттар бар экендигин жана ар бир багыт боюнча көптөгөн моделдерди иштеп чыгуу мүмкүн экендигин көрсөттү.



А Б В

2-сүрөт. Ассоциация усулунун аналогия ыкмасын колдонуу

Ассоциация усулунун алдыңкы технология ыкмасына жүргүзүлгөн изилдөөлөр, ассоциация усулунун калган: аналогия, ассоциация, неология, бионика, эмпатия жана гипербола ыкмалары боюнча дагы жүргүзүлдү. Башкача айтканда ассоциациянын ыкмасынын шартына байланыштуу изилдөөнүн предметти тандалды; предметтин, моделге идея табууга мүмкүн болгон багыттары аныкталды; багыттар боюнча эскиздер иштелип чыкты; эскиздерге талдоо жүргүзүлүп моделдер тандалып алынды жана мүнөздөлдү; ыкманын модель үчүн жаңы идея табуу мүмкүнчүлүгү бааланды.

Ассоциация усулунун аналогия аталыштагы ыкмасында, моделди иштеп чыгууга идея белгилүү дизайнерлердин моделдеринен, коллекцияларынан, улуттук костюмдардан жана декоративтүү колдонмо буюмдардан жана башкалардан алынат.

*Модель* А. Моделдин аналогу япондордун улутттук кимоносу. Кимоно япондордун салттуу дарагы, сакуранын гүлдөгөн сүрөттөрү менен декорацияланган.

*Модель* Б. Моделдин аналогу кыргыздардын улуттук кийимдери. Костюм заманбап тебетейден, узун этектүү кең көйнөктөн жана белдемчиден түзүлгөн. Моделдин белдемчиси жана аксессуарлары кыргыз оюм чийимдери менен кооздолгон.

*Модель* В Моделдин аналогу кытайлардын улуттук кийими. Костюмдун өзгөчөлүгү анын конструкциясында жана батик техникасында кийимге түшүрүлгөн сүрөттөрдө.

Аналогия ыкмасы боюнча иштелип чыккан бул моделдер, улуттук костюм багыты боюнча эле, жаңы идеяларды табууга дүйнөдөгү улуттардын санына барабар багыттар бар экендигин жана ар бир багыт боюнча көптөгөн моделдерди иштеп чыгуу мүмкүн экендигин көрсөтөт. Сырткы дүүлүктүргүч чөйрөнүн (ар кандай визуальный обьект, үн, жыт, мелодия ж. б.) таасири астында адамдын сезиминде пайда болуучу элести идея катары колдонуп жаңы моделдерди иштеп чыгуу ыкмасы ассоциация усулунун бир түрү. К. Диордун “Көргөнүмдүн, укканымдын жана билгенимдин бардыгын костюмга айландырам” деген сөзү ушул ассоциация усулуна тиешелүү болсо керек. Бул усулду колдонуу менен иштелип чыккан моделдерде, дүүлүктүрүүчү чөйрө, көз аркылуу кабыл алынган: кымыз куюга арналган идиш көөкөр, кыргыздардын боз үйү жана кыргыздардын музыкалык инструменти болгон кыл кыяк болду (3-сүрөт).



А Б В

3-сүрөт. Ассоциация ыкмасын колдонуу

*Модель А* Эскиздеги биринчи моделде көөкөр идиштин пластикалык ийкемдүү көрүнүшү, булгаарыдан жасалган материалдуулугу, моделдин силуэти, формасы жана фактурасы үчүн колдонулду. Ошону менен бирге көөкөрдүн капкагы болсо моделдин баш кийиминин силуэти катары стилизацияланды. Кыргыздардын уста колдорунан жаралган көөкөргө берилген кооздуктар кийимди жасалгалоого трансформацияланып колдонулду.

*Модель Б* Экинчи моделде кыргыздардын боз үйү сырткы жабынчу, ал эми шырдактын материалдуулугу көйнөктүн фактурасы катары колдонулду. Костюмду кооздоодо боз үйдү жана шырдакты жасалгалоочу оюм чийимдери трансформацияланып, стилизацияланып пайдаланылды.

*Модель В* Элдик үндүү аспаптардын бир түрү кыл кыяктын формасынан кийимдин силуэтине алынды. Ал эми кыл кыяктын кылдарын тартып туруучу чоң эки кулактары, көйнөктүн жасалма жеңдеринин өзгөчөлүгү үчүн трансформацияланды. Костюмдун фактурасына кыл кыяк жасалган жыгачтын материалдуулугу колдонулду.

Адам баласы сезүү органдары менен канчалык көп предметтерди көрөт, угат, элестетет. Ошондуктан ассоциация усулу боюнча жаңы идеяларды табууга багыттар абдан эле көп. Ар бир багыт боюнча көптөгөн моделдерди иштеп чыгууга мүмкүн экендигин 3 – сүрөттөгү меделдер далилдейт. Заманбап модадагы идеялар баардык учурда, башкалар тарабынан колдонулат, моралдык, психологиялык эскиргенге чейин. Бирок бөлөк идеяны колдонуп иштелип чыккан модель плагиат болбоосу үчүн моделдин үстүнө: процессте эмнени өзгөртүү керек? прототипте эмнени өзгөртүү керек? кантип өзгөртүү керек? деген суроолорду коюп, ошого жараша моделди өзгөртүү керек. Моделди иштеп чыгууга эч кандай идея табуу талап кылбаган ассоциациянын бул ыкмасын неология деп аталат. Неология ыкмасын колдонуу менен иштелип чыккан моделдер 4-сүрөттө көрсөтүлдү.



А Б В

4 – сүрөт. Ассоциация усулунун неология ыкмасын колдонуу

*Модель* А. Моделди иштеп чыгуу үчүн деним стилиндеги костюм колдонулду. Аналогдогу моделге киргизилген өзгөртүүлөр: костюмдагы конструкциялык деталдардын формалары, адамдын дене түзүлүшүнө кыналышкан силуэт, костюмдун курткасынын желкесине жана жеңдеринин үстүнө акцент катары өсүмдүктөр дүйнөсүнүн стилизацияланган формасындагы орнаменттер менен жасалгаланышы.

*Модель* Б. Моделди иштеп чыгуу үчүн классикалык стилдеги костюм колдонулду. Аналогдогу костюмдан өзгөртүүлөр: жакет өзгөчө конструкциядагы болерого айланды жана клеш шымдын сыртынан кыска белдемчи кошулду. Костюмда акцент катары белдемчиге ритмдүү орнаменттер менен коздук берилди.

*Модель* В. Моделди иштеп чыгуу үчүн оверсайз стилиндеги кийим колдонулду. Костюмда прототиптин формасы жана түсү өзгөртүлдү. Кийимдин өңүрүнө өсүмдүктөрдүн стилизацияланган формасындагы оюм чийимдер менен коздук берилди.

Неология ыкмасы менен модадагы ар бир моделди, ар тараптуу багытта өзгөртүү менен ар түрдүү моделдерди иштеп чыгууга болот. Ошондуктан неология ыкмасы, модадагы моделдердин санына барабар болгон багытар боюнча жаңы моделдерди иштеп чыгууга мейкиндик түзөт.

Ассоциация усулунун бионика аталыштагы ыкмасы, жандуу дүйнөдөгү принциптер, уюштурулуш, жашоо, түзүлүш жана башка шарттарга байкоо жүргүзүү

аркылуу, модель үчүн идея издөөгө багыттайт. 5- сүрөттө бул ыкманы колдонуу менен иштелип чыккан моделдер берилди.



А Б В

5 – сүрөт. Ассоциация усулунун бионика ыкмасын колдону

*Модель* А. Бионикалык объект, сулуулуктун, сүйүүнүн символу болгон ак куу. Модель ак куунун түзүлүшүнөн алынган идеялардын негизинде иштелип чыкты. Ак куунун образы көптөгөн чыгармаларда колдонулуп келет. Эскизде ак кууга мүнөздүү образды ачып берүүдө анын кыймыл аракети, силуэти, түсү колдонулду.

*Модель* Б. Бионикалык объект, тоо аркары. Тоо аркарын илгертен кыргыз элинде ыйык деп билишкен. Анын мүйүздөрүнүн стилдештирилген формасы кыргыз оюм чийимдеринде кеңири колдонулуп келе жатат. Эскизде тоо аркарына мүнөздүү болгон формалардан, түзүлүштөрдөн кыймылындагы ыкчамдык, шамдагайлык касиеттеринен алынган идеялардын негизинде модель иштелип чыккан.

*Модель* В. Бионикалык объект, Ала - Тоонун падышасы катары саналган ак илбирс. Моделде ак илбирске тиешелүү болгон сүрдүүлүктөн, ыкчамдыктан жана түзүлүшүндөгү сулуулуктан алынган идеялардын негизинде модель иштелип чыкты.

Бул моделдерде көрүнүп тургандай, ар бир жандуунун принциптери түзүлүштөрү жана жашоосу ар түрдүү моделдерди иштеп чыгууга багыт берет. Ар бир жандуу идея табууга көптөгөн багыттарды бергендиктен, бул ыкма, идея табууга дүйнөдөгү жандуулардын санынан көп багыттарды берет.

Эмпатия ыкмасы, моделдин утилитардык касиеттерин, жашоонун баардык шарттарына эффективтүү болушун камсыздоого багытталган. Бул ыкма менен моделди иштеп чыгуу үчүн, моделдин (кийимдин) функциясын, дизайнер өзү ар түрдүү шарттарда аткарып, моделге болгон талаптар ар тараптуу аныкталат. Модель иштеп чыгууда аныкталган талаптардын баардыгы эске алынат. Эмпатия ыкмасынын шарттары боюнча иштелип чыккан моделдер 6-сүрөттө көрсөтүлдү.

*Модель А* Модель жарым кыналышкан силуэтте болуп, костюмда сыртка чыгып турган кур же хлястиктери жок ыңгайлуу функционалдуу костюм болуп эсептелет. Костюмдун курткасынын желкесинин оң жагында жана жеңдеринде акцент катары өсүмдүктөр дүйнөсүнүн стилизацияланган формасындагы орнаменттер менен жасалгаланды.

*Модель Б* Костюм күнүмдүк кийип жүрүүгө арналып, эч кандай ыңгайсыздык жаратпайт. Костюмдун жеңдерине акцент катары ритмдүү орнаменттер менен коoздук берилди.



А Б В

6 – сүрөт Ассоциация усулунун эмпатия ыкмасын колдонуу

*Модель В* Модель эмпатия усулунда иштеп чыгылды. Костюмдун конструкциясы кийип жүргөндө кыймыл аракет жасоодо эч кандай ыңгайсыздык жаратпайт. Мындай кийимдер менен адамдар жыш болгон жерде, транспорттордо эч илешип кала турган деталы жок оңой суурулуп чыгып кетет.



А Б В

7 – сүрөт Ассоциация усулунун гипербола ыкмасын колдонуу.

Дизайнер изилдөө учурунда, моделге ар тараптуу көптөгөн талаптарды аныкташы мүмкүн. Анын негизинде, талаптардын санына барабар болгон багыттар жаңы моделдерди иштеп чыгуу үчүн түзүлөт. 6-сүрөттө көрсөтүлгөндөй ар бир багыт боюнча көптөгөн моделдерди иштеп чыгууга болот.

Ассоциация усулунун дагы бир өзгөчө түрү болуп гипербола ыкмасы эсептелет. Бул ыкмада идея эл арасында кездешкен өзгөчө (куудулча, күлкүмүштүү жана башка) кийимдерден, көрүнүштөрдөн алынат. Бул усулду изилдөө боюнча ишелип чыккан моделдер 7-сүрөттө көрсөтүлдү.

*Модель А* Костюм сахнадагы образдарды ачып берүүгө, карнавалга кийүүгө арналган. Костюм жарым кыналышкан силуэтте болуп көйнөктөн ласинадан турат. Моделдин көйнөгүнүн өңүрү жана ласинасы жаратыштын өсүмдүктөр дүйнөсүнүн стилизацияланган формадагы орнаменттер менен коздолгон.

*Модель Б* Костюм карнавалга арналган. Костюм көйнөктөн, клеш шымдан, өзгөчө шляпадан түзүлгөн. Моделде акцент катары көйнөктүн оң жагына жана этегине өсүмдүктөрдөрдөн стилдештирилген орнаменттер аркылуу берилген.

*Модель В* Моделдин өзгөчөлүгү жеңдүү туникада жана жаратылыш дүйнөсүнүн стилдештирилген мотивиндеги орнаменттер менен декорацияланган шымда көрсөтүлгөн.

Гипербола ыкмасын колдонуп, ар кандай кийимдин моделин күлкүмүштүү моделге өзгөртүүгө мүмкүн экендиги далилденди. Бул гипербола ыкмасынын дагы, башка ыкмалар сыяктуу эле, жаңы моделдерди иштеп чыгууга эбегейсиз чоң мейкиндиги бар экендигин көрсөтөт.

**Жыйынтыктар.** Ассоциация усулунун ар бир ыкмасы, шартына байланыштуу костюмдун модели үчүн идея жаратууда көптөгөн багыттарды табууга мүмкүндүк берет.

Ар бир багыт дизайнерге, көркөм чыгармачылык деңгээлине жана тажырыйбасына жараша көптөгөн идеяларды таап, аларга жаңы моделдерди иштеп чыгышына шарт түзөт.

Жаш дизайнерге ассоциация усулун, костюмга модель иштеп чыгууга колдонуу эффективтүү, себеби бул усулдун ыкмалар идея табууга көптөгөн багыттарды берет. Ар бир багыт боюнча көптөгөн моделдерди иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк дайыма бар.

**Корутунду:**

1. Көркөм чыгармачылыктын ассоциация усулунун ар бир ыкмасы, костюмга моделдерди иштеп чыгуу үчүн, идея издөөгө багыттарды жана анын көптөгөн түрлөрүн берет. Ар бир багыт боюнча, костюмдун жаңы моделдерин иштеп чыгуу мүмкүн экендигин изилдөөлөр көргөздү.

2. Өндүрүштө иштеген жаш дизайнер-моделерлерге, дизайнердик ишмердүүлүктү жаңы баштаган жаштарга жана бүтүрүүчү квалификациялык жумушту, курстук долбоорлоону аткаруу үчүн студенттерге ассоциация усулунун ыкмаларын, костюмдун моделдерин иштеп чыгууда колдонуу сунушталат.

**Адабияттар:**


1. Киселева Т. В. Введение в проектирование одежды Благовещенск: [Текст] // Изд-во БГПУ, 2011. 55с.
2. Макавеев Н. С. «Основы художественного проектирование костюма» [Текст] // - Москва Издательский центр «Академия» 2010
3. Арзиев М. Использование методов проектирование костюма. [Текст] / А. Б. Молдошева // Известия КГТУ им И.Разакова, № 4(48) Бишкек. 2018 г. С. 100 – 107с.
4. Молдошова А. Б. Костюмду долбоорлоонун эвристикалык усулдарынын колдонулушу [Текст] // Известия ОшТУ им А. Адышева, №1 (181) 2022 г. 180-183с.
5. Абдыкалыкова Н.С. Швейная промышленность Кыргызстана: состояние и песпективы. [Текст] / Арзиев М.// Ош, Известия ОшТУ № 1, 2016, 77-89 с.
6. Абдыкалыкова Н.С., Методика и технология изготовления курака. [Текст] / М. Арзиев, Камилжан кызы К.// Бишкек. КГТУ им И.Разакова. Журнал бюлетень науки и практики № , 2024 г. 102 с.
7. Камилжан кызы К. Курак тигүү өнөрү. [Текст] / М. Арзиев, Э. Э. Кокоева // КУУ; НОТ № 2, 2024 г. 79 с.

УДК 687.01

Кубакова Айзада Эргешбаевна, ОшТУнун доценти,
ORCID 0009-0005-8069-8131
Молдошова Аида Буркановна, ага окутуучу,
ORCID 0009-0003-1382-0251
Ош технологиялык университети
E-mail: e-mail: aizadakubakova@gmail.com

## ОКУУЧУЛАРДЫН ЖАШ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮНӨ ЖАРАША МЕКТЕП ФОРМАЛАРЫН ИШТЕП ЧЫГУУ

*Кыргызстанда мектеп формалары ар түрдүү болгондуктан, мектептер өздөрүнүн шартына, табитине жараша бирдей форма тандап алышат. Ошол эле учурда алар башка мектептерден өзгөчөлөнүп турууну каалашат. Макалада Кыргызстанда жарыяланган мектеп формасынын конкурсунун негизинде, формалардын бир канча варианттары сунушталган. Заманбап стилдеги мектеп формалары мода тенденцияларына дал келип, окуучулардын купулун толтура алат. Ошондой эле окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө жараша ыңгайлуу жана заманбап.*

*Негизги сөздөр**:** мектеп форма, окуучулар, мода, мода багыттары, ыңгайлуулук, бирдиктүү форма, көйнөк, шым, юбка, ата-энелер, стилдер, силуэт.*

Кубакова Айзада Эргешбаевна, доцент ОшТУ,
Молдошова Аида Буркановна, ст.преподаватель,
Ошский технологический университет

## РАЗРАБОТКА ШКОЛЬНОЙ ФОРМЫ ДЛЯ УЧЕНИКОВ С УЧЕТОМ ВОЗРАСТНЫХ ОСОБЕННОСТЕЙ

*В Кыргызстане школьная форма для учеников разнообразно, каждая школа выбирает единую форму по своему условию и вкусу. В статье рассматривается разработка школьной формы разных вариантов для учеников разных возрастных групп на основе конкурса объявленной в Кыргызстане. Рекомендуемые школьные формы соответствует тенденциям моды, а также соответствует возрасту.*

*Ключевые слова**:** школьная форма, ученики, мода, удобства, единая форма, платье, брюки, сарафан, юбка, родители, стили, силуэт.*

Kubakova Aizada Ergeshbaevna, docent,
Moldoshova Aida Burkanovna, senior lector,
Osh Technological University

## METHODOLOGY FOR THE DEVELOPMENT OF SCHOOL UNIFORMS FOR STUDENTS OF THE PRIMARY SCHOOL GROUP

*In Kyrgyzstan, the school uniform for students is diverse; each school chooses a single uniform according to its condition and taste. The article discusses the methods of designing school uniforms for schoolchildren of the younger age group.*

*Key words: school uniform, students, fashion, amenities, uniform, dress, trousers, sundress, skirt, parents.*

**Киришүү.** Азыркы учурда мектеп окуучулары өзгөчөлөнүп турууну, ошол эле учурда заманбап кездемелерден кийүүнү каалашат. Мектеп формасы жаш курагына жараша бири-биринен костюмдарынын түстөрү боюнча айырмаланып турушу зарыл. Кичүү мектеп жашындагы окуучулар көп кыймыл-аракетте болгондуктан форма ыңгайлуу болуш керек. Бул курактагы мектеп окуучулары модага анча көңүл бурушпайт. Иштелип чыккан моделдердин түстөрү дагы басыңкы болуп бул талаптарга жооп берет. Орто мектеп жашындагы окуучуларга сунушталган формалар заманбап, бул курактагы балдар бир аз болсо дагы мода жөнүндө түшүнүгү бар. Бул жаштагы окуучулар кичүү мектеп жашындагы окуучулардан айырмаланып турууну каалашат. 7-9 класстагы мектеп окуучулары үчүн формалар стилдүү болгондуктан окуучуларды өзүнө тартып турат. 10-11 класстагы окуучулардын формасы өзгөчө, бул курактагы окуучулар моданын багытына өзгөчө көңүл бурушат. Жогорку класстагы мектеп окуучулар өзгөчөлөнүп турууну жактырышат, сунушталган формалар алардын талабына жооп берет. *Актуалдуулугу.* Окуучулар моданын багытына дал келе турган, ошол эле убакта башкалардан айырмаланып турууну каалашат. Ошол себептен мурда иштелип чыккан формалардан өзгөчөлөнгөн моделдерди иштеп чыгуу зарыл болгон. Окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен алардын табитине, психо-физиологиялык өсүшүн эске алуу менен заманбап эскиздер иштелип чыкты. Иштелип чыккан эскиздер түстөрү, формалары менен айырмаланып костюмдун комплектин түзөт жана трансформер (юбканы бир убакта чечип, кыска жакетке айландырса болот) .[1,2]

*Жумуштун максаты.* Кыргызстанда заманбап мектеп формаларынын эскиздерин иштеп чыгуу жана мектептерге кийүүнү сунуштоо.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Мектеп формасы- окуучулардын мектепте күнүмдүк кийип жүрүүчү формасы жана бул форма балдардын окуучу экендигин айгинелейт. Ошондой эле формалар бир гана сабак учурунда кийилбестен, башка максаттарда да кийилет. Окуучулардын сабакка болгон жоопкерчилигин арттыруу максатында бирдиктүү мектеп формасы каралат. Окуучулардын бирдей кийинүүсү бири-бирине болгон атаандаштыгын азайтат. Кирешелүү ата-энелер менен карапайым ата-эненин балдарынын балдарынын кийимдеринин ортосундагы айырманы олуттуу түрдө азайтат. Мамлекеттик стандарттын негизинде кабыл алынган бирдиктүү мектеп формасы, окуучулардын кийимдеринин санитардык-гигиеналык, экономикалык талаптарына жооп берет. 1990-жылга чейин Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алганга чейин СССРдин курамында турган, ошондуктан биздин өлкө СССРдин мектеп формасын кийип келишкен. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алганга чейин СССРдин курамында болгон, ошондуктан окуучулар ошол кездеги жалпы форманы кийип келишкен. Россияда мектеп формасы 1834-жылы бекитилген Россия империясынын бардык орто мектептеринде бул форманы кийип жүрүүгө милдеттендирилген. Гимназия формасы буржуазиялык калдык деп жарыяланып 1918 – жылы жоюлган. Өкмөттүн токтому менен 1935 - жылы бирдиктүү мектеп формасы кайрадан түзүлүп, аны 1947- жылдан баштап кийиле баштаган. Жаңы форма мурдагы формага окшош болуп балдарга көк кепка, боз туника, кыздарга ак жакалуу күрөң түстөгү көйнөктөр жана кара жана ак түстөгү фартуктарды тагышкан. Башталгыч жана ортоңку класстардын окуучулардын чач жасалгаларына көңүл бурулган. Эреже боюнча биринчи класстын балдары таз кыркылган, үчүнчү класстын окуучуларына кичинекей чачтары калтырылган, бешинчи класстын окуучулары чачынын жарымын калтырышкан. Жетинчи жана жогорку класстагыларга чачын кырбоого уруксат берилген, кыздарга кээ бир учурларда гана чач кырктырууга болгон. 1962-жылы Советтик мектеп формасынын стили жаңыланган. Эркек балдар кара жана көк түстөрдөгү шым курткаларды кийишкен. 1970- жылдан баштап башталгыч жана орто мектептерде балдардын курткалары ачык түстөргө алмаштырылган. Кыздар күрөң

көйнөктөрдү кара, өзгөчө учурларда ак фартуктар менен кийишип, чачтарына ак бантик тагышкан.




1- Сүрөт  Советтер Союзу маалындагы кичүү класстардын мектеп формалары [7]



2 – сүрөт ССР убагындагы орто мектеп жашындагы окуучулардын формалары [7]



3 –сүрөт Бүтүрүүчүлөрдүн мектеп формалары ССР убагындагысы [8]



4 - сүрөт Конкурска коюлган мектеп формалары.
https://www.vb.kg/doc/279069_v_kyrgyzstane_vybrali_eskiz_edinoy_shkolnoy_formy.html

1990 – жылы Кыргыз Республикасы эгемендүүлүк алгандан баштап, жаңыча мектеп формаларын кийүүнү сунуштаган. Дээрлик кыргызстандын бардык мектептеринде окуучулар үстүлөрүнө ак түстөгү кийимдерди, төмөн жагына кыздар кара түстө юбка, балдар шым кийишкен. Бирдиктүү форма окуучулардын маданияттуу болуп калыптанышына жана билимге умтулуусуна түрткү берет. Окуучулардын бирдей шартта билим алуусу үчүн форма социалдык теңдикти сактайт. Билим берүү министирлигинин демилгеси менен бирдиктүү мектеп формасын киргизүү ишке ашат. Ошол эле учурда тигүү цехтери жана ата-энелердин жардамы менен формалар иштелип чыгарылат. 2014-жылы Кыргызстанда мектеп формасына конкурс жарыяланган. Ушул конкурстун негизинде көптөгөн дизайнерлер өздөрүнүн варианттарын сунушташкан. Ата-энелер жана мектеп окуучулары СМС добуш берүү аркылуу бир вариантты тандап алышкан (кенже класстар – ток кызыл  түстүү  жакеттер, жогорку класстагылар үчүн боз түстөгү жакеттер).




5- сүрөт конкурста кабыл алынган мектеп формалары
https://www.bbc.com/kyrgyz/kyrgyzstan/2014/07/140701_school_uniform



6-сүрөт. Учурдагы жогорку класстагы окуучулардын мектеп формалары.

Ата-энелердин чечими менен формалардын стили, түсүнүн  өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен мектептер формалардын бир канча варианттарын тандай алышат. Классикалык стилдеги  мектеп формасы 2015 – жылы өкмөттүн токтому менен бекитилген. Бул формалар төрт түстө болгон кара, көк, боз жана ток кызыл. Кыздар

үчүн ак кофта, сарафан, кемзир же жакет  юбка  кийүү сунушталган. Суук учурларда кыздарга шым кийүүгө уруксат берилген. Балдар үчүн ак көйнөк, кара шым кичүү мектеп жашындагылар үчүн боз түстөгү шым кемзир жана костюм кийилген. Кемзири менен костюмдун түсү ток кызыл түстө болгон. Окуу жайдын уставынын негизинде балдарга нейтралдуу түстөгү көйнөктөр, кыздарга классикалык стилдеги кийимдерди кийүүгө болгон.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-августундагы № 572 токтому менен билим берүү уюмдарында мектеп формасына бирдиктүү талаптар белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-августундагы № 572 токтому менен билим берүү уюмдарында мектеп формасына бирдиктүү талаптар белгиленген.

2015 – жылдын 1- сентябрынан баштап жалпы билим берүү мекемелеринде уставка ылайык тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен бирдиктүү мектеп формаларын кийе баштоону  билим берүү министири тапшырган. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өкмөттүн аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлгөн. Ушул токтомдун негизинде бирдиктүү талаптар сунушталган.

Окуучулардын кийимине жана сырткы келбетине карата бул бирдиктүү талаптар төмөнкү максаттарда киргизилет:

- окуу тарбия жана класстан тышкаркы иштерде тартипти чыңдоо, окуу процессин сапаттуу уюштуруу;
- окуучуларды ыңгайлуу жана жарашыктуу кийимдер менен камсыздоо;
*Изилдөөнүн предмети буудайдын изилденүүчү сортторунун үрөндөрү, түшүмдүн структурасы, үрөндүн фитоэкспертизасы, дандын сапаты болду. Изилдөөлөрдүн максаты үрөндү үрөнгө чейинки иштетүүнүн күздүк жана жаздык буудайдын себүү сапатына тийгизген таасирин аныктоо болгон. Изилдөө методдору: талаа методдору жана микологиялык лабораториялык методдор. Изилдөөнүн ар кандай методдорун колдонуу күздүк жана жазгы себүүдө буудайдын факультативдик сортторунун үрөндөрүн үрөн материалы аркылуу жугуучу козу карын ооруларга каршы себүүнүн натыйжалуулугун ар тараптуу баалоого, ошондой эле түшүмдүүлүктү жогорулатуу жана дандын сапатын жакшыртуу үчүн коргоонун оптималдуу жолдорун жана каражаттарын аныктоого мүмкүндүк берди.*

*Ачкыч сөздөр: сорт, буудай, үрөн, ооруу козгогучтар, өсүү стимуляторлору, талаа, бөлүнүү.*

Adylbayev Nurdin Bakytbekovich, graduate student,
Kyrgyz National Agrarian University,
Samieva Zhyrgal Toktogulovna,
Doctor of biological sciences, associate professor,
Kubanychbek kyzy Nurgul, graduate student,
Kyrgyz-Uzbek International University

## EFFECT OF PRE-SOWING SEED TREATMENT ON SOWING QUALITIES OF WINTER AND SPRING WHEAT

*The subject of research was the seeds of the studied wheat varieties, yield structure, seed phytoexamination, and grain quality. The aim of the research was to determine the influence of seed pre-sowing treatment on sowing qualities of winter and spring wheat. Research methods: field methods and mycological laboratory methods. The use of different research methods allowed to comprehensively evaluate the effectiveness of pre-sowing seed treatment of facultative wheat varieties in winter and spring sowing against fungal diseases*

*transmitted through seed material, as well as determining the optimal methods and means of protection to increase yields and improve grain quality.*

*Key words: variety, wheat, seeds, diseases, pathogens, growth stimulants, field, plots.*

**Введение.** Пшеница является важной стратегической культурой в Кыргызстане и основным источником питания населения, на ее долю приходится более половины общей посевной площади страны. Ключевым фактором получения хорошего урожая является защита этой сельскохозяйственной культуры от вредоносных болезней. В настоящее время она высевается во всех агроклиматических зонах и занимает около 250000 га, в том числе более половины на неорошаемых землях. Культура занимает большие площади на условно орошаемых фонах, когда дается только предпахотный влагозарядковый полив. [2]. Именно поэтому так остро стоит вопрос урожайности и защиты данной культуры от различных болезней, которые при обширном распространении могут погубить посевы. Еще в 1930-годах академик Н. И. Вавилов (1967) указывал, что современное требование к пшенице очень велико. Огромный исторический период, пройденный культурой, все растущая её значимость в питании населения земного шара, все больше и больше требования мирового рынка к качеству зерна ставят новые задачи перед селекционерами [3].

Контроль грибной микрофлоры пшеницы, как в озимом, так и в яровом севе является важным аспектом сельского хозяйства, который включает в себя применение химических и биологических методов защиты растений, выбор устойчивых сортов, а также соблюдение агротехнических мероприятий для предотвращения распространения грибных инфекций.

Взаимодействие пшеницы с различными патогенами приводит к возникновению основных болезней этой культуры. Это является серьезной проблемой для сельского хозяйства, так как данные заболевания приводят к снижению урожая и качества пшеницы. Выбор сортов пшеницы, устойчивых к болезням, является важным аспектом борьбы с заболеваниями. Разработка сортов пшеницы с высокой устойчивостью к заболеваниям позволяет снизить риск инфицирования и уменьшить потери урожая. Проанализированы распространение, биологические особенности и вредоносность грибной микрофлоры озимой и яровой пшеницы, проведен анализ современного состояния исследований по поиску экологически безопасных и экономически менее затратных способов обработки семян.

**Объекты исследования:** факультативные сорта пшеницы (*Triticum aestivum)*: Интенсивная, Джамин и Данк**,** выведенные Кыргызским научно-исследовательским институтом земледелия (КНИИЗ), фунгициды: Раксил, КС (тебуконазол 60 г/л) 0,5 л/т, Фулдазон, СП (Беномил 500 г/л) 0,3 л/т, Агротирам, СП (тирам 800 г/кг) 1,5 кг/т и стимуляторы роста: Руткат и Суприлд.

**Предмет исследования:** семена изучаемых сортов**,** структура урожая, фитоэкспертиза семян, качество зерна. Исследования проводились в 2019-2022 гг. на опытных полях КНИИЗ в Орокской сельской управе Сокулукского района расположенной в центральной части предгорной зоны Чуйской области. Для изучения эффективности фунгицидов и стимуляторов роста был заложен опыт в севообороте со следующим чередованием: 1. Кукуруза на зерно; 2. Яровой ячмень; 3. Озимая и яровая пшеница. В соответствии поставленной целью работы определялась эффективность фунгицидов Раксил, КС, Фулдазон, СП, Агротирам, СП, а также стимуляторы роста растений Руткат и Суприлд. Исследования проведены по схеме опыта, которая включала оценку влияния предпосевной обработки семян фунгицидами и стимуляторами роста в 6 вариантах (вместе с контролем) на 3-х сортах пшеницы. Площадь делянки - 25 м2. Опыты заложены в 4-х кратной повторности (рисунок 2.3.1).



Рис. 1. Опытные делянки.

**Полевые методы** исследования направлены на изучение влияния предпосевной обработки семян в реальных условиях возделывания пшеницы, оценивались агрономические показатели, такие как полевая всхожесть, выживаемость, рост и развитие растений, устойчивость к болезням, а также урожайность и качество зерна.

**Микологические методы исследования.** При фитоэкспертизе семян пшеницы, оценивались их посевные качества (энергия прорастания на 3 сутки, лабораторная всхожесть на 7 сутки) согласно ГОСТу. Посевные качества семян определяли во влажных камерах. С каждого образца брали по 100 семян в 4-й кратной повторности. При этом учитывали количество больных семян и проростков. При фитопатологических анализах семян, устанавливали видовой состав грибной и бактериальной микрофлоры. Анализы проводились на двух питательных средах картофельном-агаре (КА) и синтетической среде Чапека, согласно методическим указаниям Н.А. Наумовой «Анализ семян на грибную и бактериальную инфекцию». Определение грибной и бактериальной микрофлоры проводили по морфологическим признакам колоний грибов и бактерий и их чистых культур. На зараженность грибных патогенов чистую культуру выделяли по методике И. А. Дудка [1982] [4]. Образцы растений с признаками поражения тщательно промывали водой и подсушивали на фильтровальной бумаге. Участки зараженной ткани (листья, корни) разрезали на фрагменты размером 3-7 мм, стерилизовали в 50 % спирте в течение 1 мин. и в асептических условиях раскладывали на поверхность мясо-пептонного агара (МПА) в чашках Петри по 50 штук в 3-х кратной повторности, затем помещали в термостат при температуре 23-24 °С. Наблюдение за ростом грибов проводили ежедневно (рисунок 2.4.1).



Рис. 2. Проведение микологических исследований в Ошской лаборатории карантина и защиты растений (г. Ош).

По мере роста кусочки мицелия грибов пересевали на новую питательную среду в центр чашки Петри. В результате отсевов выделяли чистые культуры, которые просматривали под микроскопом Primo Star при увеличении 1/2 850 на наличие спор для идентификации видов [1, 4].

В течение вегетации проводили 2 учета пораженности опытных растений корневыми гнилями, руководствуясь методическими указаниями под редакцией Г. П. Шуровенкова (1984). Первый учет осуществляли в фазу всходов - кущения, а второй - в фазу восковой - полной спелости зерна. При 1-ом учете с каждой повторности по диагонали делянки в 5 местах отбирали по 10 растений и составляли сборный сноп, состоящий из 50 растений. Затем снопы разбирали в лабораторных условиях, оценку интенсивности болезни или степени поражения растений, проводили по 3-х бальной шкале [5].

Отбор снопов для проведения 2-го учета пораженности растений корневыми гнилями проводили в фазу восковой твердой спелости аналогично методике 1-го учета. Оценку степени поражения проводили по шкале, разработанной во Всероссийском научно-исследовательском институте защиты растений (ВНИИЗР) [150].

Распространенность болезни (**P**) устанавливали по формуле (2.4.1):

$$P = \frac{n \times 100}{N} \qquad (2.4.1)$$

где **N** – Общее количество растений в пробах; **n** - количество больных растений;

Головневые болезни учитывали при апробации посевов в период восковой или полной спелости зерна. Для этого по диагонали поля через равные расстояния (50-100 метров) на площади до 100 га проверяли на корню или отбирали для лабораторного анализа 1000 стеблей (по 50-100 с каждой площадки).

Перед посевом семена сортов пшеницы были инокулированы спорами твердой головней путем их опудривания из расчета 0,1-0,5% спор к весу зерна, использовалась смесь местной популяции патогена из нескольких сортов. Заражение проводили в пакетах до визуально заметного их заспорения.

**Выводы:**

1. Представлены методология и методы исследования, охарактеризованы изучаемые фунгициды и удобрения описаны факультативные сорта мягкой пшеницы, агротехника опытного участка, методика проведения исследований и методы статистической обработки полученных данных.
2. Использование различных методов исследования позволило всесторонне оценить эффективность предпосевной обработки семян факультативных сортов пшеницы при озимом и яровом севе против грибковых болезней передающиеся через семенной материал, а также определение оптимальных способов и средств защиты для повышения урожайности и улучшения качества зерна.

**Литература:**

1. Киселева М. И. Видовой состав возбудителей корневой гнили на яровых зерновых в Республике Мордовия [Текст] / [Н. С., Жемчужина, В. П., Дубовой, В. В. Лапина] // Сельскохозяйственная биология. - М., 2016. - Т. 51, № 1. - С. 119-127.
2. Герман Н. В. Эффективность «Биотонус-МЭ» при предпосевной обработке семян яровой пшеницы в биогеохимической провинции Южного Урала [Текст] / Н. В. Герман // Развитие научной, творческой и инновационной деятельности молодежи: матер. IV Всерос. науч.-практ. онлайн конф. молодых ученых, Лесниково, 22 ноября 2012 г. / Курганская гос. с.-х. акад. им. Т. С. Мальцева. - Лесниково, 2013. - С. 45-48.
3. Вавилов Н. И. Избранные произведения [Текст]: в 2-х т. / Н. И. Вавилов. - Л.: Наука, 1967. - Т. 1. - 424 с.; Т. 2. - 480 с.
4. Дудка И. А. Метод экспериментальной микологии [Текст]: учебник / И. А. Дудка. - Киев, 1982. - 552 с.

5. Завалин А. А. Влияние ассоциативных диазотрофов на формирование урожая сортов яровой пшеницы [Текст] / А. А. Завалин, Л. В. Виноградова // Агрохимия. – М., 2000. - № 10. - С. 38-44.
6. Обзор появления и распространения основных вредителей и болезней сельскохозяйственных культур в Кыргызской Республике в 2015 году и прогноз их появления в 2016 г. [Текст]. - Бишкек: МСХиМ КР, 2016. - 212 с.

---

УДК 581.5

Исмаилова Жыпар Абдыласовна, б.и.к.,
ORCID 0000-0003-1378-8741
Ош технологиялык университети,
Акылбекова Жылдыз Акылбековна, магистрант,
Кыргыз-Өзбек Эл аралык университети,
Мухамбедибрагим уулу Нурбек, магистрант,
Ошский технологический университет

# КЫРГЫЗ-АТА УЛУТТУК ПАРКЫНЫН АРЧА ТОКОЙЛОРУНДА БИОЛОГИЯЛЫК ТҮРЛӨРДҮ ТҮЗҮҮНҮН ЭКОЛОГИЯЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макаланын изилдөө предмети катары Кыргыз-Ата» мамлекеттик улуттук жаратылыш паркынын аймагында жайгашкан арча токойлорлорунда биологиялык түрлөрдү түзүүнүн экологиялык өзгөчөлүктөрү каралды. Изилдөөнүн негизги максаты Кыргыз-Ата жаратылыш улуттук паркынын (КЖУП) токойлорунун биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоонун экологиялык негиздерин иштеп чыгуу, изилденүүчү токойлордун туруктуулугун, өнүмдүүлүгүн, коргоочу жана рекреациялык функцияларын жогорулатуу, ден соолугун чыңдоо, сактоо жана калыбына келтирүү үчүн келечекке артыкчылыктуу багыттарды тандоо болуп саналат. Изилдөөнүн методдоруна токойчулук-таксациялык ыкмалар жана математикалык моделдештирүү, статистикалык, геоинформациялык, картографиялык, усулдары колдонулду. Изилдөөлөрдүн жыйынтыгында улуттук жаратылыш паркынын аймагында жайгашкан арча токойлорго, өсүмдүктөргө жана кыртышка болгон рекреациялык таасирлер изилденип, көп жылдык арча токойлордун туруктуулугуна экологиялык баа берилди. Алынган жыйынтыктардын негизинде, парктын табигый токойлоруна жакын арча токойлорун түзүү боюнча токойду калыбына келтирүү иш-чаралары арчанын бийик тоолуу тилкелери боюнча гана жүргүзүлүшү керек, мында ар бир тик тилкеге алардын вертикалдык зоналуулук боюнча таралышынын мыйзам ченемдүүлүгүн аныктоочу өзүнүн экологиялык факторлорунун комплекси туура келет натыйжалуу практикалык сунуштар берилди.*

*Негизги сөздөр: Жаратылыш, парк, экология, фактор, рекреация, зона, арча, токой, мониторинг, алкак, туризм.*

Исмаилова Жыпар Абдыласовна, к.б.н.,
Ошский технологический университет,
Акылбекова Жылдыз Акылбековна, магистрант,
Кыргызко-Узбекский Международный университет
Мухамбедибрагим уулу Нурбек, магистрант,
Ошский технологический университет

## ЭКОЛОГИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ ФОРМИРОВАНИЯ БИОРАЗНООБРАЗИЯ АРЧОВЫХ ЛЕСОВ В КЫРГЫЗ-АТИНСКОМ ГОСУДАРСТВЕННОМ ПРИРОДНОМ ПАРКЕ

*Предметом исследования стали экологические особенности формирования биоразнообразия в арчинских лесах, расположенных на территории государственного национального природного парка «Кыргыз-Ата". Основной целью исследования является разработка экологических основ сохранения биоразнообразия лесов Кыргыз-Атинского природного национального парка, выбор приоритетных направлений на перспективу повышения устойчивости, продуктивности, защитных и рекреационных функций, укрепления здоровья, сохранения и восстановления исследуемых лесов. К методам исследования применены лесоводческо-таксационные методы и методы математического моделирования, статистические, геоинформационные, картографические. В ходе исследований было изучено рекреационное воздействие на арчовые леса, растительность и почву, расположенные на территории национального природного парка, а также проведена экологическая оценка устойчивости многолетних арчовых лесов. На основании полученных результатов лесовосстановительные мероприятия по созданию арчовых лесов, близких к природным лесам парка, должны проводиться только по арчовых высокогорным полосам, где каждому вертикальному участку соответствует свой комплекс экологических факторов, определяющих закономерности их распространения по вертикальной зональности даны эффективные практические рекомендации.*

*Ключевые слова: Природа, парк, экология, фактор, рекреация, зона, можжевельник, лес, мониторинг, каркас, туризм.*

Ismailova Zhypar Abdylasovna, candidate of biological sciences, Osh Technological University,
Akylbekova Zhyldyz Akylbekovna, graduate student, Kyrgyz-Uzbek International University
Muhammad Ibrahim uulu Nurbek, graduate tudent, Osh Technologycal University

## ECOLOGICAL PECULIARITIES OF JUNIPER FOREST BIODIVERSITY FORMATION IN THE KYRGYZ-ATA STATE NATURE PARK

*The subject of the study was the ecological features of biodiversity formation in the Archa forests located on the territory of the Kyrgyz-Ata State National Nature Park. The main objective of the study is the development of ecological bases of biodiversity conservation in the forests of the Kyrgyz-Ata State Natural National Park, selection of priority areas for the future improvement of sustainability, productivity, protective and recreational functions, health promotion, conservation and restoration of the studied forests. To the methods of research applied silvicultural and taxation methods and methods of mathematical modelling, statistical, geo-information, cartographic. During the research the recreational impact on juniper forests, vegetation and soil located on the territory of the national natural park was studied, as well as the ecological assessment of sustainability of perennial juniper forests was carried out. Based on the results obtained, reforestation measures to create juniper forests close to the natural forests of the park should be carried out only on juniper highland strips, where each vertical area corresponds to its own set of environmental factors that determine the regularities of their distribution along the vertical zonality effective practical recommendations were given.*

*Key words: Nature, park, ecology, factor, recreation, zone, juniper, forest, monitoring, framework, tourism.*

**Киришүү.** "Кыргыз-Ата" мамлекеттик жаратылыш паркы өзгөчө экологиялык, эстетикалык, геоботаникалык, фауналык баалуулугу бар арча токойлорунун баалуу уникалдуу жаратылыш комплексин сактоо жана эмгекчилердин эс алуусу үчүн паркты пайдалануу максатында түзүлдү.

КЖУП нын функциялык зоналардын аянттары: корук зонасы - 4614,4 га (МЖӨ жалпы аянтынын 41,3%), экологиялык турукташтыруу зонасы - 479,3 га (4,3%), туристтик жана рекреациялык зона - 10,7 га (0,1%), чектелген чарбалык иш зонасы - 6067,6 га (54,3%) түзөт. Функционалдык зоналаштыруу Экология министрлиги тарабынан 30.12.2015-ж., 01-9/339 буйругу менен бекитилген.

Негизги токой түзүүчү породалардын аянты: ийне жалбырактуулар -1882га, жумшак жалбырактуу - 18га, жыгачтын жалпы запасы - 52 миң куб.м, гүлдүү өсүмдүктөрдүн 150дөн ашык түрү, анын ичинде жыгач жана бадал түрлөрүнүн 20га жакын түрү өсөт. Жаныбарлар дүйнөсүнөн парктын аймагында элик, түлкү, карышкыр, коен, кекилик жана башкалар. Кызыл китепке киргизилген жапайы жаныбарлардын ичинен Түркстан сүлөөсүнү, жылан, бүркүт, кумай, балобан жана башкалар кездешет. [143,147].

Изилдөөнүн негизги максаты - Кыргыз-Ата жаратылыш улуттук паркынын (КЖУП) токойлорунун биологиялык ар түрдүүлүгүн сактоонун экологиялык негиздерин иштеп чыгуу, изилденүүчү токойлордун туруктуулугун, өнүмдүүлүгүн, коргоочу жана рекреациялык функцияларын жогорулатуу, ден соолугун чыңдоо, сактоо жана калыбына келтирүү үчүн келечекке артыкчылыктуу багыттарды тандоо болуп саналат. Бул максатка жетишүү ландшафтты жакшыртууга, климатты турукташтырууга, региондун социалдык-экономикалык проблемаларын чечүүгө, токой экосистемаларынын (жаратылыштык, ошондой эле жасалма жол менен түзүлгөн) туруктуу иштешине өбөлгө түзөт.

**Изилдөө материалдары жана ыкмалары.** Изилдөөнүн алдыга коюлган максатына жетүү үчүн табигый илимий изилдөөлөрдө кеңири колдонулуучу талаа натыйжаларын иштеп чыгуу үчүн колдонулуучу эксперименттин, анализдин, синтездин, заманбап математикалык жана статистикалык методдоруна негизделген жалпы илимий методология пайдаланылды. Мындан тышкары, жалпыга белгилүү токой-таксациялык ыкмалар жана моделдөө, эксперимент жана байкоо жүргүзүү ыкмалары колдонулган.

"Кыргыз-Ата" улуттук паркынын арча токойлору туруктуу инвестициялык жагымдуулугу жана региондун ар тараптуу рекреациялык ресурстарын (токой, суу, тоо туризми) пайдалануу мүмкүнчүлүгү менен айкалышкан биологиялык түрлөрдү, чөйрөнү түзүүчү, сууну коргоочу, коргоочу, санитардык-гигиеналык, ден соолукту чыңдоочу функцияларды сактоо борбору болуп саналат. Кыргыз-Ата улуттук паркынын негизги токой түзүүчү породалары болуп арчанын үч түрү саналат: зеравшан арчасы, жарым шар сымал арча жана Түркстан арчасы, ал эми субальп чегиндеТүркстандын жапалак арчасы (стланикасы) кеңири таралган.

Кыргыз – Ата улуттук паркынын ар кандай экологиялык шарттарында арчанын таралышында тик зоналуулук боюнча белгилүү мыйзам ченемдүүлүк байкалат. Ар бир бийиктик чектерде экологиялык факторлордун өз комплексине туура келет, алардын таралышынын мыйзам ченемдүүлүгүн аныктайт. Арча өсүмдүктөрүнүн чөйрөнүн тигил же бул факторлоруна экологиялык жактан ылайыктуулугу биздин негизги изилдөөлөр жүргүзүлгөн Кыргыз – Ата улуттук паркынын жана КР УИАнын Каракой токой сыноо чарбасынын шарттарында так байкалат. Демек, Кыргыз – Ата улуттук паркынын арча токойлорунун алкагы алардын басымдуу түрү боюнча төрт чектерге бөлүнөт: төмөнкү

тоолуу – зеравшан арчасы, орто тоолуу - жарым шар арчасы, бийик тоолуу - Түркстан жана субальп жапалак түрүндөгү арчалар өсөт. (Табл.1).

Таблица 1.

Кыргыз-Ата улуттук паркынын арча токойлорунун чегаралары
(К.Д. Мухамедшин боюнча)

| № пп | Эңкейиштер | Тилкелер боюнча бийиктик чектери, м | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | төмөнкү тоолуу | орто тоолуу | Бийик толуу | субальп |
| 1 | Түндүк | 1700-2000 | 2001-2500 | 2501-3000 | 3001-3400 |
| 2 | Батыш | 1800-2100 | 2101-2600 | 2601-3100 | 3101-3500 |
| 3 | Чыгыш | 1900-2200 | 2201-2700 | 2701-3200 | 3201-3600 |
| 4 | Түштүк | 2000-2300 | 2301-2800 | 2801-3300 | 3301-3700 |

Түзүлүшү боюнча арчалар адатта толуктугу 0,1-0,2 ден 0,5-0,6 га чейинки көчөттөр болуп саналат. Толуктугу 0,8 ден 1,0 ге чейинки токойлор токой каптаган аянттын 1% ашпайт жана жетүүгө кыйын жерлерде гана сакталып калган. Арча токойлорунун бийиктик чектеринде негизги факторлор нымдуулук жана температура шарттары болуп саналат. Белгилей кетүүчү нерсе, бийиктиктин чектери туруктуу эмес жана көбөйүү шарттарына жараша өзгөрүлүп турат. Ксерофиттик шарттарда Зеравшан арча өсөт. Улуттук парктын аймагында арчанын бул түрү түштүк капталдарында гана кездешет, көбүнчө 2500 м бийиктикке чейин.

Түндүк капталдарында 2500 м ге чейин жана түштүгүндө 2800 м ге чейин жарым шар формасындагы арча басымдуулук кылат. Бул чектердин төмөнкү бөлүгүндө Зеравшан арчасы көп кездешет, ал эми жогору жагында Түркстан арчанын дарак формасы көп кездешет. Жарым шар арча көчөттөрүнүн түшүмдүүлүгү жана толуктугу өтө гетерогендүү жана көбөйүү шарттарына толугу менен көз каранды. Түндүктөн 3000 метрге чейин жана түштүктөн 3300 метрге чейин Түркстан арчасы басымдуулук кылат. Субальп алкагынын жогорку бөлүгүндө деңиз деңгээлинен 3000-3500 м бийиктикте Түркестан арчасынан жапалак (стланик) өнүккөн.

Ошентип, улуттук парктын аймагындагы өсүмдүктөрдүн негизги ландшафттык арча формациялары болуп саналат. Башка дарактардын түрлөрү аз, же анча-мынча аралашмалар, же суу ташкындарында жалгыз дарактар кездешет. Бул табигый факторлор менен гана эмес (эңкейиштин экспозициясы жана тиктиги, бийиктиги, дарактардын толуктугу, анын курамы жана жашы), ошондой эле антропогендик мүнөздөгү себептер менен да шартталган: мал жаюу, чөп чабуу, кыюу ж.б. улуттук парктын арчаларына мүнөздүү өзгөчөлүгү -дарактардын сейрек болушу жана алардын жай жайгашуусу. Мындай көчөттөрд жарыктын көптүгү жарыкты сүйгөн өсүмдүктөрдүн чөп каптоосунда, негизинен курчап турган чөп өсүмдүктөрүнүн арасында үстөмдүк кылат. [120,130,134].

“Кыргыз-Ата” паркында жашаган ар кандай түрлөрдүн, жаныбарлардын жана канаттуулардын саны жана отурукташуу жыштыгы жөнүндө толук маалыматтарды. Токой фаунасынын белгилүү өкүлдөрүнүн ичинен кирпи жана жарганаттар кездешет. Жырткычтардын бири: чөөлөр, карышкырлар, түлкүлөр, суурлар. чымчык, барсук, сүлөөсүн жана ак илбирс. Артиодактилдерден: каман жана козерог. Суурлар , кирпилер, ондатралар, чычкандар, келемиштер, ошондой эле коендор кездешет. Ошондой эле шумкарлар, бүркүттөр, кекиликтер, бөдөнөлөр, көгүчкөндөр. үкүлөр, торгойлор. чөөлөр, каракчылар, каргалар, булбулдар, молочница, таранчылар жана башкалар. Мындан тышкары, парктын аймагында сойлоочулардын, курт-кумурскалардын жана балыктардын өкүлдөрү бар, бирок алар начар изилденгендиктен, алардын түр курамы жана жашоо образы белгилүү эмес. Адамдардын экономикалык иш-аракеттеринин кеңейиши жана акырындык менен жогору көтөрүлүшү менен тоолордо жапайы жаныбарлардын жашоо чөйрөсү кыскарууда. Ошондуктан, азыркы

учурда элик, каман, аюу жана жырткыч жаныбарлардын жана канаттуулардын айрым түрлөрүн табуу жана жолугушуу өтө кыйын болуп калды.

Арча токойлорунда кыюу иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат. Ушул чектөөлөргө байланыштуу жыл сайын парктын токойлорунда токойду таштандылардан тазалоо тартибинде болгону 240 куб. м. жыгачтар алынат, ал эми калктын жыл сайын жыгачка болгон минималдуу муктаждыгы 600-700 куб. м. түзөт.



1-сүрөт. Кыргыз-Ата улуттук улуттук паркынын арча токойлору.

Учурдагы шарттарда токой ресурстарынын дараметин жана өнүмдүүлүгүн жогорулатуу жана токой зонасынын калкын отун менен камсыз кылуу проблемасын чечүү максатында тиешелүү иш-чараларды жана программаларды иштеп чыгуу жана бекитүү аркылуу белгилүү аянттарда отун багытындагы атайын токой өстүрүүлөрдү түзүүгө болот. Ошондой эле жайыттардын жана чабындылардын аянттарын кеңейтпестен алардын өндүрүмдүүлүгүн олуттуу өлчөмдө жогорулатууга болот. Токой менен капталган аянттардын көбөйүшү экологиялык шарттарды, суулардын жер үстүндөгү агымын азайтууга жана аларды жер кыртышына которууга жагымдуу таасир этүүчү суу режимин жакшыртат. Башка сөз менен айтканда, тоо боорлорунда токой өсүмдүктөрүнүн аянтын көбөйтүү алардын туруктуулугун жогорулатат жана селдин пайда болуу ыктымалдыгын азайтат. Токой жайгаштыруунун маалыматтары боюнча КЖУП токой көчөттөрүнүн запастары 98,6 миң куб. м. токой каптаган 1 гектар аянттагы дарак породаларынын запасы (2974,9 га) 33,14 куб. м түздү. "Кыргыз-Ата" паркынын токойлорунун басымдуу түрдүк курамын эске алуу менен аларда жыгач даярдоо максатында атайын кыюуларды жүргүзүү каралган эмес, буга арча токой өсүмдүктөрүн багууну кыюу кирбейт. Ушуга байланыштуу парктын аймагын токой жайгаштыруу сунуш кылган үч зонага (эксплуатациялык зона, токой-маданий, кошумча пайдалануу жана эксплуатациялык эмес зона), парктын аймагын анын түзүмдүк бөлүнүшүнө окшош токой чарба, корук, рекреациялык жана буфердик зоналарга бөлүү менен чектөө максатка ылайыктуу деп чечилди. Жыгачтын запасы жана арча өсүмдүктөрүнүн башка таксациялык көрсөткүчтөрү, анын ичинде токой жайгаштыруу, стратанын жаңы түшүнүгү негизинен колдонулат жана токой жайгаштыруу иштерин жүргүзүү учурунда аныкталат. Жалпысынан алар токой чарбасынын адистери, токой илиминин жана токой жайгаштыруунун кызматкерлери тарабынан токой мониторингин жүргүзүү үчүн гана колдонулат. Бул маалыматтар

токойлордун абалын, андагы жүргүзүлүп жаткан токой чарба иш-чараларынын натыйжалуулугун аныктоо үчүн зарыл. Арча токойлорунда жыгачтын запасынын өсүшү көптөгөн таксациялык көрсөткүчтөргө, барыдан мурда жаш курагына, толуктугуна, санитардык абалына жана бак-дарактардын азыктуулугуна жараша болот. Парктын аймагында арча, жай өсүүчү жыгач түрү катары, толук жыгач эмес. 1 га токой каптаган аянтка анын орточо запасы 33,14 куб. м гана түзөт, мында анын формасына жараша жыгач массасынын аянтынын бирдигине жылдык өсүшү 0,15 тен 0,50 куб. мге чейинки чектерде өзгөрүлүп турат. Эгерде парктагы бардык токой өсүмдүктөрү үчүн жыгач массасынын орточо өсүшүн 0,33 куб.м. 1 гектарга кабыл алса, анда жыл сайын 2975 га аянтта жыгачтын запасы 982 куб. м көбөйтүлөт, бул шарттуу түрдө жергиликтүү калктын керектөөлөрүнө тең келет (600-700 куб. м). Парктын аймагында табигый өлүү (кургак чөптүн пайда болушу) байкалбайт, анткени кургак токой дароо эле отунга кесилет.

**Изилдөө жыйынтыктары.** Негизги жыгач өсүмдүктөрү-тоо арча токойлору. Түзүлүшү боюнча арча токойлору адатта толуктугу 0,1-0,2 ден 0,5-0,6 га чейинки көчөттөр болуп саналат. 0,8 ден 1,0 ге чейин толуктугу бар токойлор токойлуу аянттын 1% ашпайт. Табигый арча токойлорундагы биологиялык ар түрдүүлүктүн абалын баалоо Кыргыз-Ата улуттук паркынын аймагында, арча өсүмдүктөрүнүн ар кандай тилкелеринде жүргүзүлдү. Арча токойлорундагы дарактарды изилдөө Кыргыз-Ата улуттук жаратылыш паркынын аймагында изилденүүчү түрлөр боюнча экологиялык касиеттери жана жылуулукка, жарыкка, топуракка жана нымга карата талаптары менен көрсөтүлгөн чөйрөнүн шарттарына түздөн-түз ылайык жүргүзүлгөн, алардын бузулуусунун абалы жана себептери, ошондой эле түшүүнүн даражасы ар кандай эңкейиштеги, экспозициядагы жана деңиз деңгээлинен абсолюттук бийиктиктеги участоктордо өскөн бактарга коюлган сыноо аянттарында изилденген.

Таблица 2.

Кыргыз – Ата улуттук паркынын төмөнкү тоолуу тилкелеринде арча дарактарын санитардык абалдын категориялары боюнча бөлүштүрүү.

| Үлгү аянттарынын номери | Бийиктиги, м | Эңкейиштик тик, о | Эңкейиштин таасири | Таксациялык мүнөздөмө: курамы, бонитети, толуктугу | Дарактардын саны | Анын ичинде, % Алсыроонун белгилери жок | Алсыраган | Аябай алсыраган | Кысылгандар | Жаеы кургагандар | Эски кургак дарактар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| Төмөнкү бийиктик тилкесинде | | | | | | | | | | | |
| 1. | 1750 | 26 | Ю – В | 10 Аз; III; 0,3 | 130 | 75,4 | 3,8 | 3,2 | 2,6 | 6,8 | 8,2 |
| 2. | 1800 | 25 | Ю – В | 7 Аз; III; 0,3 | 102 | 79,8 | 2,5 | 1,8 | 1,4 | 6,8 | 7,7 |
| 3. | 1950 | 20 | Ю – З | 10 Ап; III; 0,4 | 138 | 74,7 | 2,6 | 2,1 | 2,4 | 8,9 | 9,3 |
| 4. | 2050 | 18 | В | 10 Ап; III; 0,5 | 220 | 71,8 | 4,2 | 4,1 | 3,8 | 6,5 | 9,6 |
| 5. | 2150 | 15 | В | 10 Ап; | 164 | 85,4 | 1,2 | 0,8 | 1,8 | 2,5 | 8,3 |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | III; 0,5 | | | | | | | |

Таблица 3.

Кыргыз – Ата улуттук паркынын бөксө тоолорундагы арча дарактарын санитардык абалдын категориялары боюнча бөлүштүрүү

| Үлгү аянттарынын номери | Бийиктиги, м | Эңкейиштик тик, о | Эңкейиштин таасири | Таксациялык мүнөздөмө: курамы, бонитети, толуктугу | Дарактардын саны | Анын ичинде, % | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Алсыроонун белгилери жок | Алсыраган | Аябай алсыраган | Кысылгандар | Жаеы кургагандар | Эски кургак дарактар |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| Орто бийиктик тилкесинде | | | | | | | | | | | |
| 6. | 2510 | 12 | С-СВ | 8Ап 2Ат;II;0,5 | 377 | 78 | 7 | 4 | 3 | - | 8 |
| 7. | 2530 | 30 | Ю | 10 Ап ед Ат;IV; 0,49 | 167 | 84 | 7,5 | 3,0 | - | - | 0,5 |
| 8. | 2550 | 36 | С | 8 Ап 2 Ат; III ; 0,4 | 245 | 81 | 3,3 | 3,4 | 1,5 | 1,8 | 9 |
| 9. | 2550 | 30 | В | 10Ап + Ат;IV; 0,8 | 530 | 83 | 12,5 | 4,5 | - | - | - |
| 10. | 2580 | 35 | С-СВ | 6 Ап 2 Ат;IV; 0,8 | 537 | 87 | 9 | 1,0 | 1,5 | 1,0 | 0,5 |

Таблица 4.

Кыргыз – Ата улуттук паркынын бийик тоолуу тилкелеринде Арчи дарактарын санитардык абалдын категориялары боюнча бөлүштүрүү

| Үлгү аянттарынын номери | Бийиктиги, м | Эңкейиштик тик, о | Эңкейиштин таасири | Таксациялык мүнөздөмө: курамы, бонитети, толуктугу | Дарактардын саны | Анын ичинде, % | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Алсыроонун белгилери жок | Алсыраган | Аябай алсыраган | Кысылгандар | Жаеы кургагандар | Эски кургак дарактар |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 |
| Бийик тоолуу тилкесинде | | | | | | | | | | | |
| 11. | 2600 | 40 | С | 8 Ап 2 Ат; III; 0,4 | 238 | 75 | 3 | 4 | - | 2 | 16 |
| 12. | 2610 | 20 | С-СВ | 7 Ат 3 Ап; IV; 0,8 | 1140 | 79 | 10 | 3 | - | - | 8 |
| 13. | 2630 | 12 | С- | 7 Ат 3 Ап; | 1185 | 86,5 | 10 | 2.0 | 0,5 | - | 1,0 |

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | СЗ | III; 1,0 | | | | | | | |
| 14. | 2950 | 35 | С - СЗ | 8 Ат 2 Ап; III; 0,4 | 445 | 76 | 10 | 2,5 | 0,5 | | 11 |
| . | 3200 | 24 | Ю-ЮЗ | 10 Ат; IV; 1,0 | 3209 | 71 | 10 | 5 | 1 | 1 | 12 |

**Корутунду:**

1. Кыргыз-Ата улуттук паркынын арча токойлорунун тилкесинде биологиялык түрлөрдү калыбына келтирүү жана фитоценотикалык абалды жакшыртуу, ошондой эле калыбына келтирүү процесси үчүн арча дарагына жана токой калыбына келтирүүгө, өз алдынча өсүп чыккан уруктардын жана подростун өсүшүнө жана өнүгүшүнө жакшы шарттарды түзүү үчүн экологиялык факторлордун таасирин эске алуу зарыл.

2. Парктын табигый токойлоруна жакын арча токойлорун түзүү боюнча токойду калыбына келтирүү иш-чаралары арчинин бийик тоолуу тилкелери боюнча гана жүргүзүлүшү керек, мында ар бир тик тилкеге алардын вертикалдык зоналуулук боюнча таралышынын мыйзам ченемдүүлүгүн аныктоочу өзүнүн экологиялык факторлорунун комплекси туура келет.

3. Улуттук парктын биологиялык ар түрдүүлүгүнүн табигый калыбына келтирилишине: абиотикалык, биотикалык жана антропогендик факторлор чоң таасирин тийгизет.

**Адабияттар:**


1. Балбакова Ф.Н. Биоразнообразие как индикатор устойчивого развития. [Текст] / Э.Дж. Шукуров // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета, т.4. Бишкек, 2004. С.103-106.
2. Закон Кыргызской Республики «О присоединении Кыргызской Республики к Конвенции о биологическом разнообразии» от 26 июля 1996 г. № 40.
3. Шамшиев Б. Н. Роль сохранения и восстановления биологического разнообразия в устойчивом развитии Кыргызстана. [Текст] / Э. Ибраев, Исмаилова Ж. А. // Вестник Ошского государственного университета №2, 2015, С.12-18. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=30778824
4. Исмаилова Ж.А. “Кыргыз-Ата” улуттук паркынын арча токойлорунда биокөптүрдүүлүктү сактоонун экологиялык өзгөчөлүктөрү. [Текст] // Известия национальной академии наук Кыргызской Республики, номер S5, 2022, С.216-223 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49389387
5. Исмаилова Ж. А. Кыргыз-Ата мамлекеттик улуттук жаратылыш паркындагы арча токойлорун табигый калыбына келтирүү [Текст] / Абсатаров Р.Р., Мамасадык уулу А. // Наука. Образования. Техника, номер 3(75), 2022, С.64-67 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=49900613
6. Исмаилова Ж.А. Экологические основы сохранения биоразнообразия Кыргыз-Атинского государственного природного парка. [Текст] / З. А.Тешебаева, Р. Р. Абсатаров, Б. Н. Шамшиев // Бюллетень науки и практики Т. 8. №3. 2022. – С. 45-57. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=48178093
7. Шамшиев Б.Н. Сохранение и восстановление биологического разнообразия лесов Кыргыз – Атинского национального природного парка. [Текст] / А.Ж. Исмаилова // Известия ОшТУ 1/2014, С.128-133.

УДК 502.43

Бекназарова Жээнгүл Маматалиевна, аспирант,
Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Ош шаары, Кыргыз Республикасы,
E-mail: jeengul83@mail.ru

# ХИМИЯЛЫК ЖЕР СЕМИРТКИЧТЕРДИ НОРМАДАН АШЫКЧА КОЛДОНУНУН КЕСЕПЕТТЕРИ

*Бул макалада химиялык жер семирткичтерди нормада белгиленген ченемден ашыкча колдонуу менен байланышкан экологиялык, айыл чарба жана саламаттыкка тийгизген терс таасирлери талданган. Жер семирткичтерди ашыкча пайдалануу топурактын деградациясына, суунун жана абанын булганышына алып келери белгиленет. Ошондой эле, бул практика өсүмдүктөрдүн азыктык баалуулугун төмөндөтүп, адамдын ден соолугуна зыян келтирген оор металдардын жана нитраттардын топтолушуна себеп болот. Макалада жер семирткичтерди натыйжалуу жана жоопкерчиликтүү колдонуу ыкмалары сунушталып, органикалык жана альтернативдик ыкмаларды колдонуу аркылуу туруктуу айыл чарбаны өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлгөн.*

*Негизги сөздөр: химиялык жер семирткичтер, гумус, нитриттер, нитраттар, биогумус, агрохимикаттар, пестицид, фунгицид, гербицид ж.б.*

Бекназарова Жээнгүл Маматалиевна, аспирант,
Ошский государственный педагогический университет,
город Ош, Кыргызская Республика

# ПОСЛЕДСТВИЯ ЧРЕЗМЕРНОГО ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ХИМИЧЕСКИХ УДОБРЕНИЙ

*В этой статье анализируются неблагоприятные последствия для окружающей среды, сельского хозяйства и здоровья, связанные с чрезмерным использованием химических удобрений. Отмечается, что чрезмерное использование удобрений приводит к деградации почв, загрязнению воды и воздуха. Также такая практика снижает пищевую ценность растений и вызывает накопление тяжелых металлов и нитратов, вредных для здоровья человека. В статье предложены методы эффективного и ответственного использования удобрений, показаны возможности устойчивого развития сельского хозяйства за счет использования органических и альтернативных методов.*

*Ключевые слова: химические удобрения, гумус, нитриты, нитраты, биогумус, агрохимикаты, пестициды, фунгициды, гербициды и т.д.*

Beknazarova Jeengul Mamatalievna, graduate student,
Osh State Pedagogical University,
Osh city, Kyrgyz Repablic

# CONSEQUENCES OF EXCESSIVE USE OF CHEMICAL FERTILIZERS

*This article examines the adverse environmental, agricultural, and health impacts of overuse of chemical fertilizers. It notes that overuse of fertilizers causes soil degradation,*

*water and air pollution. It also reduces the nutritional value of plants and causes the accumulation of heavy metals and nitrates that are harmful to human health. The article proposes methods for the efficient and responsible use of fertilizers and shows the possibilities for sustainable agricultural development through the use of organic and alternative methods.*

*Key words: chemical fertilizers, humus, nitrites, nitrates, biohumus, agrochemicals, pesticides, fungicides, herbicides.*

**Киришүү.** Айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүүдө химиялык жер семирткичтер маанилүү ролду ойнойт. Алар өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн арттырууга, топурактын азыктуулугун жакшыртууга жана өсүмдүктөрдүн өсүшүн тездетүүгө жардам берет. Бирок бул каражаттарды нормадан ашыкча жана туура эмес колдонуу терс натыйжаларга алып келиши мүмкүн. Бул макалада химиялык жер семирткичтерди ашыкча колдонуу кандай коркунучтарды жаратарын жана алардан сактануу жолдорун карап чыгабыз. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндө калктын саны дүркүрөп өсүүдө, ал эми азык-түлүккө болгон муктаждык күн сайын жогорулагандан жогорулап барат. Ошондуктан, айыл чарба продукциясынын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн химиялык жер семирткичтерди колдонууга болгон суроо-талап да барган сайын күч алууда. Ошол эле учурда, табигый ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу жана айлана-чөйрөнү коргоо маселелери глобалдык деңгээлде актуалдуу болуп жатат [2].

*Изилдөөнүн актуалдуулугу.* Азыркы кездеги экологиялык көйгөйлөрдүн күч алуусунун себептери да мына ошол химиялык жер семирткичтерди нормадан ашыкча жана көзөмөлсүз пайдалануу болуп жатпайбы. Жыл өткөн сайын табияттын негизги компоненттери болгон суунун, абанын жана топурактын булганышы, азык-түлүктөгү зыяндуу заттардын көбөйүшү сыяктуу терс таасирлер азыркы замандын курч маселелеринин катарына кирүүдө[2,3,4].

Мындан тышкары, глобалдык жылуулуктун күчөшү жана айыл чарбанын туруктуулугу тууралуу талкуулар химиялык заттардын колдонулушуна болгон кызыгууну арттырууда. Кыргызстан сыяктуу айыл чарбага багытталган өлкөлөрдө бул тема өзгөчө мааниге ээ, анткени химиялык заттардын туура эмес колдонулушу экологиялык гана эмес, экономикалык жана социалдык кесепеттерге да алып келиши мүмкүн.

Ошондуктан химиялык жер семирткичтердин нормадан ашыкча колдонулушунун кесепеттерин изилдөө жана алдын алуу маселеси учурда өзгөчө мааниге ээ болуп турат. Бул көйгөйдү чечүү келечекте туруктуу өнүгүүгө, экосистемаларды сактоого жана элдин жашоо сапатын жакшыртууга өбөлгө түзөт.

*Жумуштун максаты.* Химиялык жер семирткичтердин экологиялык, экономикалык жана социалдык жактан зыянын кеңири изилдеп, нормаларды жана сунуштарды талкуулайт.

**Изилдөө обеъктиси жана усулдары.** Изилдөө обьектиси болуп Кыргызстандын түштүк аймагынан орун алган шаар четиндеги жана калк жыш жайгашкан аймактардагы айыл чарба аянттарынында пайдаланылган химиялык жер семирткичтер жана аларды колдонуу эрежелери эсептелинет. Изилдөөнүн усулу - изилдөөдө байкоо, талаа изилдөө, статистикалык сурамжылоо жана лабораториялык баалоо усулдары колдонулуп келген. Иштин жүрүшүндө шаар четиндеги айдоо аянттарына байкоо жүргүзүлүп жер иштетүүдө келтирилген мүчүлүштүктөр жана химиялык жер семирткичтердин ашыкча колдонулушу анализделип, талкууга алынган. Бул изилдөөлөр топурактагы, суудагы жана өсүмдүктөрдөгү химиялык заттардын өлчөмүн жана алардын таралуу жолдорун аныктоого багытталган [2].

*Геоинформациалык системалар (ГИС) жана моделдөө:* Химиялык жер семирткичтердин аймактар боюнча таралуу жолдорун жана алардын мүмкүн болуучу таасирин баалоо үчүн ГИС технологиялары колдонулган. Миграция процесстерин моделдөө химиялык заттардын топуракта жана сууда кантип жүргөнүн алдын ала көрүүгө жана аларды башкаруу пландарын иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

*Талаа изилдөө эксперименттери:* Ош шаарынын чет жакасындагы айдоо аянттарында талаа изилдөө эксперименттери жүргүзүлүп, жер семирткичтердин реалдуу шарттардагы миграциясын байкоо мүмкүнчүлүгү берилген. Бул эксперименттерде жер семирткичтердин ар кандай дозалары колдонулуп, алардын жаратылышта кандай жүрөрү изилденүүдө [2].

Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө изилденип жаткан аймактын топурак кыртышы эске алынат, бул аймактардын топурак кыртышы көп иштетүүнүн негизинде деградацияга учурап миграция процесинин күч алуусуна шарт түзүп берет десек да болот.

Бүгүнкү күндө негизги максат жер семирткичтерди колдонуунун эффективдүүлүгүн арттыруунун ар кандай жолдорун изилдөө болуп саналат. Максатка ылайык азык түлүктүн түшүмдүүлүгүн арттырууда биринчи кезекте топурак катмарынын асылдуулугун эске алуу зарыл.

Топурак катмары – эл чарбасынын өтө маанилүү жана сезимтал байлыгы. Өсүп жаткан коомду канааттандыруу максатында жана өсүмдүк өстүрүүдөгү продуктуулукту белгилүү бир этапка жогорулатуу үчүн топурак кыртышында жер семирткичтин түрү катары химиялык жер семирткичтер көп пайдаланылат, аларга-пестициддер, фунгициддер, инсектициддер, нематициддер жана гербициддер кирет. Бирок бүгүнкү күндө аталган заттарды пайдаланууга карабай түшүмдүүлүк барган сайын төмөндөп бараткандыгын байкоого болот. Анткени, уулуу заттар топурактын ризосфера катмарындагы тиричиликке олуттуу зыян алып келүүдө десек да болот. Мындан сырткары химиялык жер семирткичтер абага, сууга жана ошондой эле адамдар менен жаныбарлардын ден соолугуна да түз же кыйыр түрдө таасир этүүдө. Ошондуктан, топурактын асылдуулугун сактоо абдан маанилүү [1].

*Химиялык жер семирткичтердин айлана-чөйрөгө тийгизген таасири***.** Изилденүүчү аймак катары алынган Араван жана Кара-Суу райондоруна тиешелүү болгон калк жыш жайгашкан айыл кыштактардын жака белиндеги айдоо аянттарынын топурак кыртышы Түштүк Кыргызстандын Фергана өрөөнүнө тиешелүү болгон боз жана ачык боз топурак тиби-бул аймактагы табигый-географиялык шарттардын, өзгөчө климаттын жана өсүмдүктөрдүн таасиринен улам калыптанган топурак түрүнө таандык. Бул аймактагы топурактар рельефтин ар түрдүү бөлүктөрүндө жайгашып, негизинен чөл, жарым чөл жана талаа зоналарында кездешет.

- Түсү: боз же бозомук, айрым учурларда боз күрөң.
- Текстурасы: орточо механикалык курамга ээ (кумдуу топурактар).
- Органикалык заттардын аздыгы: куму жана ылайы көп болгону менен, гумус (органикалык заттар) деңгээли төмөн.
- Минералдык курамы: кальций, магний, жана башка элементтерге бай.
- Климатка таасири: кургакчыл жана жарым кургакчыл шарттарда калыптанган.

Боз топурактар айыл чарба ишмердүүлүгүнө ылайыктуу, айрыкча сугат дыйканчылыкта. Топуракка сугат жана жер семирткичтерди колдонуу менен, эгиндер, мөмө-жемиштер жана бак-дарактар жакшы өсөт [4].

Топурактын сапаты: туруктуу азык-түлүк коопсуздугу үчүн зарыл шарт. Топурактын сапатынын жогорулугу экосистеманын табигый жана жасалма чектериндеги тирүү жандык катары түшүндүрүлөт, анткени топурак кыртышы сапаттуу болсо өсүмдүк жаныбарлардын тоюумдуулугу артат, суу менен абанын сапаты сакталып турат. Ошентип, топурактын сапаты көп кырдуу жана бүтүндөй маанилүү кыртыштын өзгөчөлүгү болуп саналат жана пайдалуу тамак-аш өндүрүү үчүн негиз

түзөт, ошону менен көмөктөшөт жергиликтүү жана глобалдык деңгээлде азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылат. 2050-жылга чейин дүйнөлүк азык-түлүк жана аны менен байланышкан продукцияны 60% га көбөйтүүгө жетишүү зарыл. Ал эми сөз болуп жаткан көйгөйлөрдү эске ала турган болсок, химиялык жер семирткичтерди нормадан ашыкча колдонуунун эң алгачкы кесепети болуп *деградация* эсептелинет [1].

Биз сөз кылып жаткан райондордо калктын басымдуу бөлүгү дыйканчылык менен алектенишип, негизги киреше булагы катары жерден алган жер жемиш, дан эгиндери эсептелинет. Аймактардын топурак кыртышынын антропогендик таасирдин негизинде булгануусунун башкы себептерине төмөнкүлөр кирет:

1. Дыйканчылыкта пайдаланылган минералдык жер семирткичтерди сунуш кылынган өлчөмдөн көп бергенде булганышы;
2. Пестицид, гербициддер менен булганышы;
3. Туздуу жана шор топурактарды фосфоргипс менен мелиорациялаганда булганышы;
4. Автотрассалардын жээгиндеги жерлердин автомобилдердин түтүнүнүн курамындагы оор элементтер менен булганышы;
5. Өнөр жай ишканалары бөлүп чыгарган заттар жана таштандылар менен булганышы;
6. Шаардан агып чыккан булганч суулар жана алардын чөгүндүлөрү менен булганышы ж.б.

*Топурактын деградациясы: себептери жана кесепеттери.* Топурактын деградациясы – бул топурактын физикалык, химиялык жана биологиялык касиеттеринин бузулушу, натыйжада анын түшүмдүүлүгүнүн жана өсүмдүктөрдү азык менен камсыздоо мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөшү. Бул процесс дүйнө жүзү боюнча олуттуу көйгөй болуп эсептелет жана айыл чарбанын өнүгүшүнө, экосистемалардын тең салмактуулугуна чоң зыян келтирет [1].

*Топурактын деградациясынын себептери*

1. Химиялык жер семирткичтерди ашыкча колдонуу:
- Азот, фосфор, калий сыяктуу химиялык заттардын ашыкча колдонулушу топурактын курамындагы микроорганизмдерди жана пайдалуу заттарды өлтүрөт.
- Семирткичтердин калдыктары топуракта туздардын топтолушуна алып келип, анын структурасын бузат.

2. Топурактын эрозиясы:
- Жаан-чачындын жана шамалдын таасири менен топурактын үстүңкү катмарынын жууп кетиши.
- Айыл чарба жерлерин туура эмес пайдалануу, мисалы, токойлорду кыюу, жайыттарды ашыкча пайдалануу эрозияны күчөтөт.

3. Монокультура:
- Бир эле өсүмдүктү кайталанып өстүрүү топурактын бир жактуу азып-тозушуна жана пайдалуу элементтердин жетишсиздигине алып келет.

4. Интенсивдүү айыл чарба:
- Жерди тынымсыз иштетүү жана жогорку түшүм алуу үчүн химиялык заттарды, техниканы ашыкча колдонуу.

5. Өнөр жай калдыктары жана урбанизация:
- Топурактын өндүрүштүк калдыктар жана таштандылар менен булганышы анын сапатын начарлатат.

Топурактын деградациясынын кесепеттери

1. Айыл чарба түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү:
- Топурактагы азыктуулук азайып, өсүмдүктөр талап кылынган заттарды ала албайт, бул азык-түлүк коопсуздугуна терс таасирин тийгизет.

2. Экосистемалардын бузулушу:
- Топурактын деградациясы өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын жашоо чөйрөсүн өзгөртүп, биологиялык ар түрдүүлүктү кыскартат.

Химиялык жер семирткичтер топуракка кандай таасир этсе аба менен сууга да ошондой эле таасир этери анык. Топурактагы ашыкча ныкталуу тамырдын өсүшүн басаңдатат, мында өсүмдүктүн азыкты өзүнө сиңирп алуусу төмөндөйт да топурак катмарынын тыгыздыгы жогорулайт. Топурак катмарынын ныкталышы тамырдын өсүшүн да, түшүмдүүлүгүн дагы 80% га чейин төмөндөтөт. Нитрификация (амиактын жана анын туздарынын кычкылдануусу) топурактын тыгыздыгы жогорулаган сайын 50% га төмөндөйт жана өсүмдүктөрдүн топурактан N, P жана Zn алуусун азайтат. Ныкталуудан улам топурактын биологиялык активдүүлүгү төмөндөшү абдан тынчсыздандырат.

*Суу булактарынын булганышы:* Суунун булгануусу – бул адамдын иш-аракеттеринен же жаратылыштагы өзгөрүүлөрдөн улам суу ресурстарына зыяндуу заттардын аралашуусу. Бул көрүнүш экосистемаларга, адамдардын ден соолугуна жана дүйнөлүк суунун жеткиликтүүлүгүнө олуттуу коркунуч жаратат. Суунун булгануусу глобалдык экологиялык көйгөйлөрдүн бири болуп саналат.Химиялык жер семирткичтердин курамындагы азот, фосфор сыяктуу заттар жер алдындагы жана жер үстүндөгү сууларга аралашып, аларды булгайт. Бул көрүнүш *"эвтрофикация"* деп аталат, ал сууда кычкылтектин жетишсиздигин жаратат жана тирүү организмдердин өлүмүнө алып келет. Ошондой эле топурактын ашыкча туздалуусу жана химиялык заттардын сууга аралашышы суу ресурстарын сапатын төмөндөтөт.

*Климаттын өзгөрүшүнө кошкон салымы:* Азоттуу жер семирткичтерден бөлүнүп чыккан газдар, мисалы, азоттун кычкылдары, атмосфераны булгап, климаттын өзгөрүшүнө өбөлгө түзөт жана деградацияланган топурак көмүр кычкыл газын сиңирүү мүмкүнчүлүгүн жоготот, бул глобалдык жылуулукту күчөтүп парник газдарын жана кислоталуу жаандарды пайда кылат. Атмосферада топтолгон өнөр жай калдыктарынан жана сугатка иштетилген ирригациялык саркынды суулардан кыртыштын микроэлементтер менен булганышы шаар четиндеги райондордо кеңири таралган. Топурак микроорганизмдеринин сезгичтигинен улам ашыкча концентрацияланган микроэлементтер биокөптүрдүүлүккө жана топурактын сапатына терс таасирин тийгизет. Мындан тышкары, микроэлементтер органикалык заттардын үстүнкү бетинде топтолот дагы суунун агымы менен тамырга сиңирилбей эле, агып чыгып кетет.

*Адамдын ден соолугуна болгон коркунучу.* Химиялык жер семирткичтер менен булганган азыктарды колдонуу адамдардын жана жаныбарлардын ден соолугуна олуттуу коркунуч келтириши мүмкүн. Топуракка азык болуучу микроэлементтердин жетишсиздиги адам баласынын жашоосунда оорунун жана өлүмдүн олуттуу себеби болуп калышы ыктымал жана бир эле учурда 2 млрддан ашык адамга таасир этиши мүмкүн. Топурактагы азыктын жетишсиздигинен жана организмге келип түшкөн микроэлементтерден (мисалы: темир, литий, цинк, жез, йод ж.б.) белоктук-энергетикалык жетишсиздик пайда болот

- *Азыктардагы нитраттын жогорку деңгээли:* Нитраттар организмде нитриттерге айланып, рак ооруларынын пайда болуу тобокелдигин жогорулатат.
- *Суу аркылуу ууланyу:* Семирткич заттар аралашкан суу ичкен адамдар ууланууу коркунучуна кабылат. Бул өзгөчө балдар үчүн чоң коркунуч жаратат.

Изилденип жаткан аймактан мисал катары пахта эгилүүчү талааларды эле ала турган болсок - талаалар үзгүлтүксүз ар кандай уулуу химикаттар менен жана пестициддер менен булганып турат, бул аймактарда ар дайым зыянкечтер менен күрөш жүргүзүлүп тургандыктан дары-дармек байма бай чачылат, мунун натыйжасында ар кандай инфекциялык оорулар пайда болот. Чарбачылыкта кеңири колдонулган химиялык жер семирткичтерге төмөнкүлөр кирет:

1. Нитраттар жана нитриттер: химиялык жер семирткичтердин көпчүлүгүндө азоттун нитрат жана нитрит түрлөрү кездешет. Өсүмдүктөр бул заттарды сиңирип, азык зат

катары колдонушат. Бирок алар топуракта ашыкча болгондо, тамак-аш өсүмдүктөрүндө жыйналып, адамдар менен жаныбарлар үчүн зыяндуу болушу мүмкүн.

- Токсикация: Нитраттар организмде нитриттерге айланып, кан агымындагы гемоглобинге зыян келтирип, кычкылтек ташууга тоскоолдук кылат. Бул *метгемоглобинемия* деп аталган абалды пайда кылат, андан өзгөчө ымыркайлар жана кош бойлуу аялдар жабыркашы мүмкүн.
- Онкологиялык илдеттер: Нитриттер организмде канцерогендик заттарга айланып, узак мөөнөттүү колдонууда рак ооруларын жаратышы мүмкүн. Айрыкча ичеги-карын жана жоон ичегинин рагы менен байланыштырылат.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Оштогу таштанды полигону Экологиялык жана техникалык стандарттарга жооп бербей, жакын жайгашкан айылдардын тургундарына коркунуч жаратууда. Шаардан беш чакырым алыстыкта жайгашкан жана 1950-жылдардын аягынан бери иштеп келе жаткан полигон күн сайын 160ка жакын таштанды ташуучу унааларды кабыл алат. Полигондун абалын жакшыртуу боюнча инспекторлордун бир нече ирет берген буйруктарына карабастан, жергиликтүү бийлик эч кандай чара көргөн эмес жана 54 гектар жер тилкеси дагы эле мыйзамдаштырыла элек.

Жапалак айылындагы таштанды полигонунда тосмо жок болгондуктан, айрыкча катуу шамал болуп, желим таштандылар жергиликтүү тургундардын үйлөрүнө тарап жатат. Дезинфекциялык иш-чаралар жүргүзүлбөйт, турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын өзүнчө утилдештирүү жана жаныбарлардын өлүктөрүн жана коркунучтуу калдыктарды көмүү боюнча талаптар аткарылбайт. Адистер таштанды полигону көчүрүлбөсө тургундардын ден соолугуна олуттуу коркунуч жаралып жатканын эскертишүүдө. Мамэкотехинспекция экологиялык нормаларды бузгандыгы үчүн "Ош-Тазалык" муниципалдык башкармалыгын жоопко тартты.

Кыргызстандагы ДЭУ айылына жакын жайгашкан Ош таштанды полигону жергиликтүү тургундар үчүн олуттуу көйгөйлөрдү жаратууда, анын ичинде абанын жана суунун булганышы, ошондой эле жугуштуу оорулардын көбөйүшү. Миңден ашуун адам жашаган айылда 70 жаштагы Монускан Тойчиева сыяктуу тургундар совет мезгилине салыштырмалуу абал начарлап, таштанды полигону дайыма дезинфекцияланып турганын белгилешүүдө. Кечинде полигондо таштандылар өрттөлүп, натыйжада каустикалык түтүн пайда болуп, абанын сапаты начарлайт. Жергиликтүү тургундар, айрыкча балдар, ар кандай оорулардан жапа чегишет, бул ата-энелерди олуттуу тынчсыздандырат.

Жергиликтүү тургундар булганууга жана таштанды полигонуна байланыштуу ден-соолукка байланыштуу көйгөйлөргө нааразы болушууда, алар көп жылдар бою жабылат. Алар балдардын тез-тез жугуштуу оорулары жөнүндө билдиришет, муну жергиликтүү тургундардын бири тастыктайт. Митингдерге карабастан, полигонду көчүрүү талабы менен бийлик жооп бербей жатат. 2022-жылдын сентябрында депутаттар полигонду рекультивациялоо жана жаңы полигон куруу үчүн Европалык инвестициялык банктын кредитин Макулдашкан. Буга чейин, 2012-жылы ЕРӨБ жаңы таштанды полигонун курууга каражат бөлгөн.

Ош шаарында катуу тиричилик калдыктарын сорттоочу жана кайра иштетүүчү станцияны түзүү жана иштетүү боюнча мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети тарабынан 13-жылдын 2024-июнунда жактырылган. Долбоорго Ош шаарынын мэриясы жана "Таза Комплекс"ЖЧК жеке компаниясы катышууда. Долбоордун негизги максаттарына шаардын санитардык жана экологиялык абалын жакшыртуу, көмүртектин бөлүнүп чыгышын азайтуу, "жашыл" жумуш орундарын түзүү, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу жана жеке инвестицияларды тартуу кирет. Долбоорду ишке ашыруу эки этаптан турат, биринчиси таштандыларды сорттоо станциясын курууну камтыйт.

Заманбап өнүккөн өлкөлөрдө катуу коммуналдык калдыктар менен иштөөнүн жаңы концепциясы киргизилүүдө, ал өрттөлгөн калдыктарды көмүүгө жана кайра иштетилүүчү калдыктарды өрттөөгө тыюу салат. Оштогу соода-сатык ишканаларын башкаруу маселеси өзгөчө актуалдуу, анткени тармак калыптануу стадиясында турат. Башка өлкөлөрдүн ийгиликтүү тажрыйбасын үйрөнүү Кыргызстанда калдыктарды башкаруунун натыйжалуу системасын түзүүгө жардам берет. ТКОГО керектөө процессинде турак жайларда пайда болгон таштандылар кирет.

ЕС өлкөлөрүндөгү таштандыларды башкаруу тутуму таштандыларды экинчи чийки затка айлантууга негизделген. 2015-жылдан бери ЕБ экономиканын сызыктуу моделинен тегерек моделге өтүүдө, анда калдыктар кайра колдонулат же кайра иштетилет, бул продукциянын баалуулугун сактоого жана калдыктардын пайда болушун азайтууга мүмкүндүк берет. Белгилүү бир критерийлерге жооп берген катуу коммуналдык калдыктар кошумча продукт болуп калат жана өндүрүш циклине кайтып келет. Бул критерийлер макулатурага, айнек жана пластик калдыктарына, металлдарга жана биологиялык ажыроочу калдыктарга тиешелүү.

Республикада калдыктарды топтоо проблемасын чечүүнүн негизги фактору болуп калдыктарды башкарууда мыйзамдык жана ченемдик базаны өнүктүрүү саналат. Бирок, мыйзамдар өз алдынча коомдук мамилелердин системасы жана калктын жогорку маданияты жок жаңы экологиялык тартипти түзө албайт.

**Тыянактар.** Чогултулган статистикалык маалыматтарды, ошондой эле адабияттардан алынган теориялык материалдарды жана ишенимдүү интернет булактарын талдоо Ош шаарындагы катуу тиричилик таштандыларын утилдештирүүнүн келечектүү багыттарын бөлүп көрсөтүүгө жана аларды бул аймакта утилдештирүү боюнча бир катар сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берди.

Изилдөөнүн жүрүшүндө, кайра иштетилген чийки заттарды колдонуу төмөнкү негизги көрсөткүчтөрдүн негизинде эл чарбасына олуттуу экономикалык натыйжа берери аныкталды:

- натуралай да, нарктык да алгачкы табигый чийки затты керектөөнү кыскартуу;
- баштапкы сырьенун запастарын даярдоого жана өздөштүрүүгө, ошондой эле жаңы өндүрүштүк кубаттуулуктарды курууга эмгектик, материалдык жана финансылык ресурстарды үнөмдөө;
- потенциалдуу экинчи ресурстарды жана өндүрүштүк калдыктарды сактоо үчүн зарыл болгон аянттарды азайтуунун эсебинен жер ресурстарына болгон муктаждыкты азайтуу;

- жаңы ресурстарды өздөштүрүү үчүн талап кылынган аймактардын өлчөмүн азайтуу;
- суу ресурстарын үнөмдөө жана табигый көлмөлөрдү коргоо;
- экологиялык кырдаалды жакшыртуу.

Жумуш орундарын түзүү үчүн таштандыларды кайра иштетүүнүн мааниси жана региондогу таштандыларды чогултуу жана жок кылуу тутумун жакшыртуу боюнча көрсөтмөлөрдү берет. Аларга: экинчи материалдарды кабыл алуу пункттарынын тармагын кеңейтүү, адистештирилген контейнерлердин жардамы менен өзүнчө чогултууну уюштуруу, мобилдүү кабыл алуу пункттарын түзүү жана чогултулуучу чийки заттын сапатын жакшыртуу кирет. Ошондой эле калктын ар кандай категорияларын, анын ичинде ТЖКЧ ишканаларын жана окуу жайларын калдыктарды даярдоо жана өзүнчө чогултуу процессине тартууга басым жасалат.

**Адабияттар:**


1. Бобылев С. Н. Индикаторы устойчивого развития для городов [Текст] / С. Н. Бобылев, О. В. Кудрявцева, С. В. Соловьева // Экономика региона. – 2014. – № 3. – С. 101–110.
2. Бредихин А. В. Ростовская агломерация: интеграционные приоритеты развития [Текст] / А. В. Бредихин // Вопросы территориального развития. – 2016. – № 4 (34). – С. 1–14.
3. Иванцова Е. А. Проблемы и перспективы управления твердыми бытовыми отходами [Текст] / Е. А. Иванцова // Вестник Волгоградского государственного университета. Серия 3, Экономика. Экология. – 2016. – № 2 (35). – С. 148–159. – DOI: https://doi.org/10.15688/jvolsu3.2016.2.15.
4. Токторалиев Б.А. Экологические проблемы накопления промышленных отходов в Баткенской области. [Текст] / Б. Н. Шамшиев, А. Т. Аттокуров // БатГУ. Республиканский научно-технический журнал « Наука и новые технологии». Бишкек. №5, 2013, стр.119-121.
5. Каримов Б.А. и др. Бытовые отходы города ош и проблемы их утилизации. [Текст] // Вестник ОшГУ. Химия. Биология. География, №2(3)/2023 стр.81-87


---

УДК 517.997.8


Сапарова Гульмира Баатыровна, к.ф.-м.н., доцент,
ORCID 0009-0002-3524-8877
Ажиева Элнура, магистрант,
Ошский технологический университет
E-mail: gulya141005@mail.ru


# ОБ ОДНОМ МЕТОДЕ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫХ ИГР В ЗАДАЧЕ УПРАВЛЕНИЯ РЕСУРСАМИ

*Актуальность данной статьи обусловлена недостаточной разработанностью модели олигополии.* В *данное время при изучении конфликтных ситуаций с произвольной продолжительностью, очень мало внимания уделяется олигополистическим моделям. Исследована дифференциальная игра, в которой участвуют два игрока. В данной игре построена моделируется совместная разработки невозобновляемого ресурса и описана ситуация, где каждый участник игры имеет личное время выхода из игры, это индивидуальное время определяется случайной величиной, которая имеет известную функцию распределения. После окончания первого этапа игры, победивший игрок получает окончательный платеж. Получивший платеж участник продолжает работать над ресурсом. Финальный платеж будет равен оптимальному выигрышу игрока, он определяется из решения*

*задачи оптимального управления.В исследовании рассмотрена дифференциальная игра по освоению невозобновляемого ресурса, получена структура ожидаемого дохода и формально выведена уравнение Гамильтона-Якоби-Беллмана данной игры.*

*Ключевые слова: модели, дифференциальные игры, олигополия, разработка, ресурс, доход, уравнение, задача*

Сапарова Гульмира Баатыровна, ф.-м.и.к., доцент,
Ажиева Элнура, магистрант,
Ош технологиялык университети

## РЕСУРСТАРДЫ БАШКАРУУ МАСЕЛЕСИНДЕ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ОЮНДАРДЫН БИР УСУЛУ ЖӨНҮНДӨ

*Бул макаланын актуалдуулугу олигополия моделинин жетишсиз өнүккөндүгүнө байланыштуу. Конфликттүү процесстерди ыктыярдуу узактык менен изилдөөдө олигополия моделдерине көңүл буруу чектелүү бойдон калууда. Кайра жаралбаган ресурсту биргелешип иштеп чыгууну симуляциялоочу эки катышуучу үчүн дифференциалдык оюндар каралат. Ар бир оюнчунун белгилүү бөлүштүрүү функциясы менен кокус өзгөрмө тарабынан аныкталган оюндан жеке чыгуу учуру болгон кырдаал сүрөттөлөт. Оюндун биринчи этабы аяктагандан кийин, калган оюнчу акыркы төлөмдү алат. Ал ресурстун үстүндө иштөөнү улантууда деп болжолдонууда. Акыркы төлөм оюнчунун оптималдуу кирешесине барабар коюлушу мүмкүн, ал тиешелүү оптималдуу башкаруу маселесин чечүү менен аныкталат. Бул макалада кайра жаралбаган ресурсту биргелешип иштеп чыгуунун дифференциалдык оюну талданат, анын күтүлгөн кирешесинин структурасы белгиленет жана формалдуу түрдө каралып жаткан оюн үчүн Гамильтон – Якоби – Беллман теңдемесин чыгарат.*

*Түйүндүү сөздөр: моделдер, дифференциалдык оюндар, олигополия, өнүгүү, ресурс, киреше, теңдеме, тапшырма*

Saparova Gulmira Batyrova, candidate of physico-mathematical sciences, associate professor,
Azhieva Elnura, graduate student,
Osh Technologycal University

## ABOUT ONE METHOD OF DIFFERENTIAL GAMES IN THE RESOURCE MANAGEMENT PROBLEM

*The relevance of this article is due to the insufficient development of the oligopoly model. In the study of conflict-controlled processes with arbitrary duration, attention to oligopoly models remains limited. Differential games for two participants simulating the joint development of a non-renewable resource are considered. A situation is described in which each player has an individual moment of exit from the game, specified by a random variable with a known distribution function. At the moment of completion of the first stage of the game, the remaining player receives the final payment. It is assumed that he continues to work on the resource. The final payment can be set equal to the optimal income of the player, which is determined by solving the corresponding optimal control problem.This paper analyzes a differential game of joint development of a non-renewable resource, establishes the structure of its expected payoff, and formally derives the Hamilton-Jacobi-Bellman equation for the game under consideration.*

*Key words: models, differential games, oligopoly, development, resource, income, equation, problem.*

**Введение.** В настоящее время методы математической теории игр активно используется в математических моделях. Часто применяются два основных моделей: детерминистические и стохастические. Есть такие модели, в которых время окончания игры не установлена заранее и тогда в них реализуется случайная величина. Для решения таких моделей применяются методы дифференциальной игры со случайной продолжительностью. [1,2]

В рассматриваемом классе дифференциальных игр вероятности элементов не играют никакую роль в решении динамических уравнений, а только влияют на длительность игры. Таким образом, пусть существует случайная величина *M*, она определяет время конца игры, и для нее заранее известна функция распределения *F(t),* в котором $t \in [t, 0]$. [3] Кроме того, во внеигровых моделях анализируются процессы со случайным временем выполнения.

**Постановка задачи.** Некооперативная дифференциальная игра по освоению невозобновляемого ресурса рассматривается в контексте задачи управления. В этой игре участвуют две компании, причем время вылета каждого игрока из игры выражается независимой случайной величиной и функциями распределения которые известны заранее. В игре, как только один участник вылетает, другие игроки продолжают разработку ресурса, что переводит задачу в задачу оптимального управления.

В рассматриваемой дифференциальной игре два участника борются за ограниченный ресурс. Прибыль каждого участника определяется двумя составляющими: математическим ожиданием полной прибыли, накопленной в ходе игры, и так называемой итоговой составляющей. Этот последний компонент, важный момент, приписывается только игроку, который остается в игре после устранения противника. Таким образом, стратегия игры не ограничивается максимизацией текущего прироста ресурса, но включает в себя также оценку вероятности устранения противника и полученного при этом преимущества. Управление действиями каждого игрока описывается функцией скорости освоения ресурсов:

$$u_1(t), u_2(t) \in R_+,$$

причем значения этих функций неотрицательны.

Эти функции отражают стратегию каждого игрока – как быстро он стремится извлечь пользу из доступного ресурса. Скорость извлечения ресурса не бесконечна, что вполне соответствует реальным экономическим или экологическим сценариям, где существуют ограничения на скорость добычи, производства или потребления. Например, в случае добычи нефти это могут быть ограничения производственной мощности, а в случае лесозаготовок – условия охраны окружающей среды. Динамика изменения общего запаса ресурса $y(t), (y(t) \in R_+)$описывается обыкновенным дифференциальным уравнением первого порядка с начальными условиями (задача Коши):

$$y'(t) = g(t, y, u_1, u_2), \qquad (1)$$

при условии $$y(0) = y_0 > 0. \qquad (2)$$

Где уравнение (1) определяет скорость изменения общего запаса ресурса в зависимости от времени *t*, текущего запаса *y* и скоростей разработки ресурса каждым из игроков $u_1, u_2$. Ключевое свойство функции $g$ – она убывает по скорости разработки ресурса каждого игрока:

$$\frac{\partial g}{\partial u_i} \le 0; \quad i = 1,2.$$

Это означает, что чем быстрее игрок извлекает ресурс, тем медленнее растет (или тем быстрее уменьшается) общий запас. Это может отражать эффект истощения ресурса или эффект увеличения затрат на добычу при ускорении процесса. Мгновенная функция полезности $i$ –го игрока обозначается мгновенную функцию полезности. Данная функция является функцией двух классов непрерывности $C^2$ по всем параметрам, что гарантирует ее дифференцируемость и позволяет применять методы математического анализа, что найти оптимальные стратегии. $h_i$ – описывает мгновенную выгоду $i$ – го игрока в зависимости от времени, общего запаса ресурса и стратегий обоих игроков. Оптимальная стратегия каждого игрока зависит не только от его собственной функции полезности, но и от функции полезности противоположной стороны, а также от динамики изменения общего запаса ресурса, определяемой уравнением (1). Решение данной задачи часто находится методом теории игр и оптимального управления, то есть принципом Понтрягина и методом динамического программирования. Решается задача аналитически или численным методом в зависимости от элементов $g$ и $h_i$.

**Методы решения.** Очень часто в стохастических средах для решения задачи оптимального управления применяется уравнение Гамильтона – Якоби – Беллмана. В данной задаче ожидаемый выигрыш

$$V_i(0,y_0,u_1^*,u_2^*) = \Gamma\left[\int_0^{M_i} h_i^*(t)dt|_{[M_i<M_j]} + \int_0^{M_j} h_i^*(t)dt|_{[M_i>M_j]} + \Phi_i(y^*(M))|_{[M_i>M_j]}\right] (3)$$

где $M_j$- момент, когда игрок $j$ выходит из игры; $[M_i > M_j]$- функция индикатора; $\Gamma[.]$ –математическое ожидание, не решается классическим методом из – за нестандартной формы интегрального функционала. Нужно преобразовать задачу в более удобную форму.

Предположим, что рассматривается игра двух участников $i, j$, с моментами окончания игры $M_i$ и $M_j$ . Эти моменты являются случайными величинами с функциями распределения $F_i(t), F_j(t)$. Величина $\omega$ представляет некоторый конечный горизонт планирования, то есть максимально допустимое время игры. Заменяя $\omega = \omega_1$ получаем сценарий, где игра завершается не позднее $\omega_1$. Исходная формула (3) включает математическое ожидание, которое, конечно. Это ожидание представляет собой сумму двух компонентов: интегрального выигрыша за время до окончания игры и терминального выигрыша в момент окончания игры. Разделим интеграл на два случая:

$$\Gamma\left[\int_0^{M_i} h_i^*(t)dt|_{[M_i<M_j]} + \int_0^{M_j} h_i^*(t)dt|_{[M_i>M_j]} + \Phi_i(y^*(M))|_{[M_i>M_j]}\right] =$$
$$= \Gamma\left[\int_0^{M_i} h_i^*(t)dt|_{[M_i<M_j]} + \int_0^{M_j} h_i^*(t)dt|_{[M_i>M_j]}\right] + \Gamma\left[\Phi_i(y^*(M))|_{[M_i>M_j]}\right],$$
$$[M_i < M_j], [M_i > M_j].$$

Терминальный выигрыш $\Phi_i(y^*(M))$ учитывается только в случае $M_i > M_j$. Это деление и приводит к сумме двух интегралов и терминального выигрыша.

Введем обозначения $L_1^i(M_1, M_2)$ и $L_2^i(M_1, M_2)$. $L_1^i(M_1, M_2)$ - представляет собой суммарный интегральный выигрыш игрока $i$ до момента окончания игры, а $L_2^i(M_1, M_2)$ - терминальный выигрыш. Ключевой момент – учет того, что минимум из $M_i, M_j$ определяет фактический момент окончания игры для расчета интегрального выигрыша. Поэтому математическое ожидание $L_1^i(M_1, M_2)$ - упрощается до минимума$(M_1, M_2)$. Вычисление математического ожидания терминального выигрыша$L_2^i(M_1, M_2)$требует более тщательного рассмотрения. Интеграл

$$\int_0^{\omega} \Phi_i(y^*(M)) f_j(\tau)(1 - F_i(\tau))d\tau,$$

представляет усреднение терминального выигрыша по всем возможным моментам окончания игры, учитывая вероятности $f_j(\tau)$ плотность вероятности для $M_j$ и $(1 - F_i(\tau))$ (вероятность того, что игра для участника $i$ еще не закончилась к моменту t). В итоге, получаем формулу (4) для ожидаемого выигрыша игрока $i$, представленного в виде интеграла по конечному отрезку времени $[0, \omega]$.

$$V_i(0, y_0, u_1^*, u_2^*) = \int_0^{\omega} (h_i^*(\tau)(1 - F_i(\tau))) + \Phi_i(y^*(M)) f_j(\tau)(1 - F_i(\tau))d\tau \qquad (4)$$

Данная формула является центральным результатом, позволяющим решить задачу оптимального управления методом динамического программирования. Функция $h_i^*(\tau)$ – представляет собой оптимальную стратегию игрока в момент времени $t$, а $y^*(M)$ – оптимальная траектория состояния системы к моменту завершения игры. Целью решения рассматриваемой задачи с помощью уравнения Гамильтона – Якоби – Беллмана является определение оптимальной стратегии и траектории. В данном уравнении $h_i^*(\tau)$ и $y^*(M)$ находятся из условия максимизации ожидаемого выигрыша $V_i(0, y_0, u_1^*, u_2^*)$, где $u_1^*, u_2^*$ - оптимальные управления игроков $i,j$.

Таким образом, уравнение Гамильтона – Якоби – Беллмана связывает оптимальные управления с ожидаемым выигрышем, позволяя найти оптимальное решение.

**Литература:**


1. Петросян Л. А. Кооперативные дифференциальные игры со случайной продолжительностью [Текст] / Е. В. Шевкопляс // Вест. С.-Петерб. ун-та. Сер.1: Математика, механика, астрономия. 2000. Вып.4. С. 18 - 23
2. Петросян Л.А. Теоретико – игровые проблемы в механике [Текст] / Н. В. Мурзов // Литовск. матем. Сб. 1966. Т. VI-3. С.423 - 433
3. Костюнин С. Ю. Об упрощении интегрального выигрыша в дифференциальных играх со случайной продолжительностью [Текст] / Е. В. Шевкопляс // Вестн. С.-Петерб. Ун. Сер.10, Прикладная математика, информатика, процессы упр-я. 2011. Вып.4, С. 47 - 56
4. Шевкопляс Е. В. Уравнение Гамильтона – Якоби – Беллмана в дифферен. играх со случайной продолжительностью // Матем. теория игр и ее приложения. 2009. Т.1, №2. С.98 - 118
5. Сапарова Г. Б. Математические модели оценки финансовых рисков. [Текст] / Султан к. Н. // Известия ОшТУ, №1, 2021. С.142 – 145


---


УДК 517.2



Зулпукаров Жакшылык Алибаевич, ф.-м.и.к., доцент,
ORCID 0009-0002-9795-6369
Рахметдула уулу Тынчтыкбек, магистрант,
Эмберди кызы Гульнара, магистрант,
Ош технологиялык университети
E-mail. zulpukarov66@mail.ru


## БИР ТЕКТҮҮ ЧЕТТИК ШАРТТАР ҮЧҮН ЭКИНЧИ ТАРТИПТЕГИ ДИФФЕРЕНЦИАЛДЫК ТЕҢДЕМЕСИНЕ ГРИНДИН ФУНКЦИЯСЫН ТУРГУЗУУ

*Бул макалада кадимки дифференциалдык теңдемелердин эсептөөлөрүн автоматташтырууга кызыккан студенттерге жана магистранттарга арналган. Кадимки экинчи тартиптеги бир тектүү дифференциалдык теңдемелер үчүн Гриндин функциясын тургузуунун чыгарылышы жана мисалдар каралган. Экинчи тартиптеги бир тектүү дифференциалдык теңдемелердин чыгарылыштарынын четтик маселесинин анализдөөгө мүмкүнчүлүктөр изилденген.*

*Негизги сөздөр: Гриндин функциясы, дифференциалдык теңдеме, чыгарылыш, интервал, матрицанын рангы, турактуу чоңдук, баштапкы шарт, четтик шарт.*

Зулпукаров Жакшылык Алибаевич, к.ф.-м.н., доцент,
Рахметдула уулу Тынчтыкбек, магистрант,
Эемберди кызы Гульнара, магистрант,
Ошский технологический университет

## ПОСТРОЕНИЕ ФУНКЦИИ ГРИНА ДЛЯ ДИФФЕРЕНЦИАЛЬНЫХ УРАВНЕНИЙ ВТОРОГО ПОРЯДКА С ОДНОРОДНЫМИ КРАЕВЫМИ УСЛОВИЯМИ

*Статья предназначена для студентов и аспирантов, интересующихся автоматизацией вычислений обыкновенных дифференциальных уравнений. Приводятся вывод и примеры построения функции Грина для обыкновенных однородных дифференциальных уравнений второго порядка. Исследовано возможности анализа краевой задачи производных однородных дифференциальных уравнений второго порядка.*

*Ключевые слова: Функция Грина, дифференциальное уравнение, решение, интервал, ранг матрицы, постоянная величина, начальное условие, граничное условие.*

Zulpukarov Zhakshylyk Alibaevich, candidate of physical and mathematical sciences, associate professor,
Rahmetdula uulu Tynchtykbek, graduate student,
Egember kyzy Gulnara, graduate student,
Osh Technological University

## CONSTRUCTION OF THE GREEN'S FUNCTION FOR SECOND-ORDER DIFFERENTIAL EQUATIONS WITH HOMOGENEOUS BOUNDARY CONDITIONS

*This article is intended for students and undergraduates interested in automating the calculations of ordinary differential equations. The derivation and examples of constructing the Green function for ordinary homogeneous differential equations of the second order are given. The possibility of analyzing the solution of the boundary value problem of solutions of homogeneous differential equations of the second order is investigated.*

*Key words: Grin function, differential equation, solution, interval, matrix rank, constant, initial condition, boundary condition.*

**Киришүү.** Гриндин функциясы дифференциалдык теңдемелердин четтик маселелерин чыгарууда кеңири колдонулат, ага көптөгөн математикалык жана физикалык маселелер келтирилген. Атап айтканда, жекече туундулуу дифференциалдык теңдемелерди Фурье ыкмасы менен чыгарууда дифференциалдык теңдемелер үчүн четтик маселелерге келтирилет. Бир тектүү маселе үчүн Грин

функциясынын жардамы менен бир тектүү эмес дифференциалдык теңдеменин чыгарылышын эсептөөгө болот. Экинчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү кадимки дифференциалдык теңдемелерди интегралдоо, ошондой эле алардын негизинде Гриндин функциясын тургузуу маселесин изилдөө актуалдуу жана маанилүү болуп саналат [1].

Коэффиценттери өзгөрүлмөлүү болгон экинчи тартиптеги сызыктуу бир тектүү кадимки дифференциалдык теңдеме берилсин.

$$p_0(x)y''(x)+p_1(x)y'(x)+p_2(x)y(x)=0, \tag{1}$$

мында $p_0(x), p_1(x), p_2(x)$ -функциялары $[a,b]$ кесиндисинде үзгүлтүксүз жана $p_0(x)\neq 0,\ x\in[a,b]$.

(1) дифференциалдык теңдеме үчүн бир тектүү четтик шарттарды жазалы:

$$\begin{cases} V_1(y)=\alpha_1 y(a)+\alpha_1^{(1)}y'(a)+\beta_1 y(b)+\beta_1^{(1)}y'(b)=0; \\ V_2(y)=\alpha_2 y(a)+\alpha_2^{(1)}y'(a)+\beta_2 y(b)+\beta_2^{(1)}y'(b)=0. \end{cases} \tag{2}$$

Бул жерде $V_1(y), V_2(y)$ функциялары $y(a), y(b), y'(a), y'(b)$ сызыктуу көз каранды эмес, ошондуктан матрицанын рангы нөлгө барабар эмес.

$$\begin{pmatrix} \alpha_1 & \alpha_1^{(1)} & \beta_1 & \beta_1^{(1)} \\ \alpha_2 & \alpha_2^{(1)} & \beta_2 & \beta_2^{(1)} \end{pmatrix}$$

$rangA=2$ четтик шарттын коэффициенттери $\alpha_1,\alpha_1^{(1)},\beta_1,\beta_1^{(1)},\alpha_2,\alpha_2^{(1)},\beta_2,\beta_2^{(1)}\in R$.

*Аныктама.* $x\in[a;b], s\in(a;b)$ болгондо аныкталган жана ар бир фиксирленген $s\in(a;b)$ үчүн төмөнкү:

1) $G(x,s)$ функциясы $a\le x\le b$ кесиндисинде үзгүлтүксүз;

2) $x=s$ чекитинде $G(x,s)$ функциясы үзгүлтүксүз, $x$ боюнча биринчи тартиптеги туундусу үзгүлтүккө учурайт жана анын секирими

$$\frac{1}{p_0(s)} \text{ б.а. } \left.\frac{\partial G(x,s)}{\partial x}\right|_{x=s+0}-\left.\frac{\partial G(x,s)}{\partial x}\right|_{x=s-0}=\frac{1}{p_0(s)}$$

3) $[a;s)$ жана $(s;b]$ жарым интервалдарда $G(x,s)$ функциясы (1) теңдеменин чыгарылышы болуп эсептелсин;

4) $G(x,s)$ функциясы $x$ боюнча (2) чек аралык шарты канааттандырат.

Ушул касиеттерге ээ болгон $G(x,s)$ функциясын (1)-(2) бир тектүү четтик маселеси үчүн Грин функциясы деп атайбыз [5].

Билдирме. (1)-(2) экинчи тартиптеги бир тектүү дифференциалдык теңдемелеринин четтик маселеси үчүн Гриндин функциясы жашайт жана жалгыз болуп саналат, эгерде чек ара маселеси (1)-(2) тривиалдуу чечимге ээ болсо гана ($(y(x)\equiv 0, x\in[a;b])$. (1)-(2) маселенин тривиалдуу чечими бар деп эсептейли. Бул учурда (1)-(2) үчүн Грин функциясын түзөлү. $y_1(x)$ жана $y_2(x)$ функциялары (1) теңдеменин чыгарылыштарынын фундаменталдык системасын түзүшсүн. Андан, 3 касиетине ылайык, Гриндин $G(x,s)$ функциясын төмөнкүчө түзүүгө болот:

$$G(x,s)=\begin{cases} a_1y_1(x)+a_1y_2(x), & a\le x\le s, \\ b_1y_1(x)+b_2y_2(x), & s\le x\le b. \end{cases}$$

мында $a_1, b_1,\ a_2, b_2$ – белгилүү $x$ тан функция.

Биринчи жана экинчи касиеттерин колдонуп биз төмөнкүнү алабыз

$$\begin{cases} [b_1 y_1(s) + b_2 y_2(s)] - [a_1 y_1(s) + a_2 y_2(s)] = 0, \\ [b_1 y_1'(s) + b_2 y_2'(s)] - [a_1 y_1'(s) + a_2 y_2'(s)] = \dfrac{1}{p_0(s)}. \end{cases} \quad (3)$$

Бул жерден элементардык өзгөртүүлөрдү жүргүзүп төмөнкү белгилөөнү киргизебиз

$$c_1(s) = b_1(s) - a_1(s),$$
$$c_2(s) = b_2(s) - a_2(s).$$

Анда (3) системадан $c_1$ жана $c_2$ карата сызыктуу теңдемелер системасын алабыз:

$$\begin{cases} c_1 y_1(s) + c_2 y_2(s) = 0, \\ c_1 y_1'(s) + c_2 y_2'(s) = \dfrac{1}{p_0(s)}. \end{cases} \quad (4)$$

(4) системанын $\Delta$ аныктагычы $x = s$ болгондо $y_1(x)$, $y_2(x)$ функцияларынан Вронскийдин аныктагычын алабыз

$$\Delta = \begin{vmatrix} y_1(s) & y_2(s) \\ y_1'(s) & y_2'(s) \end{vmatrix} = W(s)$$

Белгилүү болгондой, дифференциалдык теңдеменин чыгарылыштарынын фундаменталдык системасы үчүн Вронский аныктагычы боюнча аныктоо областынын бардык чекиттеринде нөлгө барабар эмес. Демек, (4) системасынын аныктагычы да нөлдөн айырмаланат. Демек, Крамердин эрежеси боюнча (4) системасынын $c_1(s), c_2(s)$ жалгыз чыгарылышы бар.

$a_1, b_1$, $a_2, b_2$ функцияларын табуу үчүн (2) четтик шарттарын колдонуу керек. Кийинки жазуулардын көлөмүн азайтуу үчүн биз $V_1(y)$ жана $V_2(y)$ сызыктуу формаларын төмөнкү формада келтиребиз:

$$\begin{cases} V_1(y) = A_1(y) + B_1(y); \\ V_2(y) = A_2(y) + B_2(y). \end{cases}$$

мында $A_k(y) = \alpha_k y(a) + \alpha_k^{(1)} y'(a)$, $B_k(y) = \beta_k y(b) + \beta_k^{(1)} y'(b)$, $k = 1,2$

Анда биз төмөнкүнү жаза алабыз:

$$V_k(G) = a_1 A_k(y_1) + a_2 A_k(y_2) + b_1 B_k(y_1) + b_2 B_k(y_2), \ k = 1,2$$

$a_k = b_k + c_k$, $k = 1,2$ жана $c_k$ маанилери мурунтан эле табылганын эске алсак,

$$\begin{cases} (b_1 - c_1) A_1(y_1) + (b_2 - c_2) A_1(y_2) + b_1 B_1(y_1) + b_2 B_1(y_2) = 0; \\ (b_1 - c_1) A_2(y_1) + (b_2 - c_2) A_2(y_2) + b_1 B_2(y_1) + b_2 B_2(y_2) = 0. \end{cases}$$

Бул системаны төмөнкү формага айландыралы:

$$\begin{cases} b_1 V_1(y_1) + b_2 V_1(y_2) = c_1 A_1(y_1) + c_2 A_1(y_2); \\ b_1 V_2(y_1) + b_2 V_2(y_2) = c_1 A_2(y_1) + c_2 A_2(y_2). \end{cases}$$

Мурдагыдай эле теңдемелер системасы $b_1$ жана $b_2$ чоңдуктарына карата сызыктуу бойдон калууда. Бул системанын аныктагычы

$$\Delta = \begin{vmatrix} V_1(y_1) & V_1(y_2) \\ V_2(y_1) & V_2(y_2) \end{vmatrix}$$

$V_1$ жана $V_2$ сызыктуу көз каранды эмес болгондуктан нөлдөн айырмаланат. Демек, $b_1(s)$ жана $b_2(s)$ жалгыз чыгарылышы бар жана $a_k(s) = b_k(s) + c_k(s)$, $k = 1,2$

формулалар боюнча $a_1(s), a_2(s)$ түрдө аныкталат. Ошентип, Гриндин функциясы табылат.

1-*мисал.* $$y''(x)+k^2 y(x)=0,\ (k>0, k\neq 2\pi k, k\in N), \quad (5)$$

$$\begin{cases} y(0)=y(1) \\ y'(0)=y'(1) \end{cases} \quad (6)$$

дифференциалдык теңдеме жана четтик шарттары менен Гриндин функциясын түзгүлө [2].

*Чыгаруу.* Биринчиден, дифференциалдык теңдеме (5) жана четтик маселеси (6) тривиалдуу гана чыгарылышка ээ экендигине ынануу керек. Чынында, (5) теңдеменин чечимдеринин фундаменталдуу системасы болгондуктан:

$y_1(x)=\sin kx,\quad y_2(x)=\cos kx$ төмөндөгүдөй жалпы чыгарылышка ээ болот:

$$y(x)=A\sin kx+B\cos kx$$

мында *A* жана *B* турактуу чоңдуктар (6) четтик шартты колдону менен А жана В турактуу чоңдуктарды аныктоо үчүн системаны берет:

$$\begin{cases} A\sin k+B(\cos k-1)=0, \\ Ak(1-\cos k)+Bk\sin k=0. \end{cases} \quad (7)$$

(7) системанын жалгыз чыгарылышы $A = B = 0$, анткени анын аныктагычы $\Delta=2k(1-\cos k)\neq 0,\ (k>0, k\neq 2\pi k, k\in N)$.

Демек, (5)-(6) четтик маселесинде тривиалдуу чыгарылышы $y(x)\equiv 0$ гана бар, ал үчүн $G(x,s)$ жалгыз Гриндин функциясын тургузууга мүмкүн экенин билдирет. Бул үчүн биз керектүү болгон $G(x,s)$ функциясын төмөнкү формада көрсөтөлү:

$$G(x,s)=\begin{cases} a_1\sin kx+a_2\cos kx, & 0\le x\le s \\ b_1\sin kx+b_2\cos kx, & s\le x\le 1. \end{cases} \quad (8)$$

мында $a_1, b_1,\ a_2, b_2$ - *s* тен көз каранды болгон белгисиз функциялар.

$$\begin{cases} c_1(s)=b_1(s)+a_1(s), \\ c_2(s)=b_2(s)+a_2(s). \end{cases} \quad (9)$$

Акыркы теңдемелер системасындагы $c_1(s)$ жана $c_2(s)$ табуу үчүн (4) колдонуп төмөндөгүнү жазбыз:

$$\begin{cases} c_1\sin ks+c_2\cos ks=0, \\ c_1 k\cos ks-c_2 k\sin ks=1. \end{cases}$$

Бул сызыктуу теңдемелер системасын Крамердин эрежеси менен чыгарып $c_1$ жана $c_2$ таап алсак болот

$$c_1=\frac{\cos ks}{k},\quad c_2=-\frac{\sin ks}{k}. \quad (10)$$

Андан кийин аныктаманын төртүнчү касиетин колдонуп ал маселенин четтик шарттарын канааттандырышы керек, б.а.

$$\begin{cases} G(0,s)=G(1,s), \\ G'_x(0,s)=G'_2(1,s). \end{cases}$$

Бул учурда салыштырмалуу биз төмөнкүнү алабыз

$$\begin{cases} a_2=b_1\sin k+b_2\cos k, \\ kc_1=kb_1\cos k-kb_2k\sin k. \end{cases}$$

Акыркы (9), (10) теңдемелерин (8) коюп бардык белгисиз коэффициенттерди табабыз:

$$a_1=\frac{\sin ks\sin k}{2k(1-\cos k)}-\frac{\cos ks}{2k},\qquad a_2=\frac{\cos ks\sin k}{2k(1-\cos k)}+\frac{\sin ks}{2k}$$

$$b_1=\frac{\sin ks\sin k}{2k(1-\cos k)}+\frac{\cos ks}{2k},\qquad b_2=\frac{\cos ks\sin k}{2k(1-\cos k)}-\frac{\sin ks}{2k}$$

Табылган $a_1, b_1,\ a_2, b_2$ маанилерин (8) ге алмаштырып, эң жөнөкөй тригонометриялык өзгөртүүлөрдү аткарып төмөнкүнү табабыз.

$$G(x,s)=\begin{cases}\dfrac{\cos k\left(x-s+\frac{1}{2}\right)}{2k\sin\frac{k}{2}}, & 0\le x\le s;\\[2ex] \dfrac{\cos k\left(s-x+\frac{1}{2}\right)}{2k\sin\frac{k}{2}}, & s\le x\le 1.\end{cases}$$

2-*мисал*. Гриндин функциясынын жардамы менен четтик маселени чыгаргыла [3]

$$y''+9y=x-\frac{\pi}{2},\quad y(0)=0,\ y\left(\frac{\pi}{6}\right)=0. \qquad (11)$$

*Чыгаруу*. Адегенде бир тектүү теңдеменин четтик маселеси үчүн Гриндин функциясын түзөлү

$$y''+9y=0,\quad y(0)=0,\ y\left(\frac{\pi}{6}\right)=0 \qquad (12)$$

Чек ара маселеси $y(x)\equiv 0$ гана тривиалдуу чечимге ээ экенин көрсөтөлү. Бизде $y(x)\equiv C_1\cos 3x+C_2\sin 3x$ деген (12) теңдемесинин жалпы чыгарылышына ээ болобуз. Эгерде $C_1=0,\quad C_2=0$ болгондо, анда $y(x)\equiv 0$ болуп $G(x,s)$ шартын канааттандырат. (12) теңдемеси үчүн жалгыз Гриндин функциясын түзүүгө болот. Гриндин функциясынын туюнтмасын жазып алалы.

$$G(x,s)=\begin{cases}a_1\sin 3x+a_2\cos 3x, & \text{эгерде } 0\le x\le s\\ b_1\sin 3x+b_2\cos 3x, & \text{эгерде } s\le x\le\dfrac{\pi}{6}.\end{cases} \qquad (13)$$

$x=s$ учурундагы үзгүлтүксүздүктөн биз төмөнкүнү алабыз

$$(b_1-a_1)\cos 3x+(b_2-a_2)\sin 3x=0$$

$x=s$ чекитиндеги $G'_x(x,s)$ секирүү, 1ге барабар

$$-3(b_1-a_1)\cos 3x+3(b_2-a_2)\sin 3x=1$$

$c_1=a_1+b_1,\ c_2=a_2+b_2$ деп алсак. Анда бизде

$$c_1\cos 3x+c_2\sin 3x=0$$

$$-3c_1\cos 3x+3c_2\sin 3x=1$$

Мындан биз $c_1$ жана $c_2$ изилдесек

$$c_1=-\frac{1}{3}\sin 3s,\quad c_2=\frac{1}{3}\cos 3s$$

(2) четтик шарттарды колдонуп $a_2=0,\quad b_1=0$ барабар болгондуктан биз төмөндөгүнү алабыз

$$a_1 = \frac{1}{3}\sin 3s, \quad b_2 = \frac{1}{3}\cos 3s$$

Табылгандарды (13) кө коюп Гриндин функциясын табабыз

$$G(x,s) = \begin{cases} \frac{1}{3}\sin 3x\cos 3x, \text{ эгерде } 0 \le x \le s \\ \frac{1}{3}\cos 3x\sin 3x, \text{ эгерде } s \le x \le \frac{\pi}{6}. \end{cases} \tag{14}$$

Эми (1) дифференциалдык теңдемесинин четтик маселени чыгарууну изилдейли

$$y(x) = \int_0^{\frac{\pi}{6}} G(x,s)\left(s - \frac{\pi}{6}\right)ds, \tag{15}$$

акыркы чыккан интегралдык теңдемедеги $G(x,s)$ функциясынын ордуна (14) коюп биз төмөндөгүнү алабыз [4]:

$$y(x) = \frac{1}{3}\int_0^{\frac{\pi}{6}} \cos 3s\sin 3x\left(s - \frac{\pi}{6}\right)ds + \frac{1}{3}\int_0^{\frac{\pi}{6}} \sin 3s\cos 3x\left(s - \frac{\pi}{6}\right)ds = \frac{1}{3}\sin 3x\int_0^{\frac{\pi}{6}} \cos 3s\left(s - \frac{\pi}{6}\right)ds +$$

$$\frac{1}{3}\cos 3x\int_0^{\frac{\pi}{6}} \sin 3s\left(s - \frac{\pi}{6}\right)ds = \frac{1}{9}\cos 3x\sin 3s\left(s - \frac{\pi}{6}\right)\Bigg|_0^x + \frac{1}{27}\sin 3x\cos 3s\Big|_0^x - \frac{1}{9}\cos 3x\cos 3s\left(s - \frac{\pi}{6}\right)\Bigg|_x^{\frac{\pi}{6}} +$$

$$+\frac{1}{27}\cos 3x\sin 3s\Big|_x^{\frac{\pi}{6}} = \frac{1}{9}\sin 3x\sin 3x\left(x - \frac{\pi}{6}\right) + \frac{1}{27}\sin 3x\cos 3x - \frac{1}{27}\sin 3x + \frac{1}{9}\cos 3x\cos 3x\left(x - \frac{\pi}{6}\right) +$$

$$+\frac{1}{27}\cos 3x - \frac{1}{27}\cos 3x\sin 3x = \frac{1}{9}\left(x - \frac{\pi}{6}\right) - \frac{1}{27}(\cos 3x - \sin 3x) = \frac{6x - 3\pi + 3\cos 3x + 2\sin 3x}{54}$$

Гриндин функциясынын жардамы менен изилденген функция

$$y(x) = \frac{6x - 3\pi + 3\cos 3x + 2\sin 3x}{54} \quad \text{барабар болот.}$$

**Корутунду.** Бул макала сызыктуу бир тектүү экинчи тартиптеги дифференциалдык теңдемеси үчүн Гриндин функциялары жөнүндөгү түшүнүктөр, аныктамалар киргизилген. Гриндин функцияларынын болушунун зарыл жана жетиштүү шарттары келтирилип, чыгарылыштарынын фундаменталдык системасы аркылуу алардын аналитикалык көрүнүшү берилип, бир тектүү эмес теңдеменин жана бир тектүү эмес системанын чечимдери менен байланышы тургузулган. Дифференциалдык теңдеме үчүн четтик маселеге Гриндин функциясы аныкталган. Четтик маселе үчүн Гриндин функциясынын жашашы жана тривиалдуу экендиги аныкталып, анын аналитикалык чыгарылыштын фундаменталдык системасы жана чектик шарттар аркылуу берилген.

**Адабияттар:**


1. Бибиков Ю. Н. Курс обыкновенных дифференциальных уравнений / Ю. Н. Бибиков. – М. : Высш. шк., 1991. – 303 с.
3. Валеев К. Г. Построение функций Ляпунова / К. Г. Валеев, Г. С. Финин. – К. : Наук. думка, 1981. – 412 с.
4. Коддингтон Э. А. Теория обыкновенных дифференциальных уравнений / Э.А. Коддингтон, Н. Левинсон. – М. : Изд-во иностр. лит-ры, 1958. – 474 с.

5. Лизоркин П. И. Курс дифференциальных и интегральных уравнений / П. И. Лизоркин. – М. : Наука, 1981. – 384 с.
6. Иманалиев М.И., Байзаков А.Б., Кененбаева Г.М. Методы решения обыкновенных дифференциальных уравнений. – Бишкек: Турар, 2005. – 227с.

---

УДК 519.642, 519.688

Закирова Динара Абдраимовна, аспирант,
ORCID 0009-0009-5033-0722
Кульматова Нурила Абдимиталовна, магистр,
ORCID 0009-0005-2593-7785
Ош технологиялык университети
Email: anid_0308@mail.ru

## ИНТЕГРАЛДАРДЫ ЭСЕПТӨӨ ҮЧҮН PYTHON ПРОГРАММАЛОО ТИЛИН КОЛДОНУУ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

*Макалада Python программалоо тилин интегралдарды эсептөө үчүн колдонуу мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү каралган. Интегралдар менен иштөөдө негизги касиеттердин формулалары да кеңири колдонулуп, аныкталган жана аныкталбаган интегралды чыгарууда Python программалоо тилинде мисалдарды түшүндүрүү мүмкүнчүлүктөрү жеңилдетилип берилген.Программалоо тилинин жардамында берилген аныкталган интегралдардын графигин тургузуу да жеңил. Интегралдарды программалоо тилинде иштелишин көрүү үчүн Python китепканаларын колдонуп мисалдар иштелген.*

*Негизги сөздөр: интеграл, теңдеме, аныкталган жана аныкталбаган интегралдар, Python программалоо тили, график, функция, Ньютон-Лейбниц формуласы.*

Закирова Динара Абдраимовна, аспирант,
Кульматова Нурила Абдимиталовна, магистр,
Ошский технологический университет

## ВОЗМОЖНОСТИ ИСПОЛЬЗОВАНИЯ ЯЗЫКА ПРОГРАММИРОВАНИЯ PYTHON ДЛЯ ВЫЧИСЛЕНИЯ ИНТЕГРАЛОВ

*В статье представлены возможности использования языка программирования Python для вычисления интегралов. В работе с интегралами также широко используются формулы основных свойств, при выводе определенных и неопределенных интегралов облегчаются возможности пояснения примеров на языке программирования Python.Также легко построить график определенных интегралов, используя язык программирования. Примеры разработаны с использованием библиотек Python, чтобы увидеть, как интегралы работают на языке программирования.*

*Ключевые слова: интеграл, уравнение, определенные и неопределенные интегралы, язык программирования Python, график, функция, Формула Ньютона-Лейбница.*

Zakirova Dinara Abdraimovna, graduate student,
Kulmatova Nurila Abdimitalovna, master - teacher,
Osh Technological University

## POSSIBILITIES OF USING THE PYTHON PROGRAMMING LANGUAGE TO CALCULATE INTEGRALS

*The article presents the possibilities of using the Python programming language to calculate integrals. In working with integrals, the formulas of the main properties are also widely used, in the derivation of definite and indefinite integrals, the possibilities of explaining examples in the Python programming language are facilitated.It is also easy to graph given definite integrals using a programming language. Examples are worked out using Python libraries to see how integrals work in the programming language.*

*Key words: integral, equation, definite and indefinite integrals, Python programming language, graph, function, Newton-Leibniz formula.*

**Киришүү.** Математика тармагында интегралдар менен иштөөнү берүү үчүн, интегралдын аныкталган жана аныкталбаган интегралдардын иштелишине маани берүү абзел. Интегралдарды түрдүү тармактарда колдонулушун да көп байкайбыз. *Интеграл* деген сөз латын тилинен келип чыккан жана "бүтүн" деген түшүнүктү берет. Интеграл математикалык анализдин эң керектүү болгон түшүнүктөрүнүн бири болуп саналат. Алар менен иштөөдө аныкталган жана аныкталбаган интегралдарга, Ньютон-Лейбництин формуласына, колдонулган негизги касиеттерине токтолуп, мисалдардын иштелишине байкоо жүргүзөбүз. Интегралдарды чыгарууда [1] усулдук колдонмодон интегралдоонун негизги касиеттерин карайбыз. Макалада интегралдоонун негизги касиеттери толугу менен берилди. Python программалоо тилин колдонууда жана анын китепканасын орнотуу үчүн [4] колдонмодо керектүү болгон маалыматтар көрсөтүлгөн. Усулдук колдонмо [5] мисалдардын чыгарылышына варианттар жана алардын иштелишине мисалдар каралган.

*Актуалдуулугу.* Интегралдык эсептөө интегралдын касиетин, аны эсептөө жолун, түрдүү математикалык мисалдардын иштелишин Python программалоо тилинде колдонулушунун мүмкүнчүлүктөрүн кароо. Азыркы мезгилде ар бир тармакты программалоо тилдеринде колдонуу менен жеткиликтүү түшүндүрүү мүмкүнчүлүктөрү чоң.

*Изилдөөнүн ыкмалары:*

*1. Интегралдоонун негизги түшүнүктөрү жана касиеттери*

Интегралдар менен иштөөдө, аныкталган жана аныкталбаган интегралдарга көңүл бурабыз. Бирок интегралдар менен иштөөдө негизги касиеттерине да көңүл буруп, мисалдарда колдонобуз. Төмөндө көрсөтүлгөн:

*Негизги касиеттери:*

$$\int_a^b f(x)dx = \int_a^b f(t)dt = \int_a^b f(z)dz$$

$$\int_a^b f(x)dx = 0$$

$$\int_a^b f(x)dx = -\int_b^a f(x)dx$$

$$\int_a^b f(x)dx = \int_a^c f(x)dx + \int_c^b f(x)dx,$$

Эгерде a, b жана c каалагандай чекиттери, $|$ аралыгындагы, $f(x)$ үзгүлтүксүз болсо [1], анда

$$\int_a^b kf(x)dx = k\int_a^b f(x)dx$$

$$\int_b^b (f_1(x) + f_2(x))dx = \int_a^b f_1(x)dx + \int_a^b f_2(x)dx$$

*Аныкталган интегралдар.* Негизинен аныкталган интегралдар менен иштөөдө Ньютон-Лейбництин формуласын колдонуп мисалдарды чугаруу ыңгайлуу.

Эгерде $f(x)$ функциясы x=a жана x=b чекиттерин камтыган, $|$ аралыгындагы үзгүлтүксүз болсо, анда $F(b)-F(a)$ айырмасынын мааниси $F(x)$ функциясынын a дан b га чейинки интегралы деп аталат. Мында $F(x)$, $f(x)$ функциясынын $|$ аралыгындагы баштапкы функциясы, төмөндөгүдөй белгиленет [1]:

$$\int_a^b f(x) = F(x)\Big|_a^b = F(b) - F(a)$$

Аныкталган интегралдар менен иштөөдө ийри сызыктуу трапециянын аянтын табуу формуласын колдонобуз.

$$S = \int_a^b f(x)dx$$

$\int_a^b f(x)dx$ формуласын колдонуу менен мисалдарды иштөөнү карап көрөлү.

***а)*** $I = \int_0^{\pi} \sin xdx$ интегралын табуу.

$$I = \int_0^{\pi} \sin xdx = -\cos x\Big|_0^{\pi} = -\cos(\pi) - (-\cos(0)) = -1 + 0 = -1$$

***б)*** $\int_0^2 (x^3 - x^2)dx$ интегралын табуу. Ньютон-Лейбництин формуласын колдонуп иштейбиз.

$$\int_0^2 (x^3 - x^2)dx = \left(\frac{x^4}{4} - \frac{x^3}{3}\right)\Bigg|_0^2 = \left(\frac{16}{4} - \frac{8}{3}\right) - 0 = \frac{4}{3} = 1.33333333$$

***в)*** $\int_1^3 \frac{1}{x^2}dx$ интегралын табуу.

Бөлчөктүү интеграл менен иштөөдө $\frac{1}{a^n} = a^{-n}$ формуласын колдонуп жөнөкөйлөтүп интегралын таап алабыз.

$$\int_1^3 \frac{1}{x^2}dx = \int_1^3 x^{-2}dx = \frac{x^{-2+1}}{-2+1}\Bigg|_1^3 = \frac{x^{-1}}{-1}\Bigg|_1^3 = -\frac{1}{x}\Bigg|_1^3 = -\frac{1}{3} - \left(-\frac{1}{1}\right) = \frac{2}{3} = 0.666666667$$

*Аныкталбаган интегралдар.* $f(x)$ функциясынын анык эмес интегралы деп анын $F(x)+C$ баштапкы функцияларынын жыйындысын айтабыз жана $\int f(x)dx = F(x)+C$ деп жазабыз.

Мында $f(x)$ - интеграл астындагы функция, ал эми $f(x)dx$ интеграл астындагы туюнтма деп аталат. Берилген функциянын баштапкы функциясын табуу операциясы деп аталат [2].

$\int(3-x^5)dx$ аныкталбаган интегралын табабыз.

$$\int(3-x^5)dx = 3x-\frac{x^6}{6}+C$$

*Өзгөрмөлөрү ажыралуучу теңдемелерге мүнөздөмө.*

$f_1(y)dy = f_2(x)dx$ түрүндөгү теңдеме берилди, $f_1(y)$ жана $f_2(x)$ берилген теңдеменин функциялары.

$f_1(y)dy = f_2(x)dx$ теңдемесин интегралдайбыз жана төмөндөгүдөй $\int f_1(y)dy = \int f_2(x)dx + c$ формулага ээ болобуз. Мында с- турактуу сан [3].

Аныкталбаган интегралдарга да мисалдардын иштелишин көрсөтүп, жыйынтыгын алалы.

$\int(x^4+5x)$ анык эмес интегралы берилди, жөнөкөйлөтүп чыгарылышын карайбыз.

$$\int(x^4+5x)dx = \int x^4dx + \int 5xdx = \int x^4dx + 5\int xdx$$

$\int x^n dx = \frac{1}{n+1}x^{n+1}$ фомуласын колдонуп, эсептеп чыгарып алабыз.

$$\int x^4dx = \frac{1}{4+1}x^{4+1} = \frac{1}{5}x^5,\ \int xdx = \frac{1}{1+1}x^{1+1} = \frac{1}{2}x^2\ ,.$$

Ар бир бөлүнүп каралган интегралды жалпы интегралдын ордуна коебуз.

$\int(x^4+5x) = \left(\frac{1}{5}x^5 + \frac{5}{2}x^2 + C\right)$ барабар.

*2. Python интеграциясы*

Python чөйрөсү азыркы учурда өтө актуалдуу болгон программалоо тилдеринин бири болуп саналат. Бул программалоо тилин колдонуу жеңил, ар түрдүү багыттагы программаларды түзүүдө атайын колдонулган китепканаларын орнотуунун негизинде ишке ашат.

Макалада интегралдар менен иштөө үчүн китепканаларга аныктамалар берилген. Ар бир китепкана программага код менен орнотулат жана түрдүү функцияларды камтыйт. Төмөндө китепканаларга түшүндүрмө жазылган.

*Python интеграциясы үчүн китепканалар:*

- *NumPy* - бул Python программисттерине гана белгилүү эмес китепкана. Ал n - өлчөмдүү массивдерде маалыматтарды сактоого жана түзөтүүгө мүмкүндүк берет, бул кээ бир учурларда Pythonдогу кадимки тизмелерге караганда алда канча ишенимдүү. NumPyнин өзөгүндө өтө татаал математикалык өзгөртүүлөрдү жасоо жөндөмдүүлүгү турат. Орнотуу коду - *pip install numpy.*

- *SciPy* китепканасы SciPy стек түзгөн негизги пакеттердин бири. Математикалык теңдемелер менен иштөөдө linalg, integrate, guad функцияларын колдонуу менен мисалдар чыгарылат. Орнотуу коду – *pip install scipy.*

- *Matplotlib* - бул Python китепканасы, ал тиркемелерге сюжеттерди киргизүү үчүн API камсыз кылат. Гистограммалар, тилке диаграммалары, чачыранды диаграммалар, тегерек диаграммалар - Matplotlib визуализациялардын кеңири спектрин көрсөтө алат. Эки китепкана бар: pylab жана pyplot. Pylab matplotlib менен орнотулган модуль, ал эми pyplot matplotlibге орнотулган модуль. Орнотуу коду - *pip install matplotlib.*

- *SymPy* символикалык эсептөө үчүн колдонулган ачык булак Python китепканасы. Түрдүү тармактарда колдонулган, ар кандай функцияларга ээ болгон китепкана деп да атасак болот. Орнотуу коду - *pip install sympy.*

*3. Python интеграциясы үчүн интегралдоого мисалдар.* Интегралдоодо Python программалоо тилинин колдонулушун көрсөтүү.

$\int \sin x dx = -\cos x + C$ аныкталбаган интегралынын программалоо тилинде чыгарылышы.




*Программа коду.* $\int_0^2 (x^3 - x^2)dx$ аныкталган интегралынын чыгарылышы төмөндөгүдөй. $\int_0^2 (x^3 - x^2)dx = \left(\frac{x^4}{4} - \frac{x^3}{3}\right)\Big|_0^2 = \left(\frac{16}{4} - \frac{8}{3}\right) - 0 = \frac{4}{3} = 1.33333333$

Ушул мисалдын Python программалоо тилинде иштелишин көрсөлү.




$$\int_1^3 \ln x dx = (x\ln(x) - x)\Big|_1^3 = (3\ln(3) - 3) - (1\ln(1) - 1) = (3*1.09861229 - 3) - (1*0 - 1) =$$
$$0.29523687 \ + 1 = 1.29583687$$

$\int_1^3 \ln x dx$ аныкталган интегралынын графигин Python программалоо тилинде түзөбүз. Биринчи кезекте программалык кодун жазып алып, коддо график чийүү үчүн **Matplotlib** китепканасын кошуп алабыз. Ийри сызыктуу трапециянын аянтын табуу формуласын колдонуп берилген функциянын аянтын да табууга болот.

$$S = \int_a^b f(x)dx$$




Программанын графиги

```python
import numpy as np
from scipy import integrate
from matplotlib import pyplot as plt
f = np.log
a, b = 1, 3
I, _ = integrate.quad(f, 1, 3)
x = np.linspace(1, 3, 100)
y = f(x)
fig, ax = plt.subplots(figsize=(10, 6), layout="tight")
ax.plot(x, y, label=r"$f(x)=\ln x$")
ax.set_xlabel("$x$")
ax.set_ylabel("$y$")
ax.fill_between(x, np.zeros_like(x), y, where=(y > 0), facecolor='green', alpha=0.30)
ax.set_xticks(np.linspace(0, np.pi, 7))
ax.text(np.pi/2, 0.5, fr"$S = {I}$", fontdict={"size": 24, "ha": "center"})
ax.legend()
ax.grid()
plt.show()
print(f"Интегралдын маанисин эсептөө: {I}, так мааниси: {(x*np.log(x)-x)}.")
```

Программанын коду

```
(venv) PS C:\Users\pythonProject> python integ1.py
Интегралдын маанисин эсептөө: 1.2958368660043291, так мааниси: [-1.         -0.9997973  -0.99919453 -0.99819947 -0.99681958 -0.99506207
 -0.13872079 -0.11952775 -0.10017751 -0.08067126 -0.0610102  -0.04119552
 -0.02122837 -0.00110988  0.0191588   0.03957658  0.06014235  0.08085506
  0.10171363  0.12271701  0.14386419  0.16515413  0.18658585  0.20815835
  0.22987065  0.2517218   0.27371085  0.29583687].
```

**Жыйынтыгы.** Интегралдар ар кандай тармактарда кеңири колдонулат. Мисалга алсак: физика**,** экономика, инженерия, статистика, экология, математика тармактары. Компьютердик тармактарда да кеңири колдонулат. Мисалы, сандык интеграцияга байланыштуу алгоритмдерди иштеп чыгууда жана сигналдарды иштетүүдө, ийри сызыктуу трапециянын аянтын табууда, аянттарды эсептөөдө.

**Корутунду**. Интегралдарды эсептөөдө программалоо тилдерин колдонуу бир топ жеңилдиктерди жаратты. Мисалдарды иштөөдө, математикалык жазылышына токтолбостон программалык көрсөтүлүшүнө да көңүл бөлүндү. Интегралдарды программалоо багытындагы адистиктерде окутууда предметке кызыктыруу жаралышы белгилүү болду. Ошондуктан бул макаланын мүмкүнчүлүгү жана пайдалуулугу берилген интегралдарды программалоо тили менен терең пайдаланып түшүндүрүлүп берилишинде экендиги аныкталды. Аныкталган жана аныкталбаган интегралдарга мисалдар көрсөтүлүп, негизги керектүү болгон интегралдар менен иштөөдөгү касиеттердин колдонушу каралып, мисалдар көрсөтүлүп берилди. Берилген интегралдар менен иштөөдөгү негизги касиеттер, Ньютон-Лейбництин формуласы, ийри сызыктуу трапециянын формуласынын колдонулушуна мисалдар келтирилди.

**Адабияттар:**


1. В. Козырева, А. Дьйшекеева. Математика таблицада: Орто мектептер үчүн. –Б.: “АРХИ”. 2004. – 96 б.
2. Сопуев У.А. Жогорку математика: Окуу колдонмо. –Ош: “Кагаз ресурстары” басмаканасы, 2015. -142-144 бб. https://www.okuma.kg/read/web/books/Жогорку математика.pdf
3. Байзаков А.Б. Дифференциалдык теңдемелер. Б.: 2016. – 16 б.
4. Закирова Д.А., Ташибеков Т.Ч., Арзыбаева М.А. Python чөйрөсүндө программалоо предмети боюнча усулдук колдонмо (Программалоо багытындагы адистиктер үчүн), ОшТУ, 2024-ж. -5 б, - 97 б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=67202426
5. А.А. Ельцов, Т.А. Ельцова. Практикум по интегральному исчислению и дифференциальным уравнениям. — Томск: Томск. гос. ун-т систем управления и радиоэлектроники, 2005. – С. 7-9. https://math.tusur.ru/book/int-2.pdf
6. Бабенкова Т. В., Молоденкова Т. В., Черный Д. Е. Интегралы. Саратов: СГТУ, 2015. https://www.sstu.ru/teachers/2036-molodenkova_tatyana_viktorovna.html
7. И. В. Садовничая, Е. В. Хорошилова. Определенный интеграл: теория и практика вычислений. Московский гос. ун-т им. М. В. Ломоносова, Москва: Изд. отд. факультета ВМиК МГУ им. М. В. Ломоносова, 2008. -35 с. https://viewer.rsl.ru/ru/rsl01004127618
8. Гуров В.В. Методы интегрирования. Неопределенный и определенный интеграл [Электронный ресурс]: учеб. пособие по дисциплине "Математика" для студ. всех спец. https://www.sstu.ru/teachers/1644-gurov_vladimir_vladimirovich.html
Кыргыз эли, узак тарыхында өз башынан ар кандай татаал турмушту кечирип, азап-тозоктун жүгүн көтөрүп келсе да, өзүнүн түгөнгүс руханий кенчин, байлыгын, казынасын сактап биздин күндөргө жеткизди. Ал руханий түгөнгүс кенч – "Манас" эпосу. Улуу эпос элибиздин кан-жаны менен бирге жаралып, эл башынан кечирген тарыхый жана реалдуу окуялардын негизинде көркөм сөз өнөрүнүн эң бийик чокусу болгон манасчылардын табият тартуулаган сырдуу талантынын, көп жылдык тажрыйбасынын аркасында калыптанып, биздин күндөргө жетти. Эпос мезгил өткөн сайын улам такталып, толукталып, ашыкча жүктөрдөн бошонуп, кошумча-алымчалары менен идеалдуу абалына келди. Адам баласы чаалыгып- чарчаганда кубат берген кудуреттүү күч, өзгөчө бир ажайып дүйнө, түгөнгүс байлык, эпос учурду уникалдуу көркөм чыгармага айлантырды.

“Манас” үчилтигинде кыргыздын ата-бабаларынын кылымдар бою топтоштурулган коомдук адеп-ахлактык, руханий асыл нарктары, бийик гуманисттик идеялары, тарыхы менен үрп-адаты, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүктөрү, эл аралык мамилелери, келечекке болгон үмүт-тилеги, умтулуулары, утопиялары менен фантазиялары сөз күчү менен көркөм чагылдырылган.

Ошентсе да мындай көөнөрбөс кенчти оозеки жомок катары айтчу доор аяктап, эми эпосту айтып, илимий жактан терең изилдеп, анын түпкүрүндө ачылбай жаткан катмарларды ачуу доору келди.

Жогорку билимге ээ болгон адистердин сөзсүз түрдө кыргыздын коомдук аң-сезимин, турмуштук тажрыйбасын, басып өткөн түйшүктүү узак жолун жана тарыхын кенен чагылдырган “Манас” үчилтиги тууралуу кенен, түркүн түшүнүккө ээ болушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Манастаануу курсун окутуудагы дагы бир орчундуу маселе – студенттердин Ата Журтун, эли-жерин жан дили менен сүйүүгө, башка улуттар менен ынтымактуу жашоого тарбиялоо, эпостогу негизги идеялардын бири да ушуну айтат. Студент эпос аркылуу элинин каада-салтын, үрп-адаттарын, адеп-ахлагын терең өздөштүрүүсүн.

**Изилдөөнүн ыкмалары жана жыйынтыктары.** Көлөмү менен көркөмдүгү жагынан дүйнөлүк эпостордон бир топ эсе жогору турган “Манас” эпосу көптөгөн

окумуштууларды, изидөөчүлөрдү, ал тургай чет элдик илимпоздорду кызыктырып келген. Бул тууралуу окумуштуу, филология илимдеринин доктору, профессор Курманбек Абакиров мындай дейт: «... Башка эч бир элдик чыгармага теңдешсиз, анын көп катмарлуу энциклопедиялык мазмуну, жаркын образдары, элдин тарыхы, социалдык-руханий турмуш-тиричилиги, кечээкиси, бүгүнкүсү жана эртеңкиси менен да ажырымсыз, өтмө катар байланышы, көркөм-эстетикалык ажары ар түрдүү улуттагы атайын адис-окумуштуулардан тартып мамлекеттик-саясий ишмерлердин, адабият, маданият,
искусство өкүлдөрүнүн жана да түрдүү кесиптеги карапайым адамдардын туруктуу кызыгуу объектисине айланды.

Үчилтиктин өзөгүндө турмуштун чындыгы жана ошол чындыкка ынанган жашоонун жазылбаган мыйзамдары сыйдырылган. Демек, ал мыйзамдар аны окуган ар бир адамдын көңүлүн буруп, кызыктырып, өзүнө тартып турат. [7, 3, 4]

Натыйжада, "Манасты" изилдөө, азыркы убакка чейин бир топ этаптардын алкак-чегинде ар тараптан изилденип келе жатат. Эпостун көлөмүн учу-кыйыры көрүнбөгөн, аяк-башы бүтпөгөн өзүнчө бир чалкып жаткан океанга салыштырууга болот. Кыргыз элинин биринчи кызыл кыргыз профессору К. Тыныстанов "Манас" эпосун «Чети оюлбаган океан» деп баалаган. Тулкусуна байыркы тарыхты, этнографияны, философиялык ой-жорууларды, коомдук-саясий, географиялык, руханий, көркөм дөөлөт мурастарды камтыган элдик оозеки чыгармалардын башында турган чыгарманын үлгүсү болгондугу менен – "Манас" эпосу чынында эле уникалдуу чыгарма. Анын уникалдуулугун белгилеген ойлор, жазылган пикирлер да арбын. Алсак, КРдин Эл жазуучусу Түгөлбай Сыдыкбеков: «Кыргыз баласына Манас атанын арбагы улук. "Манас" эпосу элибиздин рухий дүйнөсүнүн ыйык куту. Байыртадан Орхон, Алтай, Энесай, Ала-Тоо жердеген, чоң кагылыштарды, күрөштөрдү далай кылым башынан кечирген, эчен албан кыргын-чабуулда күймөлгөн бабалар бийик сепил, шаар курууга шаа-чамасы келбеди, алар мекенин жоодон коргоп жүрүшүп, ат жалында маектей ушул обологон улуу сөз мунарасын, эстелигин тургузушту. Улуу таланттар, залкар манасчылар миңдеген саптарды оозеки жаратып, муундан-муунга рухий мурас, керээз калтырып, эпосту тарыхтын чаңына бастырбай, жыйырма биринчи кылымга жеткиришти. "Манас" баяны – ыйык көркөм сөз өнөрү, өлбөс касиеттери менен айырмаланган, элдин тарыхын, кайгы-кубанычын, тилек-үмүтүн кең камтыган улуу дастан! Ал көп өзөндөрдү өзүнө куйган улуу дарыя сыяктуу терең жана бай кенч. Ошондуктан ал бир болгон окуя, не бир муундун өмүрү менен чектелбейт. Ал бүт элдин ар заманындагы башынан кечирген тарыхындагы не бир бай окуяларды өзүндө чагылыштырып турат..» - деп жазат. [2, 7]

"Манас" эпосу өзүнүн кайталангыс көркөмдүгү боюнча, нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолору боюнча, элдин тагдырын ар тараптан: жашоо-тиричилик, жоопкерчилик, үй-бүлө мыйзамдары менен шарттары, ар түрдүү салт-санаа, үрп-адаттары, социалдык жана коомдук турмушунун кеңири камтылышы боюнча, дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын эстеликтеринин үлгүлөрүндө жатат. Үчилтиктин өзөгүн көк мелжиген ааламга, же чети оюлбаган деңизге салыштыруунун өзү – анын тереңинде кээ бир учурда адамдын акыл-эси же өткөргөн өмүрү чак келбеген зор маселенин болушу менен божомолдоого болот. "Манас" эпосунда эмнелер камтылса, дал ошол нерселерди окуп-үйрөнүү, түшүнүү жана жайылтуу "Манастаануу" деген илимий тармактын чегинде изилденет, жалпыланат, таанып-билинет, өздөштүрүлөт.

Чындыгында, "Манастын" ээси – кыргыз эли. Андай манастануунун башатында нак кыргыз эли – өзү жатат. Кыргыз элинин турмушу, тарыхы, жан дүйнөсү, дүйнө таанымы, философиясы, этнографиясы, этнопедагогикасы, этнопсихологиясы анын

негизин ээлеп жатат. Эпостун жаралышында кыргыз элинин улуу сөз өнөрү турат, ошол сөз өнөрү эпосту урагыс улуу пирамида кылып жараткан жана аны бириктирип турат. Ушул жерде элдик манастаануу түшүнүгү жатат. Элдик манастаануу дегенибиз – көчмөн элибиздин мына ошол сөз өнөрү, сөздү барктаган, кадырлаган сапаты, көркөм сөз өнөрүн баалоо жөндөмү, көркөм элдик поэтика, аны узак кылымдар бою сактап келген, улантып, байытып келген элдик талант, элдик өнөр, ага жогорку баа берген элдик ченем, сынчыл мамиле жатат. Антпеген күндө улуу эпос ушунчалык көлөмдө жана кенен мазмунда, сөз өнөрүнүн улуу үлгүсү болгон деңгээлге жетмек эмес жана кылымдар бою сакталып калмак эмес.

Манастаануу илими – аны изилдөө ишинин башталышы жана жыйналуу процесси менен бирге башталган жана түптөлө баштаган. Анын башатында эпосту изилдөөчүлөр, жыйноочулар турат десек жаңылбайбыз. Ал эми бүгүнкү күндөгү изилдөөлөр, жарыяланып китеп болуп чыгышы, эпостун варианттары, аны окутуунун башталышы, эпостун маани-маңызын ачуу, тармактарга бөлүп изилдөө манастаануу илиминин өнүккөн мезгилин элестетет.

Манастаануу сабагынын мазмуну, маани-маңызы абдан кеңири маселелердин айкалышын камтыйт. Алсак, эпосту окуп-түшүнүү үчүн анын келип чыгышы, пайда болуш себептерин, эпосту эл арасынан жыйноо, жазып алуу иштерин, эпосту айтып бүгүнкү күнгө жеткирген манасчылардын айтуучулук өнөрү, алардын жашап өткөн мезгилдери, алардын айткан варианттары, "Манас" эпосунун толук мазмуну, эпостун идеясы, андагы адам жана жаратылыш концепциялары, эпостун изилдениш деңгээли, эпосту изилдеп, жайылтуу дагы иш-чаралар, эпосту окутуп-үйрөтүү иштери сыяктуу абдан орчундуу маселелер жатат. Мындан тышкары манастаануу – тил, адабият, тарых, искусство, педагогика, психология, музыка, театр, укук, идеология, сүрөт, кино, скульптура, география, экология, философия, саясат, этика, медицина, дин, коом ж.б. тармактарды камтып, аларды азыркы мезгилдин орчундуу маселелери менен тикелей байланышта иликтенип, илимдин бир тармагына айланып отурат.

Мына ушул тармак – кыргыз элинин чыгармачылыгынан улам жаралган, бүгүнкү күнгө чейинки узак жолдо такталып, тазарып, керектүү, зарыл заманбап кошумчаларды кабыл алып, тулку боюна сиңирген көркөм чыгарманын өзөгүндөгү ар бир нерсени ачып берип, ар түрдүү жагдайларды, анын ичинде кадимки кадыресе жашоо-тиричилик менен катар, акыл жеткис укмуштуу фантастика, тарыхый окуялардын миф менен коштолушун, андагы адеп-ахлактык, тарбиялык маанилерин изидеп-иликтеп, азыркы коомубузда жашап жаткан түрдүү курактагы улутташтарыбызга жеткирүү жана түшүндүрүү деген эки чоң милдеттин үстүндө иш жүргүзүшү керек. Аталган милдеттерди ишке ашырууга Кыргыз Республикасынын жөнөкөй атуулунан тартып, илимпоздорунун, өкмөт адамдарынын жапатырмак киришүүсү бүгүнкү күндүн негизги талабы. Бир сөз менен айтканда манастаануу тармагы – “Манас” эпосунун кыргыздар үчүн эч нерсеге алмашкыс, баасы кунсуз казына экендигин жана андагы улуттук идеологияны талдап, талкуулап, ийне-жибине чейин изилдеп, аны өлкөбүздүн ар тараптан өнүгүшү үчүн колдонуудагы келечегин (перспективасын) аныктап бериши керек. Иштин жүрүшүндө эң биринчи иретте эпостогу башкы идеяны үлгү кылып алуу зарыл. Эпостогу негизги идея – адамзаттын жаралышынан бери аны аздырып-тоздуруп, кубантып-сүйүнтүп, чарчап-чаалыгып, алдан тайып баратканда ага канат байлап, күч берип келген, арыбас, чарчабас жана соолубас идея.

Сабатсыздык жоюлуп, улуу эпос өзүнүн түбөлүктүү, экинчи өмүрү, тактап айтканда, китепте, тасмада, сүрөт өмүрү менен жашоо мүмкүнчүлүгүнө зэ болуп, нукура көркөмдүк наркын сактап, өлбөс-өчпөстүктү, түбөлүктүүлүктү даназалап, дүйнөлүк маданияттын алтын казынасына кошулду. Демек, бул “алтын казынаны” төкпөй-чачпай урпактарга өткөрүп берүү азыркы биз, сиздер менен жашап

жаткан коомдогу кыргыз атуулдарынын негизги милдети. Манастаануу предмети "Манаска" эмне тиешелүү болсо, ошонун бардыгын камтып турган предмет, аны окутуу, өркүндөтүү, жайылтуу бүгүнкү күндүн башкы талабы. Албетте, эмне үчүн? деген суроо туулбай койбойт.

Профессор, Советбек Байгазиевдин "Улутту сактап келген рух-наркты окуталы ("Манасты" мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясы)" аттуу макаласында: "Азыркы глобалдашуунун кырдаалында "Манас" эпосун окутуу жаш муундарда тарыхый эс-тутумду, мекенчилдикти, достук сезимдерди, бир сөз менен айтканда, улуттук иденттүүлүктү, этномаданий компетенттүүлүктү калыптандыруу, бул аркылуу кыргыз мамлекетинин руханий пайдубалын бекемдөө жана өлкө ичиндеги биримдикти, улуттар аралык ынтымакты чыңдоо үчүн аба менен суудай зарыл. "Манасты" мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун түпкү максаты жана маңызы ушунда», – деп белгилоо менен, "Манас" эпосун окутуунун мыйзамдык-укуктук негизи тууралуу сөз кылган. Ошондой эле, эпосту окутууга бир нече сунуштарын билдирген. Алсак, мектептерде жана жогорку окуу жайларында "Манас" эпосун окутуунун мазмунун эл ичинде кылымдап калыптанган, калк оозунан чогултулган, классикалык манасчылардын (Сагымбай, Саякбай ж.б.) айтуусунда жазылып алынган элдик "Манастын" өзөктүү салттык сюжети жана андан келип чыккан адептик-ыймандык, руханий, патриоттук дөөлөттөр жана андагы жалпы адамзаттык нарктар түзүүгө тийиш; билим берүүдө "Манасты" жомок катары карап эмес, калайык калкыбыздын реалдуу тарыхын көркөм образдар аркылуу өздөштүргөн, түпкүлүгүндө өзүнүн социологиялык-маданий тамыры бар улуу дастан катары, кыргыз турмушунун энциклопедиясы катары эсептеп, ага тарыхый методологиянын оңутунан жана адабий-эстетикалык категориялардын ыңгайынан мамиле жасап, окутууга тийишпиз; "Манас" эпосун мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутууну илимий-методикалык, окуу-педагогикалык комплекс менен жабдуу; "Манастын" педагогикасын, моралдык-этикалык, рухий-философиялык нарктарын изилдөө жана жайылтуу. [8, 9, 10]

Ушул жерден төмөндөгү таблица аркылуу аталган сабактын жалпы түзүлүшүн элестетели. Манастаануу сабагы мына ушул түзүлүшүнөн анын объекти дагы да ачыкталып көрүнөт, т.а.:

– биринчиден, эпостун изилдениш тарыхын тактоо, аны изилдөөчүлөрдү үйрөнүү, изилдөөлөрдүн эмгектерин – илимий булак катары үйрөнүү;

– экинчиден, эпосту айтуу өнөрүн окуп-үйрөнүү, манасчылык өнөрдүн табиятын, анын өзгөчөлүгүн үйрөнүү;

– үчүнчүдөн, эпостун варианттары, алардагы өзгөчөлүктөр жана жалпылыктар, эпостун жалпы өзөгү, андагы салттуулукту үйрөнүү;

– эпостогу эл таануу, жер таануу, т.а., этнология маселелери: кыргыз таануу идеялары, элдик педагогика, этнография, этнопсихология, элдик дүйнө таануу идеялары, элдик медицина идеялары; |

– эпостогу элдик осуяттар, эл-жерди коргоо, патриотизм;

– эпосту окуп-үйрөнүү тарыхы, ага жараша иштелип чыккан окуу-нормативдик адабияттар, окуп-үйрөнүү технологиялары, окуу китептер, бул иштердин келечеги, ж.б..

Ушулардан улам манастаануу илиминин тармактары келип чыгат, атап айтканда:

– "Манас" эпосу жана фольклор таануу;

– "Манас" эпосу жана этнология: кыргыз таануу, улуттук идеология, улуттук дүйнө таануу;

– "Манас" эпосу жана кыргыз тарыхы;

– "Манас" эпосу жана кыргыз географиясы;

-"Манас" эпосу жана кыргыз этнографиясы;

– “Манас” эпосу жана этнопедагогика;
– “Манас” эпосу жана этнопсихология;
– “Манас” жана элдик медицина;
– “Манас” эпосу жана сөз өнөрү;
– “Манас” эпосу жана аскердик өнөр;
– “Манас” жана искуствонун башка түрлөрү (театр, кино, архитектура, сүрөт өнөрү) ж.б. [5,6]




1-сүрөт. Манастаануу сабагынын түзүлүшү

Жыйынтыктап айтканда, учурда жогорку окуу жайларында студенттерди адистикке багыттап окутууда манастаануу предметинин зарылдыгы жана актуалдуулугу абдан жогору. Анткени улутту улут кылып, элди эл катары сактоодо келечек муунду тарых менен тарбиялоо натыйжалуу экендигин эч ким четке кага албайт. Дүйнө элине кыргызды тааныткан бул эпос илимдин бардык тармактарын

өзүнө синирип, аалам алпы аталып, дүйнөнү калем менен багындырган Ч.Айтматов айткандай, инсандын инсан болушун калыптандыруучу бирден-бир маданий мурас.

**Адабияттар:**


1. Абдылдаев.Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары – Ф.: Илим, 1981.
2. Айтматов. Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу – «Манас», 1-китеп, Фрунзе, 1984.
3. Зулпуев, А.З. Жогорку окуу жайларында «Манас» таануу курсун окутуунун илимий-методикалык негиздери. Монография. [Текст]: / Зулпуев А.З. //. – Бишкек . : 2019. – 149 б. 41
4. Зулпуев А.З. «Манас» таануу боюнча жогорку окуу жайлар үчүн усулдук окуу куралы. [Текст]: Усулдук колдонмо. /А. З. Зулпуев// - Ош: «Ош технологиялык университетинин басма борбору». – 2018, 34 б.Абдылдаев Э. «Манас» эпосунун историзми. – Ф., 1987.
5. Киргизский героический эпос «Манас» – М., 1961.
6. Кырбашев. К. «Манас» эпосунун стили. – Ф.: Илим, 1983.
7. «Манас» Энциклопедия. 1-2-томдор. – Б., 1995.
8. «Манас» С. Орозбаковдун варианты боюнча, – Б., 1995.
9. Манасчылар – кыргыз элинин руханий инсандары. – Б., 1993.
10. «Манас» – героический эпос киргизского народа. – Ф., 1968.


---

УДК 37.013


Саттарова Азиза Тешабаевна, п.и.д., доцент,
ORCID 0009-0007-8426-2540
Тагаева Жазгүл Токтосуновна, аспирант,
Ош технологиялык университети


## ЭЛДИК ДААНЫШМАНДАРДЫН ЖАШТАРГА ТАРБИЯ БЕРҮҮДӨГҮ ОРДУ


*Макалада кыргыз элинин арасынан чыккан даанышман, билимдүү, олуя, инсандардын тарбия тажырыйбаларынын таасирдүүлүгү жөнүндө каралат. Алар тарабынан айтылган божомолдордун иш жүзүндө далилденген далилдери бүгүнкү күнгө чейин жетип, адам баласына чанда гана берилүүчү көрөгөч-көсөмдүгү, акылмандыгы, кыраакылык таланты менен өзгөчөлөнгөн инсандарыбыз бар болуп, сөздөрүнүн таасирдүүлүгү менен жаш муундарды тарбиялап келишкендигине анализ берилди.*



Саттарова Азиза Тешабаевна, п.и.д., доцент,
Тагаева Жазгүл Токтосуновна, аспирант,
Ошский технологический университет


## РОЛЬ НАРОДНЫХ МУДРЕЦОВ В ВОСПИТАНИЯ МОЛОДЕЖИ


*В статье рассматривается влияние опыта воспитания мудрых, образованных и святых людей из числа кыргызского народа. Были проанализированы их предсказания, подтвержденные фактическими доказательствами, дошедшие до наших дней и свидетельствовавшие о наличии у выдающихся личностей редкого дара предвидения, мудрости и проницательности. Благодаря силе их слов они продолжали воспитывать молодое поколение.*

*Ключевые слова. Мудрый, образованный, святой, воспитание, опытный, предсказывающий, практикующий, дальновидный, негативные ситуации.*

Sattarova Aziza Teshabaevna,
Doctor of pedagogical sciences, associate professor,
Tagayeva Zhazgul Toktosunovna, graduate student,
Osh Technological University

## THE ROLE OF FOLK SAGES IN THE EDUCATION OF YOUTH

*The article examines the influence of the experience of raising wise, educated and holy people from among the Kyrgyz people. Their predictions were analyzed, confirmed by factual evidence, which have survived to this day and testified to the presence of outstanding personalities of a rare gift of foresight, wisdom and insight. Through the power of their words, they continued to educate the younger generation.*

*Key words: Wise, educated, holy, education, experienced, predictive, practicing, far-sighted, negative situations.*

**Киришүү.** XXI кылымдагы ааламдашуу процессинин ылдамдыгы коомдогу жашоо-тиричиликтин бардык тармактарына таасирин тийгизип, инсандардын мамилелешүүсүн түп тамырынан өзгөрттү. Ар бир элдин элдик рухий дөөлөттөрүнө болгон мамилелерди кайрадан карап чыгууга түрткү болду. Бүгүнкү күндө педагогика илиминин өбөлгөлөрүн калк даанышмандарынын, олуялардын айткан сөздөрүнөн, ойлогон ойлорунан издөөбүз абзел. Себеби эл арасынан чыккан көрөгөч инсандардын турмуштук тажырыйбалары, одоно көрүнүштөрдү түзөө үчүн болгон иш-аракеттери, олуялыгы, акылмандыгы,кеменгердиги нускалуу,мазмундуу сөздөр аркылуу келечек муундарынын тарбиясына оң таасирин тийгизип, улам өсүп келе жаткан жаш жеткинчектерди тарбиялап, азыркы мезгилде да актуалдуулугу сакталып келе жаткандыгы ошол даанышман, олуялардын кыргыз турмушунда алган тарыхый орду бар экенинен кабар берип турат. Ошондой эле, калк арасындагы даанышман, акылдуу, сөзгө чечен инсандардын омоктуу ойлорун, көз карашын, жетишкендиктерин, тарбия тажырыйбаларын, жаш муундарды тарбиялоодогу ролун, ордун ачып берүү учурдагы актуалдуу маселелерден болуп саналат.

*Жумуштун максаты.* Калк арасынан чыккан даанышман, олуя инсандардын илим, билим, таалим-тарбия тажырыйбаларын системалаштыруу жана жаш муундарды тарбиялоодо колдоно билүү жолдорун карап, аларды педагогикалык тажрыйбада текшерип, натыйжалуулугун аныктоо.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** Изилдөөнүн обьектиси – элдик даанышмандардын, олуялардын, акылмандардын айткандырынын жаштарды тарбиялоодогу ордун аныктоо. Кыргызстандык окумуштуулардын педагогика илимине тиешелүү болгон эмгектерин иликтөө жана илимий-теориялык жактан талдоо. Окуу-тарбия процессин өркүндөтүү максатында студент жана окутуучулар арасында алынган жыйынтыктар боюнча талдоо жүргүзүү ишке ашырылды. Изилдөөнүн методологиясы жана методдорунда элдик даанышмандар жөнүндөгү окумуштуулардын эмгектери пайдаланылды, ошондой кеңири колдонулган практикалык жана эксперименталдык методдор жана байкоо методдору колдонулду. Кыргыз элинин ичинен чыккан даанышмандыгы, билимдүүлүгү, олуялыгы, сөз тапкычтыгы менен кулактан кулакка жетип, адам баласына чанда гана берилүүчү өзгөчө сезимталдыгы, көрөгөч көсөмдүгү, кыраакылык таланты менен айырмаланган инсандарыбыздын сөздөрүнүн

таасирдүүлүгү менен кыргыздын келечек муундарын тарбиялап келишкендиги белгилүү болду.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары.** Кыргыз педагогикасынын негизин элдик даанышмандардын, элдик олуялардын айткан сөздөрүнөн да изилдеп карасак болот. Даанышман — акылга дыйкан, көптү билген, көптү көргөн, акылман, кеменгер адам. Эзелтен эле кыргыз эли эл ичинен чыккан даанышман адамдарды кастарлап, алардын накыл кептерин көңүлгө тутуп келген. Ал эми калк арасынан чыккан зээндүү, көрөгөч, кыраакы өзгөчө табият тартуулаган касиети менен эл ичинде “олуя” атыккан акылман чыгармачыл адамдардын турмуштук тажырыйбалары, эл арасындагы жат көрүнүштөрдү болтурбоо үчүн жасаган аракеттери, даанышмандыгы, билгичтиги менен тарбиялык мааниси терең сөздөр аркылуу келечек муундарынын туура жолдо өсүшүнө эбегейсиз зор таасирин тийгизген. Даанышмандар айткан сөздөр эл арасында сакталып, элдин элегинен өтүп, алар аркылуу таралып, ошол сөздөр аркылуу балдарды тарбиялап өстүрүп, учурда ал ойлордун сакталып келе жаткандыгы тарбия процессинде орду бар экендигинен кабар берип турат. Кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынын бири Кыргыз элинин ораторлук өнөрү тууралуу сөз кыла турган болсок, анын тамыры тереңде жатканын көрүүгө болот. Молдо Кылычтын "Зар заманда" чыгармасындагы "Чечен кылды бирөөнү, сүйлөгөнү эп келди, жакшы менен жаманды өзү билип текшерди" деген саптары бул өнөрдүн кыргыз коомундагы маанисин ачып берет. Тарыхый булактарга жана эл оозунан калган эскерүүлөргө таянсак, кыргыз чечендеринин даңкы болжол менен 6-8-кылымдарда, Орхон-Енисей жазууларында Кытай, Византия, Тибетке элчиликке барган мыкты ораторлор тууралуу маалыматтарда эле башталган.

Андан соң, бул салт 9-10-кылымдарда Манас доорундагы Ажыбай, Байжигит сыяктуу чечендер тарабынан улантылган. Кийинчерээк Атилла хандын заманындагы Кара Төлөк чечен, Жаныбек хандын учурундагы Жээренче чечен, Акыл Карачач, Асан Кайгы сыяктуу инсандар да кыргыз элинин ораторлук өнөрүнүн өнүгүшүнө зор салым кошкон, элдик таланттардын мурасы Алдар Көсөөдөн башталып, Токтогул ырчы, Толубай сынчы, Санчы сынчылар, манасчылар жана башка акындар аркылуу улантылган. Мындан тышкары, Мойт аке (Алдаяр уулу), Карга аке (Мендекул уулу), Сарт аке (Доскулу уулу), Тилекмат аке (Жылкыайдар уулу), Садыр аке, Кыдыр аке, Бала Айылчы, Калыгул (Кубат уулу), Алчыке, Айтыбар, Көкөтөй, Куйручук сыяктуу чечендердин таасири зор болгон. Аталган инсандар ораторлук өнөрдүн өсүшүнө салым кошуп, аны калыптандырууга активдүү катышкан. Демек, бул муун элдик оозеки чыгармачылыктын негизин түптөгөн. чындыктуу болгудай. Кыргыз элинин чечендик кебинин пайда болуу, өнүгүү тарыхын төмөнкүдөй төрт баскычта кароо максатка ылайыктуу: 1-баскыч: 6-8-кылымдардагы Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулар; 2-баскыч: 9-10-кылымдагы Манастын доорундагы Ажыбай, Байжигит ж.б. чечендик кеби; 3-баскыч: 14-15-кылымдагы Жаныбек хандын доорундагы Жээренче, Алдар Көсөө, Акылкарачач, Толубай сынчы, Токтогул ырчы, Санчы Сынчылардын чечендик кеби; 4-этап: XVIII кылымдан XX кылымдын башына чейинки манасчылар, элдик ырчылар жана акындар, алардын ичинде Алдаярдын уулу Мойт аке, Мендекулдун уулу Карга аке, Доскулунун уулу Сарт аке, Жылкыайдардын уулу Тилекмат аке, Садыр аке, Кыдыр аке, Бала Айылчы, Кубаттын уулу Калыгул, Айтыбар, Алчыке чечен, Куйручук, Жоошбай Борсол уулу, Көкөтөй Өмүрбек уулу, Карачунак Шылдыр уулу, Бекназар Арзымат уулу, Шаршен Термечик уулу сыяктуу чечендердин сөздөрү камтылган. Бул этаптуу талдоо толук эмес болушу мүмкүн. Эгерде тарыхый-хронологиялык көз караш менен карасак, XI-XIII кылымдардагы жана XVI-XVII кылымдардагы чечендик өнөр да өзүнчө орун алат өнөрдүн тагдыры ачык көрсөтүлбөй калгандай. [4]

Элибиз жашаган оош-кыйыш замандарда даанышман чечендер “Адам көңүлүнөн азат, тилинен жазат”, “Адам тилинен табат”, “Адамды шорго салган да ,өлтүргөн да

тил” “Айтсаң-тилиң күйөт,айтпасаң-дилиң күйөт”, “Алсыздын тили алты кулач”, “Ачуу тил-жыландын заары, таттуу тил- жүрөккө дары”, “Ачуу тил таттуу турмушту бузат” деп, чукугандай сөз таап, сырдуу сөздүрдү таап, сөзмөр, сөзгө уста келишип, сезимталдык, тапкычтык, кеменгердик менен жооп берип, элдин кызыкчылыгын жогору коюп, достугун чыңдап, аларга жол таап, көптөгөн кыйынчылыктан, алаамат-кыргындардан сактап калышкан. Ошол себептен байыртадан бери эл мыктылары, даанышмандары, олуялары эл ортосундагы элчиликти, хандын акылман- кеңешчиси кызматын өтөп келишкен. Даанышман чечендер эл арасында документсиз эле “даанышман”, “олуя” атка конуп, алардын сүйлөгөн сөздөрү накыл сөз, Элдик ооз эки чыгармачылыгында макал-лакаптар кеңири колдонулуп, учкул сөз катары эл арасына тараган. Бирок өз учурунда айтылбай, эске алынбай калган канчалаган сөздөр бар экени белгисиз. Акылмандардын насаат сөздөрү манасчылардын, төкмө акындардын айтыштарында өзгөчө орун алып, алар чечендик өнөрлөрү аркылуу сөздөрдү куюлуштуруп, укмуштуудай жеткире билишкен. Алардын сөзү таамай, учкул болуп, ойду тереңдеткен. Ошентип, макал-лакаптар элдин эсинде сакталып, муундан муунга өтүп келген. Азыркы күнгө чейин өз маанисин жоготпой, актуалдуулугун сактап калган, маанилүү, ирээти менен, таасирдүү айрым мезгилдерде боор эзген күлкүлүү сөдөрдү айтып, сөзгө жыгышкан. Даанышман боло турган адамга адамга тубаса талант керек. Ошону менен бирге ал акылдуу, зээндүү, көсөм, сезимтал, эрктүү, эс тутуму күчтүү болушу да керек.

Көрөгөч, даанышман, олуялар табигый тубаса таланты менен төрөлө тургандыгы жөнүндөгү маалыматтар эл арасында айтылып келгендиги маалым. Бул адамдардын кабыл алуусу,акылы өзгөчө тунук, зирек, көрөгөч,сезим-туюму эркин, эске тутуу жөндөмдүүлүгү күчтүү болгондугун айтып келишет. Мына ушундай сөзгө чечен инсандар тарабынан айтылган уюткулуу, таасирдүү сөздөрдү эл муюп угуп, маани берип, таалим-тажырыйбалар жайылып, калыптанган.

Ошондой эле, кыргыз элинин тарыхында чечен, олуя, даанышман Жээренче чечен, Санчы Сынчы, VI-VIII кылымдарда Орхон-Енисей эстеликтериндеги жазуулар, андан бери карай эл арасында аңыз сөздөргө айланган Жээренче чечен, Токтогул ырчы, Асан кайгы Акыл Карачач, Алдар Көсөө, Толубай сынчы, манасчылар, төкмө акындар тарабынан да тарбия сабактары жаштарга жеткирилип өнүгүп келгендиги белгилүү.

Философиялык билиминин тереңдиги, кара кылды как жарган даанышмандыгы, олуялыгы боюнча Санчы Сынчы жөнүндө да эл арасында аңыз кептер айтылып келет. Өз аты- Сансыз болгон экен. Өмүр баяны, туулган жери жөнүндө так маалымат жок. Эл оозундагы уламыштарга караганда Санчы Сынчы солто уруусунан чыгып, XVI кылымдын аягы XVII кылымдын башында жашаган. Бул чындыкка жакын маалымат. Санчы Сынчы көргөнүн тартынбай бетке айткан, айтканы айткангай болгон абдан кыраакы, баамчыл киши болгон. Бирок анын айткандары толук сакталып калган эмес. 1683-жылдары Кудаярхан өкүмү менен кыстап, “мени сынагын ” дегенде, анда Санчы Сынчы мындай деген экен:

“Сен бир кара жолтой хандырсың.
Ушул сенин тушуңда журт бузулат.
Калың кара журтка артыкча кесириң тийет.
Элдин туурдугу сыйрылат.
Өзүң ач кайкалаң, куу белде өлөсүң [5]” – деген экен. Ушудан кийин бир аз жыл өткөндөн соң калмактардын чабуулу башталып, Кудаяр хан тактан түшүп, байлыгы жоголуп, өзү тентип өлгөндүгү жөнүндө эл ичинде айтылып калган экен.

Кыргыздардын тарыхында элге даанышман болуп атыккан инсандар жашап өтүшкөн. Алардын жашоо-турмуш жөнүндөгү тарбия тажырыйбалары, алгылыктуу максатты көздөгөн олуялык сөздөрү калк арасында аңыз болуп айтылып, бүгүнкү

күнгө чейин колдонулуп, жаштардын ак менен караны, жаман менен жакшыны айырмалоодо билгичтик менен таанытып үйрөтүүчүлүк алгылыктуу каралууда.

Уламыштарга жана аңыз сөздөргө караганда, Жээренче чечен Казак хандыгынын экинчи башкаруучусу Жанибек хандын тушунда жашаган экен. Ал эми Жанибек хандын тегерегиндегилер тууралуу тарыхый документтерде бул ысымдагы адам тууралуу маалымат жок. Жээренче чеченге байланышкан уламыштар, аңгемелер кыргыз фольклорунда 15-16- кылымдарга таандык. Эл ичиндеги кээ бир аңыз сөздөргө караганда Жээренче чечен даанышман увазир жана Жанибек хандын досу болуп, мамлекетти башкарууга да көмөктөшкөн, деп да айтылат. Бирок, башка учурларда Жээренче, тескерисинче, айлакер мүнөзүн көрсөтүп, өзүнүн тунук акылы, даанышмандыгы менен адилетсиз башкаруучуну жеңип, хандын душманы катары чыгат. Карапайым элдин ак көңүл, адилет кеңешчиси Жээренче чечен болгондугу жөнүндө жомокко айланып, калк арасына тараган. Акыл жагынан андан кем калбаган Жээренче менен Карачач аттуу кыздын баш кошуп, экинчи аялы болгон сыяктуу окуясы коомчулукка кеңири белгилүү. Уламыштарга караганда Жээренченин биринчи аялы Каракөз да акылман зиректиги менен айырмаланган. Жээренче башка түрк тилдүү элдердин фольклорунда да эскерилет. Мисалы, каракалпактарда да Жээрече чечен, түркмөндөрдө Ийкренче,башкырларда- Эрэнсе сесен. Ал эми кээ бир булактарда Жээренче казактын эмес, 14-кылымда жашаган Алтын Ордонун ханы Жаныбектин шериги болгон деп айтылат. [6]

Алдар Көсөөнүн чечендик кебин «сөзгө чебер, зөөкүрлүгү жок, колу кармаак, Вестник КНУ им.Ж.Баласагына 269 оозу шок, жүрүп кетсе жеткирбеген күлүктүгү бар, айтыша келсе сөздө жеңдирбеген жүлүктүгү бар, жандан тартынбаган тыңдыгы бар, көз буучудай алдаган шумдугу бар, сөзү жумшак, тили ширин» [Адабий Ала Тоо, 2008, № 4], аты Чагатай экендигин Тоголок Молдо жазып кеткен. [7]

Демек, кыргыз элинин өнөрү, акылмандыгы, кудурети, маданияты – сөзүндө. Ар бир сөздүн тарыхы, ар бир сөздүн анты менен наалаты, ар бир сөздүн табышмагы менен мистикалык сырлары жана ар бир сөздүн адептик, ыймандык нарк-насили болот. Өнөр алды кызыл тил деп, Барпы атабыз бекеринен айтпаса керек. Биздин эл сөзгө маани берип, сөз багып, сөздү муюп уккан калк болгон. Учурунда 1856-жылы академик В.В.Радлов эл аралап “Кыргыздар ушунчалык кыйын эл экен сүйлөгөн сөздөрү куюлуштурулган ыр саптарын түзөт экен” десе, кыргыз-орус сөздүгөн түзгөн К.К.Юдахин “Кыргыз тилин изилдеп” бүт дүйнөм арбалып, чыга албай калдым, өзүнчө сырдуу касиети бар экен” деп айтканы бекеринен эместир. Эл ичиндеги сөздүн маани маңызын, терендигин жүрөккө жеткире алган инсандардын ой-пикирлеринин эл оозунда айтылып келиши бүгүнкү жаштарды тарбиялоодо негиз боло тургандыгын баса белгилеп коюу абзел. Сөз адамдын сүйлөгөн сөзүнөн, аң-сезиминен, туюмунан өзгөчө кабар бергендиктен эл ичинде “ар бир инсан сүйлөгөн сөзүнөн таанылат, тилинен жазаланат, кебинен сындалат” деген даанышман кеп биздин мезгилге чейин жашап келип олтурат. Эл арасында сөз чеберлери тарабынан айтылган даана сөздөр негизинен оозеки айтылгандыктан , айрым даанышмандардын айткандары толук түрдө эмес кээ бирлери гана ооздон-оозго, муундан-муунга сөз берметтери , накыл кеп катары сакталып, өтүп келген.

**Корутунду.** Демек, кыргыз элинин ичинен чыккан даанышмандыгы, билимдүүлүгү, олуялыгы, сөз тапкычтыгы менен кулактан кулакка жетип, адам баласына чанда гана берилүүчү өзгөчө сезимталдыгы, көрөгөч көсөмдүгү, кыраакылык таланты менен айырмаланган инсандарыбыз болуп, сөздөрүнүн таасирдүүлүгү менен кыргыздын келечек муундарын тарбиялап келишкендиги белгилүү болду. Кыргыз педагогикасынын тамыры да, башаты да эл арасындагы билим, таалим-тарбия тажырыйбалары болуп келгендиги такталып, даанышмандардын улам кийинки

муундардын жүрүм-турумуна таасир этүүчү сөздөрүнүн ушул мезгилдерге чейин сакталып келишинин өзү, жаштарды тарбиялоодо өбөлгө болуп берээринин далили.


**Адабияттар:**

1. Мусаева В.И. Чечендик кептин өзгөчөлүктөрү жана анын окуп-тарбиялоочулук маани маңызы. [Текст] // КУУнун Жарчысы. /В. И. Мусаева. Бишкек, 2013.-264-б.
2. Жээренче чечен “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы/ Башкы редактору Асанов Ү.- Бишкек: Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. 2011.-Т.3.-784б
3. Мусаева В.И. Чечендик кептин өзгөчөлүктөрү жана анын окуп-тарбиялоочулук маани маңызы. [Текст] // [Текст]:.КУУнун Жарчысы. /В.И.Мусаева. Бишкек, 2013.-264-б.


---

УДК 37.013


Апазбекова Нарынгүл Бүргөбаевна, окутуучу,
ORCID 0009-0000-3882-0053,
Жумабаева Гүлдана Садырбековна, окутуучу,
ORCID 0009-0005-4396-922X,
Мамлекеттик тил кафедрасы,
Ош технологиялык университети
E-mail: apazbekova970@gmail.com


## ЭЛДИК ПЕДАГОГИКА –ТААЛИМ -ТАРБИЯ ТАЖЫРЫЙБАЛАРДЫ АНАЛИЗДӨӨ


*Бул макалада элдик таалим-тарбия мурастары кыргыз педагогикасынын көрөңгөсү, өзөгү экендиги жөнүндө айтылат. Кыргыз элинин илим, билим тажырыйбалары социалдык, маданий, тарыхый-педагогикалык жактан педагогика илими менен тыгыз байланыштуулугу аныкталат. Элдик таалим-тарбия тажырыйбалардын азыркы ааламдашуу процессинде жаштардын дүйнө таануусунда орду абдан чоң экендиги белгиленет. Ата-бабалардын даанышмандыгы, билимдүүлүгү, сөз тапкычтыгы, сөз каймактарын таап сүйлөгөндүгү, сөздүн берметтерин айткандыгы, алардын айткандары турмушта аныкталгандыгы жана сөздүн күчү менен келечек муундарын тарбиялап келишкендиги кеңири баяндалат. Кыргыз педагогика илиминин негизи да, башаты да эл арасындагы таалим-тарбия тажырыйбалары болуп келгендиги такталып, улам кийинки муундардын тарбиялуу өсүшүнө таасир этүүчү сөз кудрети бүгүнкү күнгө чейин сакталып келишинин өзү, элдик таалим-тарбиянын педагогика илимине өбөлгө болуп бергендигинин далили.*



*Негизги сөздөр: ата-баба, педагогика, тарбия, таалим, башат, муун, тажырыйба, элдик тарбия, даанышман, келечек, өбөлгө.*



Апазбекова Нарынгул Бургобаевна, преподаватель,
Жумабаева Гулдана Садырбековна, преподаватель,
Государственного языка,
Ошский технологический университет


## НАРОДНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ: ОПЫТ И АНАЛИЗ ВОСПИТАТЕЛЬНО-ОБРАЗОВАТЕЛЬНОЙ ПРАКТИКИ

*В данной статье отображено достояние народного образования и суть кыргызской педагогики. Доказано, что научно-образовательный опыт кыргызского народа тесно связан с наукой, педагогикой и социальной культурой. Отмечено, что в условиях современного процесса глобализации образование, накопленное, народом занимает очень большое место в мировоззрении современной молодежи. Образование, мудрость, красноречие наших предков-кыргызов безусловно повлияло и внесло свой вклад в развитиее педагогической науки. Под воспитанием молодежи понимается вся совонупность социальных влияний.*

*Ключевые слова: предсказание, педагогика, воспитание, учение, начало, поколение, опыт, народное образование, мудрец, будущее.*

Apazbekova Naryngul Burgobaevna, lecturer,
Zhumabayeva Guldana Sadyrbekovna, lecturer,
Department of State Language,
Osh Technological University

## ANALYSIS OF FOLK PEDAGOGY –EDUCATION- EDUCATIONAL EXPERIENCES

*This article reflects the heritage of national education and the essence of Kyrgyz pedagogy. It is proved that the scientific and educational experience of the Kyrgyz people is closely connected with science, pedagogy and social culture. It is noted that in the context of the modern process of globalization, the education accumulated by the people occupies a very large place in the worldview of modern youth. The education, wisdom, and eloquence of our Kyrgyz ancestors certainly influenced and contributed to the development of pedagogical science. Youth education refers to the totality of social influences.*

*Key words: ancestors, pedagogy, bringing up, origin, generation, experiment, traditional education, wisdom, future, support.*

**Киришүү**. Кыргыз педагогикасынын башталышы – элдик илим-билим, таалим-тарбияга негизделет. Себеби, ар бир улут өзүнүн тили, үрп-адаты, маданияты, жашоо образы, көз карашы, жүрүм-турум эрежелери боюнча бөлөк элден өзгөчөлөнүп турат. Элибиз миңдеген жылдар бою каада-салтын, "Манас" баш болгон элдик оозеки чыгармаларын, макал-лакаптарын, адебин, улуттук касиеттерин сактап, улам кийинки урпактарга өткөрүп келет. Окумуштуу-педагог Б.Апышев элдик билимдин табигыйлыгы боюнча : "Ата-бабаларыбыз адеп, акыл, эмгек, экологиялык тарбиялардын илимий негизин таамай туя билишкен, алдын ала миңдеген жылдар кийинкини көрө билген"-деген сөзүн айткан.[1] Окумуштуунун мындай көз караштарынан улам элибиз табият менен кошо жуурулушуп, руханый байлыктары менен табылгаларын эл арасына жайылтып, келечек муундарына үйрөтүп, элдик туюмдарды баалап, өнүктүрүп-өстүрүп келгендигин, илимдүү журт экендигин белгилебей коюуга болбойт.

Байыртадан бери эл арасындагы педагогикалык көз караштар, таамай айтылган нуска сөздөр, келечек муундарды тарбиялоодо тарбиянын өзөгүн түзүп келет. Кыргыз педагогикасынын башталышы, өзөк-чордону – элдик педагогикада экендигинде талаш жок. Элибизде айтылып келген " Агасын көрүп ини өсөт, эжесин көрүп сиңди өсөт", "Ата жакшы- уул жакшы, эне жакшы-кыз жакшы", "Атаны сыйлаган абийир табат,

энени сыйлаган элге жагат”. “Уулуң чоңойсо, абийирдүү менен айылдаш бол, кызың чоңойсо, өнөрлүү менен айылдаш бол”. “Адеби жок жигит — жүгөнү жок атка окшош”, “Адеби жок кыз — кабанаак итке окшош” ж.б.у.с. макал-лакаптар элдик тарбиянын таасирдүүлүгүн, келечекти көрө билгендигин, элдин акылмандуулугун айгинелеп көрсөтөт. Мындай макалдар нуска,кыска,маани-маңыздуу болуп,педагогика илимине чыйыр салган инсандар болгондугунан кабар берет. Макал-лакаптар аркылуу жаштар маданияттуулукка, ата-энени сыйлоого, чоң кишиге урмат, кичүүгө ызат көрсөтүүгө тарбияланышкан.

*Актуалдуулугу.* Коом өнүккөн сайын алга жылуу, жетишкендиктерди анализдөө менен жаңыларды белгилөө керек. Албетте, бул социалдык өнүгүүнүн бирден бир зарыл багыттарынан болуп, педагогика илимине болгон зарыл талаптардын актуалдашуусун шарттайт. Азыркы ааламдашуу доорунда окууга, билимин өркүндөтүүгө, сөз байлыгын жогорулатууга тиешелүү болгон аракеттери улам солгун тартып, китеп окуу деңгээли төмөндөп баратат. Кыргыз балдары бешик ыры менен уктап, бешик ыры менен ойгонгон замандар артта калып, аларды жаш чагынан компьютер, мобилдик байланыш аппараттары, ноутбук, планшет, телевизор, видео сыяктуу замандын улам жаңыланып жаткан технологиялары курчап, кызыктуу китептерди окуудан бир топ алыстап кетти. Мунун өзү балдардын көркөм чыгармалардан алуучу руханий, эстетикалык, адептик тарбиясына терс таасирин тийгизип, арасынан «компьютер баштуу» (М.Шаханов) балдардын көбөйүшүн, адамдардын технологиялашуусун шарттап жатат. Натыйжада ата-энесин укпаган, улууну урматтабаган, кыргыздардын менталитетине ылайык келбеген сапаттарды алып жүргөн жаштар улам көбөйүп баратат.[7,8]

Кыргызстандагы билим берүүгө, илимге, таалим-тарбияга болгон көз караштарды, көз карандысыздыктын шарттарына карата алардагы өзгөрүүлөрдү жана мүмкүнчүлүктөрдү ылгап, изилдөө зарыл.

*Жумуштун максаты.* Кыргыз элинин илим, билим, таалим-тарбия тажырыйбаларынын учурдагы педагогика илими менен байланышына баа берүү.

**Изилдөөнүн материалдары жана методдору.** *Изилдөөнүн объекти* этнопедагогиканы өркүндөтүү болгондуктан илимий-теориялык адабияттарды пайдалануу менен, анализ жана синтез, алдыңкы тажрыйбаларды жыйынтыктоо, педагогикалык эксперимент методдору менен изилдөө ишке ашырылды. Кыргызстандык жана чет элдик окумуштуулардын эмгектери пайдаланылды, ошондой эле кеңири таралган педагогикалык ыкмалар, эксперимент жана байкоо методдору колдонулду. Кыргыз элинин илим, билим тажырыйбалары социалдык, маданий, тарыхый-педагогикалык жактан педагогика илими менен тыгыз байланыштуулугу аныкталды. Элдик таалим-тарбия тажырыйбалардын азыркы ааламдашуу процессинде жаштардын дүйнө таануусунда орду абдан чоң экендиги белгиленди. Ата-бабалардын даанышмандыгы, билимдүүлүгү, сөз тапкычтыгы, сөз каймактарын таап сүйлөгөндүгү, сөздүн берметтерин айткандыгы, алардын айткандары турмушта аныкталгандыгы жана сөздүн күчү менен келечек муундарын тарбиялап келишкендиги кеңири баяндалды. Кыргыз педагогика илиминин негизи да, башаты да эл арасындагы таалим-тарбия тажырыйбалары болуп келгендиги такталып, улам кийинки муундардын тарбиялуу өсүшүнө таасир этүүчү сөз кудрети бүгүнкү күнгө чейин сакталып келишинин өзү, элдик таалим-тарбиянын педагогика илимине өбөлгө болуп бергендигинин далилденет.

**Изилдөөнүн жыйынтыктары**. Элибиздин педагогикалык билими, элдик оозеки чыгармаларындагы элдин элегинен өткөн нарк-нуска сөздөрү жөнүндө “Кыргыз макал-лакаптары” китебинин баш сөзүн жазган Шаршеке Усупбеков “ Макал-лакптардын дагы бир күчү, дагы бир өзгөчөлүгү — айрым башка жанрлар сыяктуу жазуу чыккандан кийин оозеки өнүгүшүн токтотуп же басаңдатып койбостон, кайра күчөп,

эки тараптан: жазуу жүзүндө да, оозеки түрдө да жашап,гүлдөп, жаңыланып турушунда", -деп белгилейт. Демек, макал-лакаптар азыркы учурда да, терең мааниге ээ болуп, өз жашоосун улап, муундан-муунга өткөрүлүп, унутулбай калк арасында айтылып келгендигин, ал эми мындагы маани мазмун кылымдарды карыткан калдайган кыргыз эли жашап турганда, түбөлүк сакталып кала берет деген ойду тастыктайбыз.

Тарбия— ата-бабаларыбыздын бай тажырыйбасы. Ал эми калкыбыздын тарбия үй-бүлөдөн баштала тургандыгына терең маани бергендигин байкоого болот. Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлөөдө өз ара мамилелер жакын адамдардын арасында түзүлөт жана бул мамилелер өмүр бою уланат. Үй-бүлө ичиндеги мамилелер көбүнчө моралдык жана материалдык, адеп-ахлактык категориясына тиешелүү болуп саналат. Кыргыз элинде ата-энелердин балдары жакшы жашоосуна болгон көңүл бөлүү— үй-бүлөлүк мыкты атмосфераны түзө бүлүүсүнүн, үй-бүлө мүчөлүрүнүн чоң атадан небереге чейинки бири-бирине болгон сый-урматтан башталат. Мунун бардыгы элдик салттарда түптөлгөн. «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» өлкөнүн экономикасын көтөрүү коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоо менен байланышары, материалдык өсүү, алдыңкы цивилизацияларга теңелүү биринчи кезекте жаштардын адептик сапаттарын тазалоо менен бекемделери айтылган [2]. Мындай милдетти аткарууда балдар бакчаларындагы, мектептердеги адабий билим берүүнүн ролу зор. Балдар макал-лакаптарды, жаңылмачтарды, элдик чыгармалардыэлдик окуу менен эмоционалдык сезимдерин өстүрүп, алардагы каармандардан өздөрүнө өрнөк алат, турмушту таанып билүүгө жана эне тилинин байлыктарын үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Кыргызстанга демократия орногондон баштап, бүгүнкү күндө элдик педагогикага өзгөчө маани берилип, тургандыгы бардыгыбызга белгилүү. Элдин мамлекеттик тили болгон кыргыз тили, адабияты, улуттун бетке тутаар мактанычы болгон "Манас" эпосу атайын предмет болуп окутулуп келе жатат. "Манас"эпосу жөнүндө бир үзүндү келтирели: " Алардын ичинен Манастын образы айырмалуу мүнөзгө ээ десек болот. Өзгөчө анын балалык доору азыркы окурман балдардын моокум канарлык үлгүсүнө чейин иштеп жеткирилип, алгачкы баатырдыгы менен кийинки эрдиктери кошо бадырайып даана элестейт [3]. Албетте Манастын балалык доору тестиерлер, өспүрүмдөр үчүн күчтүү таасир калтырары, ошондой эле эбегейсиз тарбиялык мааниси бар экендиги талашсыз чындык. Сөзсүз, окумуштуунун эпос жөнүндө айткан пикирлеринде, жүргүзгөн ой жүгүртүүлөрүндө позитивдүү көрүнүштөр бар экендиги эч кандай күмөн туудурбайт. Ар бир элдин улуттук оозеки чыгармачылыгы ошол элдин, улуттун гана турмуштук жагдайларына тарыхый шарттарына жана психолгиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык жаралары талашсыз. Кыргыздын фольклор салтына кеңири белгилүү болгон "Буудай куур" деген балдардын оюн ырына токтолуп, төмөнкүдөй ыр саптарын мисалга келтирели:

Буудай куур,<br>
Арпа куур,<br>
Таза эле,<br>
Талканы элге [4].

Бул ыр саптарын чоң киши аткарат. Аткарып жатканда баланын алаканын жайып, сөөмөйү менен айлантып, тегерентип (казанда "бирдеме" кууруп жаткандай) кытыгылайт. Баланын көңүлү ачылат, ойной баштайт.Ырдын функциясы муну менен чектелбейт. Сөөмөйдүн айланып, тегерениши, "арпа", "буудай" деген түшүнүктөр балага айлана-чөйрө, турмуш-тиричилик жөнүндө эң алгачкы кабарды берет.

Ошондуктан балдарга арналган элдик ырлардын,каада-салттардын, бабалардан мурас катары келе жаткан элдик күүлөрдүн тарбиялык мааниси, улуттук маданияттын улуулугун кичинекейден баштап, чоңго чейин түшүндүрүүнүн маңызы ата-эненин,

мугалимдин, тарбиячынын эң негизги милдети болуп саналат. Ата-бабаларыбыздан бери кийинки муундарга чейин жеткирилип келе жаткан каада-салт, үрп-адаттарды учурдун талабына ылайк жаңылап, жашоо турмушубузда пайдалануу келечек муундардын ыйык милдети. Азыркы күндө республикада салттык улуттук ат оюндарын жандандыруу менен балдардын тарбиясына тийгизген таасирин колдоп, ат спортун өнүктүрүү үчүн атайын мектептер ачылып, иштеп жаткандыгы жаш жеткинчектерге туура багытта тарбия берилип жаткандыгынан кабарланат. Ошондой эле мектептердин программасына кыргыздын ат оюндарынын элеименттери кеңири киргизилип, адистер даярдалууда. Бул боюнча академик А.Э.Измайлов мындай дейт: "Ат үстүндө ойноо-кыргы балдарына гана таандык мүнөздүү өзгөчөлүктөрдүн бири..." [5].

Демек, окумуштуун пикирине караганда кыргыздар кылымдар бою көчмөн турмуштун артында жашап келген элбиз, атсыз элдин тиричилиги элестетүүгө болбойт. Элибизде мына ушуга арналган "Ат адамдын канаты", "Адашсаң атыңа ишен" деген макал бар. Ал эми ырым- жырымдарга маани бере турган болсок, "атты урба","атты теппе", "атты тепкен кор болот"деген сөздөр, балдардын жаныбарларга да жаман мамиледе болуусунан коргогондугун, туура тарбияга чакыргандыгын билдирип турат. Бабалардын түрдүү жөрөлгөлөрү ар бир атуулдун жүрөгүнө сакталып, ак көңүлдүк,адептүүлүк,ыймандуулук, меймандостук, достук, улуттар аралык ынтымактык, мээримдүүлүк, кичүүнү сыйлоо, улууну урматтоо д.у.с. эң мыкты инсандык үлгүлүү сапаттар менен суугарылып, муундан-муунга өтүп келген. Белгилүү советтик педагог А.П.Усова элдик кыймылдуу оюндарга баа берип, мындай, деген: "Элдик кыймылдуу оюндарды ойноо менен бүткүл жамааттын алдында жоопкерчилик сезими тарбияланат. Ошону менен бирге бул оюндарда балдардын өз алдынчалыгы жокко чыгарылбайт. Баладагы ар түрдүү пайдалуу кооздукка умтулуучулук сезимди ойготот" [6]. Элдик оюндар баланын дене түзүлүшүнүн чың боушуна, акыл туюмунун тунук болушуна, акылынын өсүшүнө, адептүүлүгүн өстүрүп, чыңдайт. "Тыйын эңмей", "Кыз куумай", "Эр сайыш, "Жамбы атмай", "Ордо". Негизинен бул оюндарда элдин ой тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндик теңдикке умтулуусу, адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылган. Ал эми оюндун негизинде кыргыз жигиттердин шамдагайлыгы, баатырдыгы билинип, эл арасында кадыр-барк топтоого чоң өбөлгө түзгөн.

**Корутунду**. Кыргыз элинин баалуу таалим-тарбия тажырыйбалары учурдагы педагогика илиминин негизи, уюткусу болуп эсептелет. Азыркы ааламдашуу доорунда жаштарга элдик тарбиянын тажырыйбалары өбөлгө боло тургандыгы жөнүндөгү маселелерди заман талабына ылайык келе тургандай, бир жипке тизгендей системалуу алып баруу жолдорун изилдеп чыгууну колго алуу абзел. Кыргыз педагогикасынын башаты бул элдин билими, тарбия тажырыйбалары болуп келгендиги белгиленип, улуу муундун улам кийинки муундарына таасир этүүчү сөздөрү, таалимдери биздин күнгө чейин сакталып, педагогикага өзөк болуп бере тургандыгынын далили. Ааламдашуу мезгилинде кыргыз элинин элдик тарбиясынын тамырын бекемдеп, сары майдай сактап,келечек муундарын тарбиялоодо аны жайылтып, мекенин , өз элин, жерин сыйлаган мекенчилдикке, намыстуулукка тарбиялоону илимий педагогикалык системанын алкагында алып баруу кичинекейден баштап, чоңго чейин ыйык милдетибиз боло тургандыгын белгилеп коюу максатка ылайыктуу.

**Адабияттар:**


1. Апышев Б. Педагогика: Окуу китеби [Текст] / Б. Апышев, Д. Бабаев, Т.Жоробеков // – Бишкек, 2002. –440 б.
2. Байгазиев С. Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы [Текст] / Түз. С. Байгазиев // Кутбилим, 2010. – 20-авг.

3. Сулайманов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст] / М. Сулайманов – Ош, 1992. – 91-бет
4. Орозова Г. Балдар фольклору. “Элдик адабияты” сериясы. 12-том. [Текст] / Түзүүчү: Г.Орозова – Бишкек, 2002. –690 б.
5. Измайлов А. Э. Очерки по истории советской школы в Киргизии за 40 лет (1917-1957гг.) [Текст] / А.Э. Измайлов. – Ф.,1957. 383 с.
6. Маркова Т. А. Дошкольное воспитание. [Текст] / П. Усова // – 1967. – №7
7. Алиева Р. А. Мугалимдердин педагогикалык процессти уюштуруудагы инновациялык технологиялары [Текст] // Известия ОшТУ, 2024 №1, Б.206-214
8. Марасулова Н. А. Кыргызстанда балдардын укуктарын коргоонун социалдык-педагогикалык механизмин өнүктүрүү [Текст] // Известия ОшТУ, 2023 №3, Б.225-234

---

УДК 37.011.31

Бердибекова Сырга Каныбековна, п.и.к., ОшТУнун доценти, ORCID 0009-0004-1619-3537
Маматова Мира Жанибековна, ОшТУнун доценти, ORCID 0009-0005-9634-3407
Ош технологиялык университети

## МААЛЫМАТ ДООРУНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН КРИТИКАЛЫК ОЙ ЖҮГҮРТҮҮСҮ: КЫРГЫЗСТАНДЫН ТУШТУК РЕГИОНУНДАГЫ УНИВЕРСИТЕТТЕРДИН МИСАЛЫНДА ЭМПИРИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨ

*Макалада маалымат доорунда студенттердин критикалык ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык аспектилери талкууланат. Кыргызстандын түштүк регионундагы ЖОЖдордун студенттеринин критикалык ой жүгүртүүсүнүн абалын талдоо үчүн сандык жана сапаттык методдорду колдонуу менен эмпирикалык изилдөө жүргүзүлүп, санариптик технологиялардын окуу процессине тийгизген таасири да изилденген. Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, окуучулар маалыматты талдоодо жана баалоодо кыйынчылыктарга дуушар болушат, бул критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүү контекстинде билим берүү ыкмаларын андан ары өркүндөтүүнү талап кылат. Макалада Кыргызстандын түштүк регионундагы ЖОЖдордун окуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча да сунуштар берилген. Билим берүү программаларын трансформациялоо жана мугалимдердин санариптик компетенттүүлүгүн жогорулатуу зарылчылыгы негиздүү. Санариптик билим берүү мейкиндигинде критикалык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүнүн факторлорун жана механизмдерин андан ары изилдөөнүн перспективалары белгиленген.*

*Негизги сөздөр: критикалык ой жүгүртүү, маалымат доору,билим берүү, санариптик технологиялар, аналитикалык көндүмдөр, түштүк региону.*

Бердибекова Сырга Каныбековна,
к.п.н., доцент ОшТУ,
Маматова Мира Жанибековна, доцент ОшТУ,
Ошский технологический университет

# КРИТИЧЕСКОЕ МЫШЛЕНИЕ СТУДЕНТОВ В ИНФОРМАЦИОННУЮ ЭПОХУ: ЭМПИРИЧЕСКОЕ ИССЛЕДОВАНИЕ НА ПРИМЕРЕ ВУЗОВ ЮЖНОГО РЕГИОНА КЫРГЫЗСТАНА

3. Ажибеков К. Ж. Проблемы инженерного образования в контексте реализации компетентностного подхода [Текст] / К. Ж. Ажибеков, М.Н. Ермаханов // Международный журнал прикладных и фундаментальных исследований. – 2016. – № 1-3. – С. 391-394.
4. Лучшие вузы мира в инженерии [Электронный ресурс], 2022.- Режим доступа: https://www.unipage.net/ru/education_engineering.
5. Стоимость инженерного образования [Электронный ресурс], 2022.- Режим доступа: https://www.unipage.net/ru/education_engineering.
6. Перспективные инженерные специальности [Электронный ресурс], 2022.- Режим доступа: https://www.unipage.net/ru/education_engineering.
7. Современное инженерное образование: проблемы модернизации [Электронный ресурс], 2020.- Режим доступа: https://akvobr.ru/sovremennoe_inzhenernoe_obrazovanie_problemy_modernizacii.html.

УДК 81.11

Кулубекова Азарабу Оморакуновна, филол.и.к., доцент,
ORCID: 0000-0002-6352-5459
Америка таануу жана котормо кафедрасы,
Ош мамлекеттик университети,
E-mail: akulubekova@oshsu.kg

## Д. ТРАМПТЫН САЯСИЙ РИТОРИКАСЫНДАГЫ НЕГИЗГИ МЕТАФОРАЛЫК МОДЕЛДЕР

*Макалада Дональд Трамптын саясий дискурсунда колдонулган негизги метафоралык моделдер каралат. Трамптын риторикасынын заманбап саясий ландшафтка жана анын кебинин массалык аң-сезимге тийгизген таасиринин когнитивдик механизмдерин түшүнүү зарылчылыгы бул изилдөөнүн актуалдуулугун шарттайт. Иштин максаты – Трамптын сүйлөгөн кептериндеги үстөмдүк кылган метафоралык моделдерди аныктоо, алардын прагматикалык потенциалын ачып берүү. Изилдөөнүн жаңылыгы акыркы коомдук-саясий контекстти эске алуу менен когнитивдик лингвистиканын призмасы аркылуу метафоралык конструкцияларды ар тараптуу талдоодо турат. Иште когнитивдик-дискурстук анализ, контент-анализ жана чечмелөө сыяктуу методдор колдонулат. Изилдөөнүн материалы Д.Трамптын 2025-жылдагы инаугурациялык салтанаттындагы кебине негизделген. Изилдөөнүн натыйжалары социалдык поляризация доорундагы саясий коммуникациянын өзгөчөлүктөрүн тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берет жана саясий дискурсту андан ары изилдөөдө колдонсо болот.*

*Ачкыч сөздөр: метафора, алтын доор, өзгөртүү, кайра куруу, жаратылыш ресурстары, саясий биримдик, кыйынчылыктарды жеңүү.*

Azarabu Kulubekova Omorakunovna,
Candidate of philological sciences, associate professor,
Department of American and Translation Studies,
Osh State University

## KEY METAPHORICAL MODELS IN D. TRUMP’S POLITICAL RHETORIC

*The article deals with the main metaphorical models used in Donald Trump's political discourse. The need to understand the cognitive mechanisms of Trump's rhetoric impact on the modern political environment and his speech on mass consciousness determines the relevance of this study. The purpose of the work is to identify the dominant metaphorical models in Trump's speech, to reveal their pragmatic potential. The novelty of the study lies in the comprehensive analysis of metaphorical constructions through the prism of cognitive linguistics, taking into account the latest socio-political context. The work uses such methods as cognitive-discourse analysis, content analysis and interpretation. The material of the study is based on D. Trump's speech at the inauguration ceremony in 2025. The results of the study allow for a deeper understanding of the features of political communication in the era of social polarization and can be used in further research of political discourse.*

*Key words: metaphor, golden age, change, reconstruction, natural resources, political unity, overcoming difficulties.*

**Киришүү.** Дональд Трамптын саясий риторикасы коомдук пикирди калыптандыруу жана конкреттүү идеологиялык күн тартибин жайылтуу үчүн

метафоралык моделдердин мүнөздүү колдонулушу менен коштолгон өзгөчө тилдик көрүнүш. Анын эл алдында сүйлөгөн кептери, берген интервьюлары жана социалдык тармактардагы билдирүүлөрү анын аудиториясына эмоционалдык таасир этүүнүн жана татаал саясий түшүнүктөрдү жөнөкөйлөштүрүүнүн эффективдүү куралы катары кызмат кылган каймана тил менен толтурулган кептерден болуп саналат. Бул изилдөө Трамптын баяндамаларындагы туруктуу колдонулган негизги метафоралык моделдерди талдайт, ал метафоралар өз алдынча темаларды камтыйт, мисалы: алар "алтын доор" метафорасы, күрөш/тирешүү "экономикалык кайра жаралуу", "куруу/кайра куруу", "дубал тургузуу", "кыймыл/жол", "жарык/караңгы", жандануу/боштондук, "улуулукту калыбына келтирүү", "ден соолук", "үй-бүлө/биримдик" ж.б. ушул сыяктуу метафораларга негизделген. Бул метафоралык конструкцияларды аныктоо жана изилдөө саясатчынын коммуникативдик стратегияларын тереңирээк түшүнүүгө жана анын риторикасы аркылуу берилген жашыруун маанилерди ачууга мүмкүндүк берет.

*Изилдөөнүн теориялык негизи.* Саясий дискурста метафоралар татаал жана масштабдуу идеяларды туюнтуунун маанилүү куралы болуп саналат, анткени алар саясий лидерлерге аудиторияга белгилүү бир эффект түзүү үчүн образдарды жана символдорду колдонууга мүмкүндүк берет. Метафора – бул биздин элестетүүлөрүбүздү өзүнө тартып, бир түшүнүктөн экинчи бир түшүнүккө өткөрүү аркылуу маанинин жаңы жактарын ачууга мүмкүндүк берүүчү лингвистикалык салыштыруу. Бирок, метафораларды манипуляциялык максаттарда да колдонсо болот. Саясий ишмерлер белгилүү ассоциацияларды жана аң-сезимсиз байланыштарды түзүү аркылуу аудиториянын бейкалыс пикирлерине жана ишенимдерине таасир берүү үчүн метафораларды колдоно алышат.

Метафорага болгон мамиле анын пайда болгонунан бери эле эки ача болуп келет. Метафора ар кандай көз караштардан каралып, четке кагылып, өз ордун ээлегенге чейин экинчи даражадагы ролдорго түшүрүлгөн.

Метафораны изилдөөнү Аристотель баштаган жана ал метафоралык өткөрүү угуучуга оң таасирин тийгизген жана аргументти бекемдеген олуттуу тилдик курал катары караган. Аристотель эки нерсенин окшоштугун метафоралык өткөрүп берүүнүн негизи деп эсептеп, аны таанып-билүүнүн негизги каражаты деп эсептеген [7, №9].

Ф.Ницшенин айтуусу боюнча, метафоралар тилдин эң эффективдүү, табигый, так жана жөнөкөй каражаты [6, 390 с.].

Метафораны классикалык риториканын көз карашынан караганда негизинен нормадан четтөө, б.а., бир объекттин атын экинчисине өткөрүп берүү катары берилген. Бул өткөрүп берүүнүн максаты бир тилдин системасындагы сөздүн экинчи тилдин лексикалык бирдигинде эквивалентинин жоктугун (лексикалык боштугун) толтуруу, же кандайдыр бир жол менен кепти "кооздоо" болуп саналат.

Кийинчерээк метафора маселеси риторикадан лингвистикага өткөн. Ошентип, метафоранын салыштырма концепциясы пайда болуп, анда метафора кадимки аталыштын сүрөттүү чечмелөөсү катары позицияланган. Метафора негизинен стилистикада жашыруун салыштыруу катары берилет. Салыштыруу теориясында метафоралык билдирүү эки же андан көп объектилерди салыштырууну камтыйт деп белгиленет.

Демек, метафора (байыркы грекче: μεταφορά "көчүрмө; каймана маани", байыркы грек тилинен: μετά "үстүндө" + Байыркы грек: φορός "көтөрүп жүрүү") – кандайдыр бир каймана мааниде / окшоштукта колдонулган сөз же туюнтма болгон адабий троп форматы алардын жалпы өзгөчөлүктөрү дегенди билдирет [5, 256с.].

"Метафора бир гана тил чөйрөсү менен чектелбейт, башкача айтканда, кеп чөйрөсү: адамдын ой жүгүртүү процесстеринин өзү негизинен метафоралык мүнөзгө ээ, деген пикирин айтат Лакофф [9, с. 23].

Блэктин пикиринде метафоралык берүү семантикалык маани менен стилистикалык потенциалдын өзгөчөлүгүн айкалыштырат [1, с. 156].

Н. В. Фамина мындай деп жазат: «Метафора – экинчи даражадагы белгилердин окшоштугунун негизинде башка түрдөгү же типтеги предметтерге аталыштын өтүшү», «түсү, формасы, көлөмү, ички сапаттары ж.б. [8, с. 47].

Д.Дэвидсон метафоранын түз сөздүк мааниси гана болот деген теорияны айткан. Ал эми образдын метафоралык маанисин чечүүчү нерсе – котормочунун инсандыгы [3, с.174].

А. В. Кунин: «Метафоралык кайра ой жүгүртүү – бул реалдуу же ойдон чыгарылган окшоштуктун негизинде аны менен байланышкан аталышты бир денотаттан экинчисине өткөрүп берүү» [4, с. 74].

Аристотель метафора жөнүндө мындай деп жазат: “... татаал же сейрек кездешүүчү, бирок эң негизгиси каймана маанидеги сөздөрдү туура колдонуу маанилүү”; "сөздөр... биз жалпы колдонууда мурунтан эле билебиз, ошондуктан метафора эң чоң деңгээлде каалаган натыйжага жетет" [5, с. 213].

Башкача түшүнүү же кайрадан ой-жүгүртүү лингвистикалык жана экстралингвистикалык факторлордун өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжасы. Кайрадан ой жүгүртүү – адамдын аң-сезиминдеги чындыкты түшүнүү жолдорунун бири, ал чагылдырылган объектилердин реалдуу же элестүү белгилерин алардын ортосундагы байланышты орнотуунун негизинде кайра чыгаруу менен байланышкан.

Метафора – окшоштукка, аналогго негизделген, сөздүн же сөз айкаштарынын өтмө мааниси аталат. Демек, метафора – өзгөчөлүктөрдүн окшоштугуна карата стилистикалык максатта колдонулган ар кандай типтеги лексикалык маанилердин өз ара байланышын изилдөөнүн бир түрү. И.Р. Гальпериндин айтымында, метафора “эки түшүнүктүн белгилеринин окшоштугуна негизделген субъект-логикалык маани менен контексттик маанинин ортосундагы байланыш” [2, с.125].

Жогоруда айтылгандарды негиз кылып когнитивдик лингвистикадагы метафоранын чечмелөөсү боюнча төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарсак болот. Метафора – бул кепти коздоп, образды түшүнүктүү кылууга мүмкүндүк берүүчү лингвистикалык каражат эле эмес – бул ой жүгүртүү формасы. Адамдын ой жүгүртүү табиятына когнитивдик мамилеге ылайык, адамдын түшүнүктүк системасы анын физикалык тажрыйбасы менен шартталган тилдик каражат. Ал эми ой жүгүртүү образдуу, башкача айтканда, тажрыйба менен шартталбаган түшүнүктөрдү көрсөтүү үчүн адам салыштырууну же метафораны колдонот. Адамдын бул образдуу ойлонуу жөндөмү абстракттуу ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгүн аныктайт.

**Изилдөөнүн материалы жана методдору.** Изилдөөнүн негизги материалы катары экинчи жолу президенттикке шайланган АКШнын 47-президенти, Дональд Трамптын инаугурациялык кайрылуусу болуп саналат, биз анын бул кебиндеги метафоралык моделдерине кайрылабыз. Когнитивдик дискурс анализи, контентти талдоо жана чечмелөө сыяктуу бир нече ыкмаларды колдондобуз. Бул ыкмалар саясий риториканы талдоо үчүн абдан ылайыктуу, анткени алар метафораларды аныктоого гана жардам бербестен, алардын когнитивдик маанисин жана аудиториянын кабылдоосуна тийгизген таасирин түшүнүүгө да жардам берет.

Когнитивдик-дискурсивдик талдоо – метафоралар саясий реалдуулукту кабыл алууну калыптандыруу жана коомдук аң-сезимдеги айрым идеяларды жана эмоцияларды өзгөртүүгө же бекемдөөгө багытталган когнитивдик схемалардын иштеши изилденет.

Контент-анализди колдонуу менен биз Трамптын сөзүндөгү негизги темаларды жана метафораларды аныктайбыз жана алар дүйнөнүн саясий сүрөтүн калыптандырууга, башкаларга болгон таасирин билдирет, мисалы, гүлдөп-өнүгүүгө жана ийгиликке кайтуу образын жараткан “алтын доордун” метафорасы.

Интерпретация – саясий риторика жана маданий символдордун контекстинде алардын интерпретациясын сунуштайсыз. Бул окурманга бул метафоралардын тереңирээк деңгээлде кантип иштээрин түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет.

Дискурстарды талдоо аркылуу Трамп риторикасын кантип түзөрүн гана эмес, анын Америкадагы саясий климатка, айрыкча социалдык поляризация контекстинде кандай таасир этээрин аныктай алабыз.

**Изилдөө жыйынтыктары жана жана талкуулоо.** *Метафорикалык моделдерди талдоо* Дональд Трамптын инаугурация сөзүндөгү метафоралык моделдердин анализи, 20.01, 2025-ж. АКШнын экинчи жолу шайланган Президенти Дональд Трамп Вашингтондо 2025 жылдын 20-январында экинчи инаугурация салтанатында сөз сүйлөп, "*revolution of common sense* – акыл-эстүүлүк революциясын" [Трамп:2025] убада кылды жана "*we are at the start of a thrilling new era of national success* – биз улуттук ийгиликтин толкундатуучу жаңы доорунун башында турабыз" [Трамп:2025] деп жарыялады. Ал бул 30 мүнөттүк сөзүндө "*tide of change* – өзгөрүү толкуну" болот деген убадасын берди, анын айтымында, мурунку президент Джо Байдендин саясаты учурунда пайда болгон "*decline* – төмөндөөдөн" куткарыла тургандыгын жарыялады. Ошондой эле Американын алтын доорунун башталганын белгилөө менен өлкө өсүп-өнүгүп, гүлдөй турганын жана кайрадан "урматталат", деп билдирди.

Биз Трамптын 2025-жылдагы инаугурациялык салтантындагы кайрылуусунун негизинде анын кебинде колдонулган метафоралык моделдерди талдоого алабыз. Бул инаугурациялык кептеги метафоралар анын саясий идеологиясын, ишенимдерин жана убадаларын жеткирүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул метафоралар эмоционалдык таасирди күчөтүүгө, уггармандарды мобилизациялоого жана саясий билдирүүнү бекемдөөгө жардам берет.

*Трамптын бул наугурациялык кайрылуусундагы метафораларды төмөнкүдөй негизги темаларга бөлсөк болот:*

1) "Алтын доор" метафорасы Трамптын кебинде "алтын доор" метафорасы борбордук орунду ээлейт жана бүткүл кепти убакыт алкагы катары уюштурат. Анын кебиндеги алтын доордун башталышы Трамптын президенттигин кайра жаралуу мифологиялык контекстке коюу менен тарыхый өлчөмдү жана Американын "алтын доорунун" образы түзөт, мисалы:

"*The golden age of America begins right now*"; "*our golden age has just begun*" [Трамп:2025].

Бул метафорада "Американын алтын доору", Америка өзүнүн күчү менен гүлдөп-өнүгүшүнүн туу чокусунда турган тарыхый өткөнгө кайрылуу болуп саналат. Трамп американын өнүгүү доорун алтын сөзү менен символдоштурат, анткени алтын байыртадан бери эле байлыкты, ийгиликти жана молчулукту билдирет, ал көп учурда теңирчилик, тазалык, гүлдөп-өнүгүү жана агартуу менен байланышкан баалуу металлдардын бири.

Бул метафора угармандарга *оптимисттик* маанай тартуулап, *эмоционалдык* реакцияны жаратат, аларга өлкөнүн гүлдөп-өнүгүшү жана кайра жаралышы жөнүндөгү көрүнүштү сунуштайт. Бул үмүт жана ишеним атмосферасын жаратып, жарандарды жаңы доордун алтын таңы келе жатканына ишенүүгө үндөйт. Бул анын өлкөнү кризистен алып чыгууга жөндөмдүү лидер катары образын бекемдейт.

2) Күрөш/тирешүү метафоралары

Трамп аскердик жана тирешүү метафораларын кеңири колдонот, мисалы: - "*challenges we face... will be annihilated*"; - (Биз туш болгон көйгөйлөр *жок кылынат*). Мында Трамп "*will be annihilated*" деген күчтүү аскердик терминди колдонот, ал өлкөдө пада болгон көйгөйлөрдү толук жана чечкиндүү түрдө жеңүүнү билдирет, бул сөзүнүн контекстинде ал кыйынчылыктарды согуш талаасындагы душманды

жеңгендей ийгиликке жетүү үчүн чечкиндүү иш-аракет менен жеңе аларына болгон ишенимин тартуулайт, женебиз деген убаданы берет.

- *“defeating America's enemies”;* “Жеңүү” метафорасы коркунуч сезимин күчөтүү жана ар кандай тышкы же ички душмандарга каршы катаал күрөшкө колдоо көрсөтүү үчүн колдонулган.

- “*My proudest legacy will be that of a peacemaker*”; [Трамп:2025]. Кызыгы бул жерде фраза will be a *peacemaker* мурунку сөз айкаштарына карама-каршы келет, анткени ал дипломатиялык мамилени чагылдырат. Мында Трамп ар кандай жаңжалдарды токтотуу жөндөмдүүлүгү аркылуу тынчтыкка жетише тургандыгын белгилейт, Демек, ал өзүн согуштарды жеңе алган, бирок тынчтыкты сактаган лидердин имиджин жаратат.

- “*We will not be conquered. We will not be intimidated”;* [Трамп:2025]. Бул чечкиндүүлүккө негизделген күчтүү коргонуу метафорасы, "not be conquered" жана "*not be intimidated*" деген сөздөр чыдамдуулуктун жана туруктуулуктун имиджин бекемдеп, Трамп Кошмо Штаттары эч кандай тышкы коркунучтарга же ички чакырыктарга алдырбай турганын баса белгиледи.

- *"Win like never before"* [Трамп:2025]. Бул жерде жеңиштин аскердик метафорасы колдонулат, бирок ал учурдун өзгөчөлүгүнө басым жасоо менен күчөтүлгөн тарыхый мааниси аркылуу өзгөчөлөнө турган жеңиштин образын түзүүгө умтулат. Трамп өзүнүн өзгөчөлүгү жана жетекчилиги астында өлкө буга чейин болуп көрбөгөн ийгиликтерге жетишет деп аудиторияга ишеним сезимин жаратат. Бул колдоочуларды мобилизациялоого, биримдик сезимин жана кыйынчылыктарды жеңүүгө чечкиндүүлүктү чыңдоого жардам берет.

Мындай метафоралар саясаттын айкын оппоненттери бар жана жыйынтыгы жеңиш же жеңилүү болгон согуш талаасы катары идеяны билдирет.

*3) Кыймылдын жана багыттын мейкиндик метафоралары*

Кепте кеңири таралган метафоралык топторунун дагы бир маанилүүсү багыттын мейкиндик кыймылы менен байланышкан, бул темада Трамп көптөгөн метафораларды колдонот.

- *"From this day forward, our country will flourish"* - "Ушул күндөн баштап өлкөбүз гүлдөйт". - Бул метафорада да Трамп өлкөнүн гүлдөп-өсүшүнүн жаңы доорунун башталышына басым жасайт, бул өзгөрүү учуру, эскинин өтүп кеткенин жана жаңы, ийгиликтүү нерсенин башталып жатканын билдирет, “*flourish”* - өнүгүү, өсүү, ийгилик деген маанини берет.

- “*America's decline is over*” – “Американын төмөндөшү бүттү” [Трамп:2025]. Бул сөз Америка үчүн төмөндөө доору бүттү деген ырастоо катары кызмат кылат, бул жерде бул процесс аяктаганын, өлкө акыры кризистен же оор мезгилден чыгып жатканын билдирет.

- "*moving forward with purpose and speed*", "*we will push onward, march forward and let no obstacle defeat*" [Трамп:2025]. Максат, ниет жана ылдамдык менен *алдыга умтулуу, тоскоолдуктардан коркпогон жана аларды жеңген, келечекке болгон кыймылды* билдирген бул метафоралар АКШны тез жана чечкиндүү алга карай кадам жасай турган улуу өлкө катары көрсөтөт.

- "national success. A tide of change is sweeping" [Трамп:2025]. Бул метафораларда Трамп "tide" метафорасын колдонуу менен алдыда сөзсүз чоң өзгөрүүлөр болоорун, ийгиликтер жараларын белгилөө аркылуу аудиторияга бийик жакшылыктардын күчтүү сезимин жаратат.

Бул метафоралар саясий процессти мейкиндиктеги физикалык кыймыл катары элестетет, мында “алга” прогресс менен жана “артка” регрессия менен байланышкан. Трамптын бул метафораларды колдонуусу анын келечекке болгон оптимисттиккөз караштагы Американы кризистен тез чыгара турган, энергиялуу, чечкиндүүлүк менен алдыга жылууга даяр лидер катары көрсөтөт.

*4) "Жарык" / "караңгылык" метафоралары*

"Жарык" менен "караңгылык" метафоралары негизинен оң – бул жакшылык, ал эми терс – бул жамандыктын же коркунучту билдирет, демек, булар карама-каршылыкты түзүү жана өзгөрүү, прогресс жана үмүт билдирүүлөрүн бекемдөө үчүн колдонулат.

Трамп өзгөрүүлөрдү баса белгилөө үчүн жарык менен көлөкөнүн контрасттарын колдонот:

- "*Sunlight is pouring over the entire world", "bring back hope"* [Трамп:2025]. Бул метафорада күн нурунун образы позитивдүүлүктүн, айкындуулуктун жана жаңы башталыштын символу катары колдонулат. "Sunlight" бул агартуунун, чындыктын, тазалыктын, бейпилдиктин жана айыгуунун символу катары сүрөттөлүшү мүмкүн. *Жарык* жана *караңгы* метафораларды колдонуу Трампка өзгөрүүлөрдүн баянын түзүүгө мүмкүндүк берет, анын кебин кызыктуу жана табышмактуу кылат. Ошондой эле бул метафоралар угармандарга же аудиторияга үмүт жана оптимизм сезимин жаратат. "*Sunlight"* жакшылыктын жана калыбына келүүнүн символу болсо, *"bring back hope* сөз айкашы шыктандыруучу элементти алып келет, жакшы келечекке үмүттү жана ишенимди бекемдейт.

5) Куруу жана кайра жаратуу метафоралары

Трамптын инаугурациялык кебинде куруу жана кайра жаратуу маанисин чагылдырган метафоралар да аз эмес, мисалы:

- "Rebuild the nation that we love", "The pillars of our society lay broken and seemingly in complete disrepair"? "We will build automobiles in America again" [Трамп:2025], - Трамптын куруу жана кайра жаратуу метафоралары анын саясий риторикасын жана Американын күч-кубатына жана улуулугуна кайтып келүү каалоосун активдүү чагылдырат.

- "Rebuild the nation that we love" метафорасы калыбына келтирүү, кайра жаралуу идеясын билдирет. Трамп мурдагы күчүн жана улуулугун жоготкон, талкаланган же эскирген деп эсептеген өлкөнү, объектилерди, авто өнөр жайларды калыбына келтирүү зарылчылыгы жөнүндө айтат, ал эми "*raised up the skyscrapers*" сөзү метафоралык аспекте улуулукту жана прогрессти билдирет. Асман тиреген имараттар амбицияны, өсүштү жана гүлдөп-өнүгүүнү символдоштурат. Америка экономикасынын негизи болгон өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөрүн калыбына келтирип, ошону менен жумуш орундарын кайтаруу керектигин баса белгилейт. Бул метафоралар жоголгон абийирдүүлүктү жана амбицияларды калыбына келтирүүгө кайра курууга жана улуу нерселерди калыбына келтирүүгө жөндөмдүү активдүү, максатка умтулган, амбициялуу лидердин образын түзөт.

6) Боштондук метафоралары

- Боштондуктун метафорасы бул мисалдардан өзгөчө айкын көрүнүп турат, мисалы:

- *"For American citizens, Jan. 20, 2025, is* ***Liberation Day****", "as we* ***liberate*** *our nation"* [Трамп:2025]. - Бул метафора мурунку бийлик учурундагы "туткун" кырдаалынан 2025 жылдын 20 январь күнү боштондукка чыгып жатканын билдирет. Бул жөн гана көйгөйлөрдү "оңдоо" процесси эмес, тескерисинче, өлкөнү туткунда кармап турган же анын гүлдөшүнө тоскоол болгон нерселерден "боштондукка чыгаруу" болуп эсептелет. Мындай метафоралар бүт америка жарандарынын мекенчилдик сезимдерин козгойт. Трамп бул метафоралар аркылуу адилетсиздиктен, коркунучтуу делген күчтөрдөн, түзүмдөрдөн арылуу, тазалануу версиясын сунуштайт.

*7. Ден соолук/организм метафоралары*

Трамп өлкөнү тирүү организм катары элестетет, мисалы:

- "heal our sick and take care of our elderly", "end the chronic disease epidemic" [Трамп:2025]. – Трамп бул метафораларды колдонуу аркылуу социалдык көйгөйлөрдү

“айыктырууга” муктаж оорулар катары, ал эми өкмөттү бейтаптарына кам көрүүгө, ошондой эле өлкөнүн узак мөөнөттүү көйгөйлөрүн өнөкөт оорулар катары белгилеп, алардын олуттуулугун жана радикалдуу “дарылоонун” зарылдыгын баса белгилеген.
- “*lifeblood of a great nation*” [Трамп:2025]. Мында ал улуу элдин күчү анын эң маанилүү ресурстары жана баалуулуктарында, ансыз өлкө жашай албайт деген идеясын денени азыктандырган кандын образына салыштырат. Демек, мындай медициналык метафораларды колдонуу менен Трамп өзүн өлкөнү айыктыра турган “дарыгер” катары көрсөтүүдө.

*8) Табигый ресурстардын метафоралары*

Табияттын метафоралары масштабдуу өзгөрүүлөрдү сүрөттөө үчүн колдонулат. Алар коомдук-саясий процесстерди табигый, күтүлбөгөн көрүнүш катары көрсөтөт.
- "*drill, baby, drill*" - Бул метафора табигый күчтөрдүн чыгышы катары энергия алууну билдирет. “*baby”* сөзүнүн колдонулушу ураанды эмоционалдуу жана эсте каларлык кылат, ал эми “*drill*” кайталанып, ресурстарды казууга болгон туруктуулукту жана каалоону баса белгилейт.
- “*liquid gold under our feet*” (мунай тууралуу) [Трамп:2025]. - Метафорасынла мунай алтынга салыштырылып, анын эбегейсиз баалуулугун баса белгилейт, бул байлыктын жеткиликтуулугу жана ал элге таандык деген сезимди жаратат. Бул казып алуу жана колдонуу, талыкпай иштөө зарылдык идеясын бекемдейт.

*9) Саякат/чалгындоо метафоралары*

Маанилүү орунду жаңы аймактарды өнүктүрүү менен байланышкан метафоралар ээлейт. Мындай метафоралар америкалык чек ара жана жаңы аймактарды кайра алуу деген жалпы темага бириктирилет. Трамп Батыштын өнүгүүсүнүн тарыхый образдарын *(“spirit of the frontier*”, "*manifest destiny*”, “*pushed through rugged land*”, “*pioneered”*) [Трамп:2025] колдонуп, АКШнын тарыхый экспансиясы менен азыркы амбициялардын ортосунда параллелди түзүп, аларды азыркы учурга проектирлейт. Ал америкалыктарды пионерлердин мамлекети катары көрсөтөт, алар үчүн кыйынчылыктарды жеңүү жана жаңы горизонтторду изилдөө (азыркы космос) улуттук мүнөздүн бир жагы катары берилет.

*10. Үй-бүлө жана биримдиктин метафоралары*

Трамп улуттук биримдикти сүрөттөө үчүн үй-бүлө метафорасын колдонот, мисалы:

“We are one people, one family and one glorious nation under God” метафорасы жөн эле тааныш “улут-үй-бүлө” [Трамп:2025] образын билдирбестен, дээрлик диний-патриархалдык түзүлүштү жаратат. “One people, one family... under God” [Трамп:2025] сөз айкаштары ачык-айкын иерархияны көрсөтөт: Кудай → улут-үй-бүлө → адамдар, бул жогорку күчтүн жаратканы, орто кылымдардагы болумуш чынжырын эске салган түшүнүк.

Айрыкча, “*national unity is now returning to America”* [Трамп:2025] деген сөздүн кандайча өткөндөгү биримдиктин кандайдыр бир «алтын доорун» туюндурганы кызыктай туюлат. Бул миф сыяктуу ой, аны кайра калыбына келтириш керек деген идеяны колдонот. Трамп өзүн “үй-бүлөнү” идеалдашкан мурунку гармония абалына кайтара турган “калыбына келтирүүчү АТА” катары көрсөтөт.

Бул контекстте “биримдик” саясий биримдик катары эле эмес, анын бузулушу үй-бүлөлүк келишпестикке, ал тургай диний ишенимден баш тартууга теңелген дээрлик ыйык мамлекет катары көргүнөт. Бул метафора үй-бүлөлүк мамилелердин эмоционалдык байланыштарын улуттук деңгээлге өткөрөт.

**Изилдөөнүн натыйжалары.** Дональд Трамптын риторикасына, тактап айтканда, 2025-жылдагы инаугурация сөзүнө жүргүзүлгөн талдоонун жүрүшүндө саясий идентификацияны калыптандырууда, коомдук пикирди манипуляциялоодо жана идеологияны калыптандырууда негизги ролду ойногон көптөгөн метафоралар

колдонулганы аныкталган. Маани түзүүнүн негизги каражаты катары метафоралар Трамп тарабынан аудиториянын эмоционалдык реакциясын туудурган жана анын саясий платформасын бекемдеген образдарды түзүү үчүн активдүү колдонулат.

Ошентип, Трамптын 2025-жылдагы инаугурациясындагы метафоралык моделдер бир нече негизги түшүнүктөрдүн негизинде дүйнөнүн татаал сүрөтүн түзөт:
- “Жаман” өткөндөн кутулуу
- Американын өзгөчөлүгүнө кайтуу
- "Алтын доорго" кадам таштоо
- Тышкы жана ички оппоненттерге каршы күрөш
- Элди калыбына келтирүү жана кайра куруу

Бул метафоралык моделдер кепти коооздоп гана тим болбостон, колдоочуларды мобилизациялоого жана саясий багытты мыйзамдаштырууга багытталган бирдиктүү идеологиялык конструкцияны да түзөт. Өзгөчө кызыктуусу, метафоралар көбүнчө америкалык иденттүүлүктүн тарыхый архетиптерине (чек ара, пионер, ачык тагдыр) кайрылып, тарыхый тамырларга кайтуу сезимин жаратат.

Анын тилдик жана маанилик эволюциясын төмөндөгүдөй белгилесек болот:
1. “Алтын доордун” метафорасы

Трамптын сөзүндөгү эң көрүнүктүү метафоралардын бири – “*our golden age has just begun*” ал өнүккөн өлкөнүн имиджин түзүүгө гана эмес, даңктуу өткөнгө кайтуу идеясын бекемдейт.
2. Аскердик метафоралар 2021-жылга салыштырмалуу байкаларлык көбөйдү:
- “challenges... will be annihilated”.
- “We will not be conquered. We will not be intimidated”.
- жеңүү “win, defeat” лексикасы көп колдонулат.
3. Кыймылдын мейкиндик метафоралары саясий процесстин динамикалык сүрөтүн түзөт:
- “From this day forward”.
- “America's decline is over”.
- “a tide of change is sweeping the country”.
4. Боштондуктун метафорасы инаугуралдык риторика үчүн өзгөчө күчтүү жана жаңы:
- “For American citizens, Jan. 20, 2025, is Liberation Day”
- “... as we liberate our nation”
5. Курулуш жана реставрациялоонун метафоралары Американын күчтүүлүгүн жана кайра жаралууга жөндөмдүүлүк идеясын баса белгилейт.
- "Rebuild the nation that we love".
- “We will build automobiles ...”.

Ал эми башка метафоралары бул моделдеги метафоралардын идеяларын толуктап, жаңылап жана өнүктүрүп турат.

Трамптын бул кебиндеги метафоралары башка кептердеги метафорадарга караганда бир кыйла көзгө көрүнөөрлүк эволюцияга ээ: эгерде 2021-жылы жыйынтыктоочу коргонуу метафораларын эске түшүрсөк "as we liberate our nation") [Трамп:2021] үстөмдүк кылса, 2025-жылы кайра жаралуу менен боштондуктун чабуул коюучу метафоралары артыкчылыкка ээ. “We will be back in some form” (2021) метафорасынын "“*our golden age has just begun*” – Американын алтын доору дал азыр башталат" (2025) болуп өзгөрүшү өзгөчө көңүл бура турган нерсе – бул келечектен азыркыга чейинки убакыт перспективасынын өзгөрүшүн көрсөтөт.

Дональд Трамптын риторикасындагы метафораларды изилдөө менен анын лингвистикалык каражаттарды жигердүү пайдалангандыгын, коомдук кабылдоолорго таасир этүү жана анын саясий программасынынын реалдуулугун, маанилүүгүн белгилөөгө болгон аракеттерин көрө алабыз.

**Корутунду.** Трамптын сөзүндөгү метафоралар мекенчилдикти бекемдөөдөн баштап, күчтүү, чечкиндүү улуттун образын түзүүгө чейин ар түрдүү максаттарды көздөйт. Ар бир метафора эмоционалдык деңгээлде гана иштебестен, анын саясий программасын оптимисттик, түз, жөнөкөй, жеткиликтүү жана шыктандыруучу сөздөр менен түшүндүрүүгө жардам берет. Трамптын миссиясы өлкөнүн улуулугун кайра жаратуу, “акыл-эске” кайтуу жана адилеттүүлүктү калыбына келтирүүнү баса белгилеген миссия, бул өз кезегинде анын куткаруучу жана Американын алдында турган чакырыктарды чечүүгө жөндөмдүү күчтүү лидер катары образын бекемдейт. Мындай метафоралар ошондой эле аудиторияны эмоционалдык жактан тартууга жардам берип, аларды иш-аракетке, колдоого жана анын саясатынын ийгилигине ишенүүгө түрткү берет.

**Адабияттар:**

1. Блэк М. Метафора Теория метафоры [Текст] / Отв. ред. Н.Д. Арутюнова. //– М.: Изд-во «Прогресс», 1990. – С. 156.
2. Гальперин И.Р. Очерки по стилистике английского языка. [Текст] // Москва: Литературы на иностранных языках. – 1958, с. 125.
3. Дэвидсон Д. Что означают метафоры [Текст] / Теория метафоры // Отв. ред. Н.Д. Арутюнова. – М.: Изд-во «Прогресс», 1990. – С.174.
4. Кунин А.В. Курс фразеологии современного английского языка: [Текст] // Учеб. для ин-тов и фак. иностр. яз. 2-е изд. Москва: Феникс. 1966.
5. Лакофф Д. Метафоры, которыми мы живем: Пер. с англ. [Текст] / Джонсон Марк // М.: – Едиториал УРСС, 2004. – 256 с. ISBN 5-354-00222-2
6. Ницше Ф. По ту сторону добра и зла. [Текст] // Кн. 2. – Итало-советское изд-во СИРИН, 1990. – С. 390.
7. Смирнова М. А. Понятие «метафора» и подходы к ее изучению // Филология и литературоведение. 2014. № 9 [Электронный ресурс]. URL: https:// philology. snauka.ru/2014/09/960 (дата обращения: 24.02.2025).
8. Фамина Т. В. 2018. Лексикология английского языка: курс лекций. [Текст] / Н. В. Фамина // Москва: - 2018. С. 47, МАДУ.
9. Lakoff J. Metaphors We Live By. – [Text] // M.: LKI publishing house, 1990. - 387 p.
10. Lakoff G., Johnson M. Metaphors We Live By. Chicago, 2008
11. The full text of Trump's inauguration speech, 20.01. 2025 [Text] // Washington. – Mode of access: https://www.cbsnews.com/news/transcript-trump-inauguration-speech-2025/ (Date of access 15.02.2025).
12. Donald Trump’s final speech as president: 20.01.2021.Full transcript. [Text] // Mode of access: https://www.aljazeera.com/news/2021/1/20/trumps-final-speech-as-president-full-transcript/ (Date of access 20.02.2025).

---

УДК 81

Сатыбалдиева Чинара Гайбиллаевна, преподаватель,
Шерматова Айжаныл Митаевна, доцент ОшТУ,
Алимжан кызы Жаркынгул, преподаватель,
Ошский технологический университет
E-mail: ms.sunny.chinara@mail.ru

## НАЦИОНАЛЬНО-КУЛЬТУРНАЯ СПЕЦИФИКА ВЫРАЖЕНИЯ ОТРИЦАТЕЛЬНЫХ ЭМОЦИИ В КЫРГЫЗСКИХ И АНГЛИЙСКИХ ЛИНГВОКУЛЬТУРАХ

*В данной статье рассматриваются особенности кыргызской и английской лингвокультур, их сходства и различия, а также их влияние на формирование идентичности носителей языка. В кыргызской культуре выражение отрицательных эмоций, таких как гнев, печаль и страх, часто тесно связано с традиционными ценностями и устоями. Кыргызский язык богат метафорами и идиоматическими выражениями, которые отражают как культурные нормы, так и исторический контекст народа.*

*Ключевые слова: лингвокультура, мировоззрение, диалект, эмоция, традиция*

Сатыбалдиева Чинара Гайбиллаевна, ага окутуучу,
Шерматова Айжаныл Митаевна, ОшТУнун доценти,
Алимжан кызы Жаркынгул, окутуучу,
Ош технологиялык университети

## “КЫРГЫЗ ЖАНА АНГЛИС ТИЛ МАДАНИЯТТАРЫНДАГЫ ТЕРС ЭМОЦИЯЛАРДЫ КӨРСӨТҮҮНҮН УЛУТТУК- МАДАНИЙ ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

*Бул макалада кыргыз жана англис тил маданиятынын өзгөчөлүктөрү, алардын окшоштуктары жана айырмачылыктары, ошондой эле эне тилинде сүйлөгөндөрдүн инсандыгын калыптандырууга тийгизген таасири каралат. Кыргыз маданиятында ачуулануу, кайгыруу, коркуу сыяктуу терс эмоциялардын көрүнүшү көбүнчө салттуу баалуулуктар жана ишенимдер менен тыгыз байланышта.*

*Негизги сөздөр:* тил маданияты, дүйнө таанымы ,диалект, эмоция, салт.

Satybaldieva Chinara Gaibillaevna, senior teacher,
Shermatova Aijangyl Mitaevna, docent of OshTU,
Alimjan kyzy Jarkyngul, teacher,
Osh Technological University

## NATIONAL AND CULTURAL SPECIFICITY OF THE EXPRESSION OF NEGATIVE EMOTIONS IN KYRGYZ AND ENGLISH LINGUISTIC CULTURES

*This article examines the features of the Kyrgyz and English linguistic cultures, their similarities and differences, as well as their influence on the formation of the identity of native speakers. In Kyrgyz culture, the expression of negative emotions such as anger, sadness and fear are often closely associated with traditional values and beliefs. The Kyrgyz language is rich in metaphors and idiomatic expressions that reflect both cultural norms and the historical context of the people.*

*Key words*: language culture, worldview, dialect, emotions, tradition.

**Введение**. Каждая лингвокультура уникальна, отражая особенности менталитета, исторического развития и социальных установок народа. Кыргызская лингвокультура глубоко укоренена в традициях и истории кочевого образа жизни. Она богата символикой, пословицами и поговорками, отражающими философию и мировоззрение кыргызского народа. *Традиции и обычаи.* Важную роль в кыргызской культуре играют традиционные обычаи и обряды, которые находят свое отражение в языке. Например,

понятие “кыргыз той” (праздник) включает в себя целый комплекс традиционных ритуалов и обычаев, связанных с проведением торжественных мероприятий.

*Образность и метафоричность.* Кыргызский язык богат метафорами и образными выражениями. Например, фраза "Атанын куйругун кесип тур" (режь хвост у отца) имеет глубокий символический смысл, выражающий необходимость отстаивания своей независимости и ответственности. [2] *Влияние кочевого образа жизни.* Кочевой образ жизни оказал значительное влияние на формирование кыргызской лингвокультуры. Многие выражения и понятия связаны с природой, животными и кочевыми традициями. Например, выражение "жердик эл" (народ земли) подчеркивает связь кыргызов с природой и землей. *Английская лингвокультура* отличается своим многообразием и эволюционным развитием на протяжении веков. В ней прослеживаются как влияние древних традиций, так и современные тенденции.[5]

*Многообразие диалектов.* Английский язык известен своим многообразием диалектов и акцентов, что отражает культурное и этническое разнообразие англоговорящих стран. Например, британский английский существенно отличается от американского, австралийского и других вариантов языка. Английская культура обладает богатым литературным наследием, включающим произведения таких авторов, как Уильям Шекспир, Чарльз Диккенс и Джейн Остин. Литература играет важную роль в формировании культурных норм и ценностей, находя отражение в языке.[8]

Современная английская культура активно взаимодействует с глобальными процессами и технологиями. Новые слова и выражения быстро входят в обиход, отражая изменения в обществе и технике. Например, такие слова, как "selfie" и "emoji", стали неотъемлемой частью современного английского языка.

*Цель исследования*. Кыргызская и английская лингвокультуры имеют свои уникальные особенности, отражающие историческое развитие и культурные ценности каждого народа. В то время как кыргызская культура делает акцент на традициях и образности, английская культура проявляется через многообразие и эволюционное развитие. Обе лингвокультуры богаты и интересны для изучения, и понимание их особенностей способствует более глубокому взаимопониманию между народами и улучшению межкультурной коммуникации.[4]

**Обьекты и методы исследования.** Изучение национально-культурной специфики выражения эмоций и культурных норм в различных лингвокультурах позволяет лучше понять мировоззрение и идентичность народов. Кыргызская и английская лингвокультуры предоставляют богатый материал для исследования, раскрывая уникальные аспекты человеческой коммуникации и культурного взаимодействия

Эмоции играют ключевую роль в человеческом общении, и способы их выражения значительно различаются в зависимости от культурных и национальных особенностей. Исследование этого явления позволяет понять более глубокие аспекты межкультурного взаимодействия и различий. [3]

*Кыргызская лингвокультура*

*Гнев:* В кыргызской культуре гнев может выражаться через пословицы и поговорки, которые подчеркивают важность сдержанности и самоконтроля. Например, выражение "ашкере катыгайды, акыры айып артады" (черезмерный гнев приносит стыд) показывает важность избегания излишнего гнева.

*Печаль*: Печаль и грусть часто выражаются через лирическую поэзию и песни, что помогает людям справляться с трудностями и сохранять психологическое равновесие. К примеру, "кой деп мактанба, көй деп даттанба" (не хвались успехом, не жалуйся на беды) иллюстрирует философское отношение к жизненным взлетам и падениям.

*Страх:* Страх выражается через образы и символы, которые глубоко укоренены в народной мифологии и устных традициях.[2]

Английская лингвокультура. В английской культуре выражение отрицательных эмоций часто отличается большей открытостью и прямотой, что также находит отражение в языке.

Английский язык использует широкий спектр слов и выражений для описания различных оттенков гнева, от лёгкой досады до ярости. Примером могут служить фразеологизмы "seeing red" (видеть красное, т.е. испытывать сильный гнев) и "blow a fuse" (выйти из себя). В английской культуре выражение печали часто сопровождается детальным описанием эмоциональных состояний. Выражения типа "heartbroken" (разбитое сердце) и "down in the dumps" (в депрессии) хорошо иллюстрируют это.[3]

Страх в английском языке также имеет множество форм выражения, от легкого беспокойства ("anxious") до сильного ужаса ("terrified").

**Результат исследования.** Различия в выражении отрицательных эмоций в кыргызской и английской лингвокультурах подчеркивают культурные особенности каждого народа. В то время как кыргызская культура делает акцент на сдержанности и традициях, английская культура склоняется к более открытому и подробному выражению чувств. Это знание помогает лучше понять специфику межкультурной коммуникации и может быть полезным при изучении иностранных языков и культур.

Надеюсь, этот краткий обзор будет полезен для вашей статьи! Если нужно больше информации или конкретные примеры, дайте знать.

Эмоции играют ключевую роль в человеческом общении, определяя многие аспекты нашей жизни. Выражение эмоций зависит от культурных и национальных особенностей, что делает эту тему особенно интересной для исследования. В этой статье мы рассмотрим особенности выражения отрицательных эмоций в кыргызских и английских лингвокультурах, подчеркивая различия и сходства.

*Кыргызская лингвокультура.* В кыргызской культуре выражение отрицательных эмоций часто тесно связано с традиционными ценностями и устоями. Кыргызский язык богат метафорами и идиоматическими выражениями, которые отражают культурные нормы и исторический контекст народа. Различия в выражении отрицательных эмоций в кыргызской и английской лингвокультурах подчеркивают культурные особенности каждого народа. В то время как кыргызская культура делает акцент на сдержанности и традициях, английская культура склоняется к более открытому и подробному выражению чувств.[9]

Обе культуры имеют свои уникальные способы справляться с отрицательными эмоциями, будь то через искусство, литературу или общественные нормы. Понимание этих различий помогает улучшить межкультурную коммуникацию и способствует более глубокому взаимопониманию между народами.

**Выводы.** Исследование национально-культурной специфики выражения отрицательных эмоций является важным для понимания не только языковых особенностей, но и культурных контекстов, в которых эти эмоции проявляются. Кыргызская и английская лингвокультуры предоставляют богатый материал для изучения, который позволяет лучше понять, как эмоции влияют на коммуникацию и межличностные отношения.

- *Различия в выражении отрицательных эмоций:* В кыргызской культуре часто проявляется большая сдержанность в выражении отрицательных эмоций из-за традиционных и социально-культурных норм. В английской культуре, наоборот, существует большая свобода выражения чувств, что может быть связано с большей индивидуалистичностью общества.
- *Языковые средства выражения*: В кыргызском языке существует множество выражений и метафор, связанных с природой и окружающей средой, которые используются для описания эмоций. В английском языке часто используются более

абстрактные и прямолинейные выражения. Например, в кыргызском языке можно услышать такие метафоры, как "буря в душе", тогда как в английском могут использоваться фразы вроде "I feel upset".

• *Влияние социальных норм*: В кыргызском обществе важно сохранять гармонию и не нарушать мир в сообществе, что приводит к более завуалированным и непрямым способам выражения недовольства или гнева. В английской культуре больше ценится прямолинейность и честность, что отражается в более прямом выражении негативных чувств.

• *Эмпатия и социальные взаимоотношения*: В кыргызской культуре большое значение придается коллективизму и поддержанию тесных семейных и общинных связей, что также влияет на способы выражения эмоций. В английской культуре, хотя также ценятся семейные связи, больше акцентируется внимание на личных границах и индивидуальных правах, что может приводить к различиям в выражении и восприятии отрицательных эмоций.

• *Кросс-культурная коммуникация*: Понимание этих различий важно для эффективного межкультурного общения. Непонимание культурных особенностей может привести к недопониманию и конфликтам.

**Литература:**


1.. Ахматова Ж. А. "Кыргыз тилинин грамматикасы" [Текст] // 2003- стр.12-19
2. Байымбетова Г. М "Кыргыз адабияты: теория жана методология" –[Текст] // 2018- стр.10-15
3. Б.М. Юнусалиев "Кыргыз эпостору" // 2005- [Текст] стр.22-39
4. David Crystal. "The Cambridge Encyclopedia of the English Language" – [Текст] -2015- стр.50-65
5. Matthew Flinders, Andrew Gamble. "The Oxford Handbook of British Politics" - [Текст]-2018- стр.78-80
6. Mike Storry, Peter Childs. "British Cultural Identities" – [Текст] // 2011- стр.104-122
7. Peter Anderson Cross-Cultural Communication: Theory and Practice" – // 2018 стр.23-34
8. Zdenek Salzmann "Language, Culture, and Society: An Introduction to Linguistic Anthropology" // -2008, стр.54-67
9 Anna Wierzbicka.."Emotions across Languages and Cultures: Diversity and Universals" //-2010, стр.90-102


---

УДК. 811.111.


Turgunbayeva Kanymzhan Turdumamatovna, docent,
ORCID 0009-0006-7296-6076
Kudaiberdieva Arzikan Iskandarovna, senior lecturer,
Department of Computational Linguistics,
Osh University of Technology


## THE EFFECTIVENESS OF THE STRATEGY OF METHODS AND TECHNIQUES IN TEACHING ENGLISH


*This article describes current research and new developments in effective teaching. There are different strategies, methods and techniques which make the teaching learning more effective the rules and guidance provided by pedagogy helps in achieving the aims, goals and objectives of education. Analyzing research shows that teacher effectiveness including academic learning time, structure, higher and lower level questions, waiting time and other approaches enhance student achievement.*

Key words: *academic structure, pedagogical cycle, motivation, transition, problem solving, acceptance, remediation, feedback.*

Тургунбаева Канымжан Турдумаматовна, доцент,
Кудайбердиева Арзикан Искандаровна, ст. преподаватель,
кафедра Компьютерная лингвистика,
Ошский технологический университет,

**ЭФФЕКТИВНОСТЬ СТРАТЕГИИ МЕТОДОВ И ПРИЕМОВ В ПРЕПОДАВАНИИ АНГЛИЙСКОГО ЯЗЫКА**

*В этой статье описываются текущие исследования и новые разработки в области эффективного обучения. Существуют различные стратегии, методы и приемы, которые делают обучение более эффективным, правила и рекомендации педагогики помогают в достижении целей и задач образования. Анализ исследований показывает, что эффективность преподавателя, включая академическое время обучения, структуру, вопросы более высокого и более низкого уровня, время ожидания и другие подходы, повышает успеваемость учащихся.*

*Ключевые слова: академическая структура, педагогический цикл, мотивация, переход, решение проблем, принятие, исправление, обратная связь.*

Тургунбаева Канымжан Турдумаматовна, доцент,
Кудайбердиева Арзикан Искандаровна, ага окутуучу,
Компьютердик лингвистика кафедрасы,
Ош технологиялык университети

**АНГЛИС ТИЛИН ОКУТУУДА СТРАТЕГИЯЛЫК ЫКМАЛАРДЫН ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ**

*Бул макалада окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуудагы болуп жаткан изилдөөлөр жана иштелмелер баяндалат. Окутуунун ыкмаларынын эффективдүүлүгүн жогорулатуучу түрдүү стратегиялар, ыкмалар бар. Алар билим берүүдө окутуучуларга койгон максаттарына жетүүгө жардам берет. Илимий изилдөөлөр көрсөткөндөй окутуучунун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу академиялык окуу процессинде жөнөкөй жана татаал суроолорду колдонуу, кутуу убактысы ж.б. ыкмалар студенттердин билим алуусун, кызыгуусун жогорулатат.*

*Негизги сөздөр: академиялык структура, педагогикалык цикл, мотивация, өтүү, көйгөлөрдү чечүү, кабыл алуу, ондоо, кайтарым байланыш;*

**Introduction** A significant responsibility of the teachers is to develop their students' skills in managing reading and speaking not only in subject English but across the discipline areas such as science, history and geography; the teaching and learning cycle provides a principled pedagogic approach to support this learning. Teaching programs could be very effective when one took care of the students in all respects.

By all respects their mental, physical and emotional states that are very crucial in making them interested in learning and understanding various techniques that would make them possibly good and effective teachers in future. Pedagogy conceptual model is developed around two fundamental and interrelated concepts, learning performance and learning environment, with in this holistic approach to learning, integration of pedagogy and

technology is highlighted [2]. Another important term used for teaching is teaching in the way of pedagogical cycle. Teachers may choose to use the cycle to assist students to learn to focus on given topic and open their thoughts freely.

*Purpose* The teaching in effective learning styles incorporates high impact teaching strategies. The individual approach; differentiated teaching; modelled/worked examples; answering/questioning; waiting time involve the students that they are able to be motivated and practice their skills. Each phase of the cycle allows the teacher to provide clear academic feedback. This intentional focus on scaffolding students through the different phases of the cycle allows teachers to develop students' learning skills according to content and over time. With a particular purpose and audience in mind, students build their understanding of academic language.

